КЫРГЫЗ БАНКЫ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ 2019

## ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТ

Бишкек-2020

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2019-жыл үчүн жылдык отчету**

Улуттук банктын 2019-жыл үчүн отчету Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-декабрындагы №206 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамынын 54 жана 55-беренелерине ылайык даярдалган.

Жылдык отчет Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 24-мартындагы №2020-П-10/15-1-(ВД) токтому менен бекитилген.

Улуттук банктын 2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн консолидацияланган финансылык отчету Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 9-апрелиндеги №2020-П-15/21-2-(ВД) токтому менен бекитилген.

Улуттук банктын 2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн өзүнчө финансылык отчету Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 9-апрелиндеги №2020-П-15/21-3-(ВД) токтому менен бекитилген.


**Редакциялык кеңеш:**

| | |
|---|---|
| Төрага | Жениш Н. |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Айбалаева А.М. |
| | Сыдыков А.К. |
| | Айдарова А.К. |
| | Акулуева М.Ш. |
| | Алыбаева С.К. |
| | Карабаева А.М. |
| | Каракожаев А.М. |
| | Султанкулов И.Дж. |
| Жооптуу катчы | Сырдыбаева Н.М. |


Сандардын тегеректелишинен улам, акыркы катарда чагылдырылган суммалар дал келбей калышы мүмкүн.


Басылманы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксаты менен гана кайра басууга жол берилет, ал эми шилтеме келтирүүдө булагын милдеттүү түрдө көрсөтүү талап кылынат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2020-жыл



Басылманын мазмунуна жана аны таркатууга байланыштуу суроолор менен 720001, Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168 дареги боюнча жайгашкан Улуттук банктын Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгынын Басылмалар тобуна кайрылуу зарыл.

Телефон: (+996 312) 61 08 59

электрондук дарек: nsyrdybaeva@nbkr.kg

www.nbkr.kg



Жылдык отчет Улуттук банктын Мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторунун кызматкерлери тарабынан мамлекеттик тилге которулган.
“M-MAXIMA” ЖЧК тарабынан басылып чыгарылган.
Бишкек шаары, К.Тыныстанов атындагы көчө, 197/1
Басып чыгарууга 2020-жылдын 26-апрелинде кол коюлган.
2020-жылдын 30-апрелинде 240 нускада чыгарылган.

# МАЗМУНУ

## IV. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2019-ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ

7-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2019-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ

7.1. Көз карандысыз аудитордун отчету (корутундусу)....8

7.2. 2019-жылдын 31-декабрына карата финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчет....11

7.3. 2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчет....12

7.4. 2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн жыйынды киреше жөнүндө консолидацияланган отчет....13

7.5. 2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн акча каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчет....14

7.6. 2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө консолидацияланган отчет....16

7.7. 2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн консолидацияланган финансылык отчетко карата эскертүүлөр....18

8-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2019-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ

8.1. Көз карандысыз аудитордун отчету (корутундусу)....133

8.2. 2019-жылдын 31-декабрына карата финансылык абал жөнүндө өзүнчө отчет....136

8.3. 2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн пайда же чыгым жөнүндө өзүнчө отчет....137

8.4. 2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн жыйынды киреше жөнүндө өзүнчө отчет....138

8.5. 2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн акча каражаттарынын жылышы жөнүндө өзүнчө отчет....139

8.6. 2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө өзүнчө отчет....141

8.7. 2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн өзүнчө финансылык отчетко карата эскертүүлөр....143

# IV

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2019-ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ

# 7-ГЛАВА. 2019-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТ ЖАНА КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АУДИТОРДУН КОРУТУНДУСУ

## МАЗМУНУ


| | Беттери |
|---|---|
| КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АУДИТОРДУН КОРУТУНДУСУ | 8 |
| 2019-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТ: | |
| Финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчет | 11 |
| Пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчет | 12 |
| Жыйынды киреше жөнүндө консолидацияланган отчет | 13 |
| Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчет | 14 |
| Капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө консолидацияланган отчет | 16 |
| Консолидацияланган финансылык отчетко карата эскертүүлөр | 18 |

## КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АУДИТОРДУН КОРУТУНДУСУ

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасына:

### Ой-пикир

Биз, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (Улуттук банк) жана анын туунду уюмдарынын (Топ) 2019-жылдын 31-декабрына карата финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчеттон, пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчеттон, жыйынды киреше жөнүндө консолидацияланган отчеттон, 2019-жыл ичинде акча каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчеттон жана капиталдагы өзгөрүүлөр тууралуу консолидацияланган отчеттон, ошондой эле эсепке алуу саясатынын негизги жоболору боюнча кыскача баяндаманы кошо алганда, консолидацияланган финансылык отчетко карата эскертүүлөрдөн турган ушул консолидацияланган финансылык отчетко аудит жүргүздүк.

Биздин пикирибиз боюнча тиркелген консолидацияланган финансылык отчетто Топтун 2019-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча консолидацияланган финансылык абалынын бардык олуттуу аспектилери, ошондой эле көрсөтүлгөн жыл ичиндеги консолидацияланган финансылык натыйжалар жана акча каражаттарынын жылышы, консолидацияланган финансылык отчетко карата 2-эскертүүдө чагылдырылган, консолидацияланган финансылык отчетту даярдоо принциптерине ылайык так чагылдырылган.

### Ой-пикирди билдирүү үчүн негиздер

Биз аудитти Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүздүк. Ошол стандарттарга ылайык биздин жоопкерчилик корутундунун *"Консолидацияланган финансылык отчетко аудит жүргүзүү үчүн аудитордун жоопкерчилиги"* бөлүгүндө чагылдырылган. Биз Кыргыз Республикасында консолидацияланган финансылык отчетко аудит жүргүзүүдө колдонулуучу *Бухгалтерлер үчүн эл аралык этика стандарттары боюнча кеңештин Кесипкөй бухгалтерлердин этика кодексине (Кодекс)* жана этика талаптарына ылайык Топко көз каранды эмеспиз. Мындан тышкары, жогоруда аталган талаптарда жана Кодексте белгиленген башка этикалык милдеттер аткарылды. Ошондой эле алынган аудитордук далилдер биздин ой-пикирди билдирүү үчүн жетиштүү жана талаптагыдай деп болжолдойбуз.

### Башка маалыматтар

Жетекчилик башка маалыматтар үчүн жоопкерчиликтүү болот. Башка маалыматта Улуттук банктын 2019-жыл үчүн Жылдык отчетундагы маалымат камтылат, бирок анда финансылык маалымат жана ал тууралуу аудитордук корутунду камтылбайт.

Биздин консолидацияланган финансылык отчет тууралуу пикирибиз башка маалыматка таркатылбайт жана ошол маалымат боюнча кандайдыр бир формадагы ишенимди билдирген тыянакты сунуштабайбыз.

Финансылык отчетко аудит жүргүзүп жаткандыктан, биз башка маалымат менен таанышып чыгууга тийишпиз. Таанышып чыгуу учурунда биз башка маалыматты финансылык отчетко, аудиттин жүрүшүндө ээ болгон билимге дал келбестиктер, ошондой эле олуттуу бурмалоолор жок экендиги көз карашында карайбыз. Жүргүзүлгөн иштин негизинде башка маалымат кыйла бурмаланган деген тыянакка келсек, биз бул тууралуу маалымдоого милдеттүүбүз. Биз корутундуда чагылдырылууга тийиш болгон мындай фактылар аныкталбагандыгын билдиребиз.

**Жетекчиликтин жана корпоративдик башкаруу үчүн, консолидацияланган финансылык отчеттун түзүлүшү үчүн жооптуу адамдардын жоопкерчилиги**

Жетекчилик консолидацияланган финансылык отчетко карата 2-эскертүүдө чагылдырылган, консолидацияланган финансылык отчетту даярдоо принциптерине ылайык консолидацияланган финансылык отчеттун даярдалышы жана анда маалыматтардын так чагылдырылышы, ошондой эле жетекчилик алгылыксыз иш алып баруунун же каталарга жол берүүнүн кесепетинен олуттуу бурмалоолорду камтыбаган консолидацияланган финансылык отчетту даярдоо үчүн зарыл деп эсептеген ички контролдоо системасы үчүн жоопкерчиликтүү болот.

Консолидацияланган финансылык отчетту даярдоодо жетекчилик Топтун өз ишин үзгүлтүксүз улантуусуна, иш үзгүлтүксүздүгүнө тиешелүү маалыматтарды чечмелеп берүүгө жана жол берүүнү колдонуунун укукка жатпаган учурларын эске албаганда, иш үзгүлтүксүздүгүнүн негизинде консолидацияланган финансылык отчетту түзүүгө баа берүү үчүн жоопкерчиликтүү.

Корпоративдик башкаруу үчүн жооптуу адамдар Топтун консолидацияланган финансылык отчетунун даярдалышын көзөмөлдөө үчүн да жооптуу болуп саналат.

**Консолидацияланган финансылык отчетко аудит жүргүзүү үчүн аудитордун жоопкерчилиги**

Биздин максат, консолидацияланган финансылык отчетто алгылыксыз иш-аракеттерден же каталардан улам олуттуу бурмалоолор камтылбагандыгына жеткиликтүү ишенимде болуу жана биздин ой-пикир камтылган аудитордук корутундуну даярдоо болуп саналат. Жеткиликтүү ишеним дегенден улам, толук ишенимде болууну түшүнүү зарыл, бирок ал, Аудит боюнча эл аралык стандарттарга ылайык жүргүзүлгөн аудит дайыма эле олуттуу бурмалоолорду аныктоону гарантиялабайт. Бурмалоолор алгылыксыз иш алып баруунун же каталарга жол берүүнүн натыйжасы болушу мүмкүн жана алар өз-өзүнчө же чогуу караганда пайдалануучулардын консолидацияланган финансылык отчеттун негизинде кабыл алган экономикалык чечимдерине таасирин тийгизиши ыктымалдыгын негиздөө мүмкүн болгон шартта олуттуу катары эсептелинет.

Аудит боюнча эл аралык стандарттарга ылайык жүргүзүлгөн аудиттин алкагында, биз бүтүндөй аудит жүргүзүү мезгили ичинде кесипкөй көз карашка таянабыз жана кесиптик скептицизмди сактайбыз. Мындан тышкары, биз:

- алгылыксыз иш-аракеттердин же каталарга жол берүүнүн кесепетинен консолидацияланган финансылык отчетто олуттуу бурмалоолорду аныктап, тобокелдиктерге баа беребиз; ошол тобокелдиктерге карата аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгып, аларды жүзөгө ашырабыз; ой-пикирибизди билдирүү үчүн негиз болгон жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди алабыз. Алгылыксыз иш-аракеттердин кесепетинен улам олуттуу бурмалоолордун аныкталбай калуу тобокелдиги, катага жол берүүнүн кесепетинен олуттуу бурмалоолорду аныктай албоо тобокелдигине караганда алда-канча жогору болуп саналат, анткени алгылыксыз иш алып барууда келишип алуу, атайлап жасоо, атайлап калтырып кетүү, маалыматтарды бурмаланган түрдө сунуштоо же ички контролдоо системасынан айланып өткөн аракеттерди көрүү сыяктуу жагдайлар камтылышы мүмкүн;
- аудит үчүн маанилүү ички контролдоо түшүнүгүн Топтун ички контролдоо системасынын натыйжалуулугун билдирүү максатында эмес, жагдайларга жооп берген аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгуу максатында алабыз;
- колдонулуп жаткан эсепке алуу саясатынын мүнөзүнө, жетекчилик тарабынан даярдалган маалыматтардын тиешелүү чечмеленишинин негиздүүлүгүнө баа беребиз;
- Топтун жетекчилиги тарабынан иш үзгүлтүксүздүгү боюнча жол берүүнүн укук ченемдүүлүгүнө тиешелүү тыянак чыгарабыз, ал эми алынган аудитордук

далилдердин негизинде Топтун өз ишин үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүнө карата олуттуу шектенүүнү жараткан жагдайларга же шарттарга байланыштуу белгисиздик жагдайы орун алышы же анын жоктугу тууралуу тыянак чыгарабыз. Эгерде олуттуу белгисиздик жагдайы бар деген тыянакка келе турган болсок, биз аудитордук корутундуда консолидацияланган финансылык отчетто маалыматтардын талапка ылайык чечмеленишине көңүл бурдурууга же маалыматты чечмелөөлөр талаптагыдай болбосо, өз пикирибизди модификациялоого тийишпиз. Биздин ой-пикирибиз келечекте орун алышы мүмкүн болгон жагдайлар же шарттар Топтун өз ишин үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүнөн ажырап калышына алып келбеген шартта, аудитордук корутунду чыгарылган күнгө чейин алынган аудитордук далилдерге негизделет;

- бүтүндөй консолидацияланган финансылык отчеттун, анын түзүмүнүн жана маалыматтардын чечмеленишин кошо алганда, анын мазмунунун чагылдырылышына, ошондой эле консолидацияланган финансылык отчетто камтылган операциялардын жана иш жагдайынын так берилишин камсыз кыла алгандай сунушталгандыгына баа беребиз;
- консолидацияланган финансылык отчет тууралуу пикирибизди билдирүү үчүн уюмдардын финансылык маалыматына жана Топтун ишине тиешелүү жетиштүү талапка жооп берген аудитордук далилдерди алабыз. Биз жетекчиликке алуу, контролдоо жана Топто аудит жүргүзүү үчүн жана аудитордук пикирибиз үчүн толугу менен жоопкерчиликтүүбүз.

Биз корпоративдик башкаруу үчүн жоопкерчиликтүү адамдарга пландаштырылган аудит көлөмү жана мөөнөттөрү, ошондой эле аудиттин жүрүшүндө табылган олуттуу проблемалар, анын ичинде ички контролдоо системасынын олуттуу кемчиликтери тууралуу маалымдайбыз.

МАЗМУНУ

________________________

Канышай Садырбекова

«Делойт и Туш» ЖЧКнын
Башкаруучу директору

Кыргыз Республикасынын
квалификациялуу аудитору
Квалификациялык күбөлүк
2012-жылдын 1-июнунда берилген
№0151, сериясы А

________________________

Нурлан Бекенов

Тапшырма боюнча өнөктөш

2020-жылдын 9-апрели
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

## *2019-жылдын 31-декабрына карата финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчет*

*(миң сом)*

| | Эскер-түүлөр | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|---|
| **АКТИВДЕР** | | | |
| Алтын | 6 | 48 833 361 | 32 151 881 |
| Кассадагы, банктардагы жана башка финансылык мекемелердеги каражаттар | 7 | 87 275 244 | 84 648 482 |
| Банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер | 8 | 7 039 925 | 9 136 922 |
| Кардарларга берилген кредиттер | 9 | 4 691 714 | 2 377 037 |
| Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер | 19 | - | 1 254 |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган инвестициялар | 10 | 33 977 002 | 33 843 622 |
| Амортизацияланган наркы боюнча бааланган инвестициялар | 11 | 125 052 | 186 424 |
| Ассоциацияланган уюмдарга инвестициялар | 12 | 885 297 | 185 136 |
| Негизги каражаттар | 13 | 2 103 242 | 2 600 505 |
| Пайдалануу укугу формасындагы активдер | 14 | 278 081 | - |
| Материалдык эмес активдер | | 338 028 | 314 849 |
| Сатуу үчүн каралган узак мөөнөттүү активдер | 15 | 832 781 | 957 679 |
| Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндөгү запас | 16 | 6 728 933 | 322 367 |
| Кийинкиге калтырылган салык активдери | 33 | - | 18 608 |
| Пайда салыгы боюнча алдын ала төлөө | | 93 | 2 057 |
| Башка активдер | 17 | 1 076 247 | 1 123 215 |
| **Жыйынтыгында, активдер** | | **194 185 000** | **167 870 038** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 18 | 106 058 051 | 93 502 438 |
| Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык милдеттенмелер | 19 | 12 480 | 13 322 |
| Банктардын жана башка финансылык мекемелердин каражаттары | 20 | 21 886 229 | 18 728 886 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 21 | 17 033 154 | 12 468 565 |
| Кардарлардын каражаттары | 22 | 3 621 044 | 2 950 284 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 23 | 8 048 501 | 7 942 309 |
| Алынган кредиттер | 24 | - | 171 922 |
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | 25 | 8 146 676 | 8 222 162 |
| Ижара боюнча милдеттенмелер | 14 | 299 335 | - |
| Кийинкиге калтырылган салык милдеттенмелери | 33 | 8 037 | - |
| Башка милдеттенмелер | 26 | 291 461 | 495 083 |
| **Жыйынтыгында, милдеттенмелер** | | **165 404 968** | **144 494 971** |
| **КАПИТАЛ** | | | |
| Уставдык капитал | 27 | 2 000 000 | 2 000 000 |
| Милдеттүү камдар | | 7 476 561 | 7 266 168 |
| Чет өлкө валютасын жана алтынды кайра баалоо боюнча кам | | 17 151 905 | 11 838 087 |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган инвестицияларды кайра баалоо боюнча кам | | 3 553 | 9 375 |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | | 1 984 421 | 2 240 420 |
| **Жыйынтыгында, банк акционерлерине тиешелүү капитал** | | **28 616 440** | **23 354 050** |
| Көзөмөлдөбөгөн катышуу үлүшү | | 163 592 | 21 017 |
| **Жыйынтыгында, капитал** | | **28 780 032** | **23 375 067** |
| **Бардыгы болуп, милдеттенмелер жана капитал** | | **194 185 000** | **167 870 038** |

**Абдыгулов Т. С.**
*Улуттук банктын төрагасы*

2020-жылдын 9-апрели

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

**Алыбаева С. К.**
*Башкы бухгалтер*

2020-жылдын 9-апрели

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

***2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчет***

*(миң сом)*

| | Эскер-түүлөр | 2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2018-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|---|
| Пайыздык кирешелер | 28 | 3 313 451 | 2 603 484 |
| Пайыздык чыгашалар | 28 | (798 531) | (556 319) |
| **Таза пайыздык киреше** | 28 | **2 514 920** | **2 047 165** |
| Комиссиялык кирешелер | | 144 289 | 88 239 |
| Комиссиялык чыгашалар | | (36 412) | (16 448) |
| **Таза комиссиялык киреше** | | **107 877** | **71 791** |
| Пайыз чегерилген активдер боюнча баанын түшүүсүнө камды (түзүү) / калыбына келтирүү | 29 | (426 913) | 55 213 |
| Чет өлкө валютасында жана алтын менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча реализацияланган таза пайда | 30 | 1 466 988 | 1 600 253 |
| Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттер менен операциялардан таза пайда/(чыгым) | | 15 834 | (4 699) |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган баалуу кагаздарды алып салуудан таза чыгым | | (3 194) | - |
| Башка активдер жана шарттуу милдеттенмелер боюнча камды калыбына келтирүү /(түзүү) | 29 | 267 477 | (199 786) |
| Ассоциацияланган уюмдардын пайдасындагы үлүш | | 140 100 | - |
| Башка кирешелер | | 171 054 | 142 907 |
| **Таза пайыздык эмес киреше** | | **1 631 346** | **1 593 888** |
| **Операциялык кирешелер** | | **4 254 143** | **3 712 844** |
| Жүгүртүүгө чыгарылган банкнотторду жана монеталарды даярдоого кеткен чыгашалар | | (359 241) | (232 173) |
| Административдик чыгашалар | 31 | (1 576 763) | (1 160 856) |
| Башка чыгашалар | | (266 617) | (105 269) |
| **Операциялык чыгашалар** | | **(2 202 621)** | **(1 498 298)** |
| **Пайда салыгын кармап калганга чейинки түшкөн пайда** | | **2 051 522** | **2 214 546** |
| Пайда салыгы боюнча (чыгашалар)/ үнөмдөө | 33 | (59 800) | 11 163 |
| **Жыл ичиндеги пайда** | | **1 991 722** | **2 225 709** |
| Көзөмөлдөбөгөн акционерлердин үлүшүнө тиешелүү чыгым | | (91 432) | (28 282) |
| **Улуттук банкка тиешелүү пайда** | | **2 083 154** | **2 253 991** |

**Абдыгулов Т. С.**
***Улуттук банктын төрагасы***

2020-жылдын 9-апрели

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

**Алыбаева С. К.**
***Башкы бухгалтер***

2020-жылдын 9-апрели

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

## *2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн жыйынды киреше жөнүндө консолидацияланган отчет*

*(миң сом)*

| | 2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2018-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|
| **Жыл ичиндеги пайда** | **1 991 722** | **2 225 709** |
| **Пайда же чыгым жөнүндө отчеттун курамына кайра классификацияланышы мүмкүн болгон статьялар** | | |
| Чет өлкө валютасын жана алтынды кайра баалоо боюнча кам: | | |
| - чет өлкө валютасындагы активдерди, милдеттенмелерди жана алтынды кайра баалоодон таза пайда/(чыгым) | 6 734 772 | (985 120) |
| - пайда же чыгымдын курамына которулган чет өлкө валютасында жана алтын менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча таза пайда | (1 420 954) | (1 461 161) |
| Мезгил ичинде нарксызданууну кошо алганда, башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган инвестициялардын адилет наркынын өзгөрүүсүнөн таза (чыгым) / пайда (пайда салыгын алып салуу менен – нөл сом) | (10 226) | 17 402 |
| Колдонуудан калууда пайда же чыгым курамына кайра классификацияланган башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча инвестициялар боюнча чогуу алгандагы чыгымды алып салуу менен (пайда салыгын алып салуу менен – нөл сом) | 3 194 | |
| **Пайда салыгынан кийин жыл ичиндеги башка жыйынды киреше/(чыгым)** | **5 306 786** | **(2 428 879)** |
| **Жыйынтыгында, жыл ичиндеги жыйынды киреше/(чыгым)** | **7 298 508** | **(203 170)** |
| Төмөнкүлөргө тиешелүү: | | |
| - Улуттук банкка | 7 391 150 | (176 490) |
| - Көзөмөлдөбөгөн акционерлердин үлүшүнө | (92 642) | (26 680) |
| | **7 298 508** | **(203 170)** |

**Абдыгулов Т. С.**
***Улуттук банктын төрагасы***

2020-жылдын 9-апрели

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

**Алыбаева С. К.**
***Башкы бухгалтер***

2020-жылдын 9-апрели

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

***2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн акча каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчет***

*(миң сом)*

| | Эскер-түүлөр | 2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2018-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|---|
| **ОПЕРАЦИЯЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ** | | | |
| Алынган пайыздар | | 2 977 067 | 2 617 426 |
| Төлөнгөн пайыздар | | (749 442) | (476 402) |
| Алынган комиссиялык төлөмдөр | | 144 289 | 88 239 |
| Төлөнгөн комиссиялык төлөмдөр | | (36 412) | (16 448) |
| Чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча реализацияланган пайда | | 37 222 | 97 235 |
| Башка кирешелер | | 127 994 | 95 915 |
| Эмгек акы боюнча чыгашалар | | (743 801) | (608 781) |
| Жүгүртүүгө чыгарылган банкнотторду жана монеталарды даярдоого кеткен чыгашалар | | (238 284) | (165 022) |
| Эмгек акы боюнча чыгашаларды эске албаганда, административдик чыгашалар | | (509 416) | (343 945) |
| **Операциялык активдердин жана милдеттенмелердин өзгөрүүсүнө чейинки операциялык иштен акча каражаттарынын агылып кириши** | | **1 009 217** | **1 288 217** |
| **Операциялык активдердин (көбөйүшү)/азаюусу** | | | |
| Алтын | | (9 872 254) | (11 843 852) |
| Банктардагы жана башка финансылык мекемелердеги каражаттар | | 4 414 878 | (7 670 577) |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган инвестициялар | | (92 026) | 8 957 762 |
| Банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер | | 2 086 447 | (2 826 510) |
| Кардарларга берилген кредиттер | | (2 166 997) | 141 598 |
| Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер | | - | 648 |
| Сатуу үчүн каралган узак мөөнөттүү активдер | | 167 305 | - |
| Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндөгү запас | | (6 406 298) | 125 716 |
| Башка активдер | | (124 337) | (41 449) |
| **Операциялык милдеттенмелердин көбөйүшү/ (азаюусу)** | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | | 12 555 613 | 2 461 868 |
| Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык милдеттенмелер | | 18 368 | (1 178) |
| Банктардын жана башка финансылык мекемелердин каражаттары | | 3 176 780 | (1 994 560) |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | | 2 718 311 | 1 116 630 |
| Кардарлардын каражаттары | | 662 857 | (419 313) |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | | 137 523 | 2 704 363 |
| Башка милдеттенмелер | | 84 601 | (47 242) |
| **Операциялык иштен акча каражаттарынын агылып кирүүсү/(агылып чыгуусу)** | | **8 369 988** | **(8 047 879)** |
| Төлөнгөн пайда салыгы | | (31 191) | **-** |
| **Операциялык иштен акча каражаттарынын таза агылып кирүүсү/(агылып чыгуусу)** | | **8 338 797** | **(8 047 879)** |

***2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн акча каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчет (уландысы)***

*(миң сом)*

| | Эскер-түүлөр | 2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2018-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|---|
| **ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ** | | | |
| Туунду уюмдун акцияларын сатып алуу | 12 | (560 061) | |
| Туунду уюмду контролдоого ээ болуудан келип түшкөн акча каражаттары | | - | 32 743 |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатып алуу | | (406 039) | (186 196) |
| Негизги каражаттардын колдонуудан калышынан түшүүлөр | | 388 | 2 401 |
| Амортизацияланган наркы боюнча бааланган инвестицияларды төлөөдөн түшүүлөр | | 64 352 | 64 352 |
| Амортизацияланган наркы боюнча бааланган инвестициялардан алынган пайыздар | | 9 652 | 12 870 |
| Алынган дивиденддер | | 8 555 | 8 807 |
| **Инвестициялык иштен акча каражаттарынын таза агылып чыгышы** | | **(883 153)** | **(65 023)** |
| **ФИНАНСЫЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ** | | | |
| Ижара боюнча төлөмдөр | 24 | (160 155) | (742 956) |
| Алынган кредиттерди төлөө | 14 | (55 780) | - |
| **Финансылык иштен акча каражаттарынын таза агылып чыгышы** | | **(215 935)** | **(742 956)** |
| **Акча каражаттарынын жана алардын эквиваленттеринин таза көбөйүшү/(азаюусу)** | | **7 239 709** | **(8 855 858)** |
| Чет өлкө валюталарынын курстарынын өзгөрүшүнүн акча каражаттарына жана алардын эквиваленттерине тийгизген таасири | | (169 961) | (619 686) |
| **Жыл башына карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери** | | **45 006 401** | **54 481 945** |
| **Жыл акырына карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери** | **7** | **52 076 149** | **45 006 401** |

**Абдыгулов Т. С.**
***Улуттук банктын төрагасы***

2020-жылдын 9-апрели

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

**Алыбаева С. К.**
***Башкы бухгалтер***

2020-жылдын 9-апрели

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

## *2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө консолидацияланган отчет*

*(миң сом)*

| | Уставдык капитал | Милдеттүү кам | Чет өлкө валютасын жана алтынды кайра баалоо боюнча кам | Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган инвестицияларды кайра баалоо боюнча кам | Бөлүштүрүлбөгөн пайда | Жыйынтыгында, банк акционерлерине тиешелүү капитал | Көзөмөлдөбөгөн катышуу үлүшү | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2018-жылдын 1-январына карата калдык** | **2 000 000** | **7 036 083** | **14 284 368** | **(6 425)** | **2 300 849** | **25 614 875** | **-** | **25 614 875** |
| ФОЭС 9-стандартын колдонуудан натыйжа | - | - | - | - | (13 571) | (13 571) | - | (13 571) |
| **ФОЭС 9-стандартына ылайык кайра эсептелген баштапкы сальдо** | **2 000 000** | **7 036 083** | **14 284 368** | **(6 425)** | **2 287 278** | **25 601 304** | **-** | **25 601 304** |
| **Жыйынтыгында жыйынды финансылык натыйжа** | | | | | | | | |
| Жыл ичиндеги пайда | - | - | - | - | 2 253 991 | 2 253 991 | (28 282) | 2 225 709 |
| **Башка жыйынды финансылык натыйжа** | | | | | | | | |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган инвестициялардан таза пайда | - | - | - | 15 800 | - | 15 800 | 1 602 | 17 402 |
| Чет өлкө валютасындагы активдерди, милдеттенмелерди жана алтынды кайра баалоодон чыгым | - | - | (985 120) | - | - | (985 120) | - | (985 120) |
| Пайда же чыгымдын курамына которулган чет өлкө валютасында жана алтын менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча таза пайда | - | - | (1 461 161) | - | - | (1 461 161) | - | (1 461 161) |
| **Жыйынтыгында, жыл ичиндеги жыйынды финансылык натыйжа** | **-** | **-** | **(2 446 281)** | **15 800** | **2 253 991** | **(176 490)** | **(26 680)** | **(203 170)** |
| **Түздөн-түз капитал курамында чагылдырылган операциялар** | | | | | | | | |
| Өткөн жылдын пайдасын мамлекеттик бюджетке бөлүштүрүү (27-эскертүү) | - | - | - | - | (2 070 764) | (2 070 764) | - | (2 070 764) |
| Милдеттүү камга которуу (27-эскертүү) | - | 230 085 | - | - | (230 085) | - | - | - |
| **Жыйынтыгында, түздөн-түз капитал курамында чагылдырылган операциялар боюнча** | **-** | **230 085** | **-** | **-** | **(2 300 849)** | **(2 070 764)** | **-** | **(2 070 764)** |
| Туунду уюм "Керемет Банк" ААКты контролдоого ээ болуу | - | - | - | - | - | - | 47 697 | 47 697 |
| **2018-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **2 000 000** | **7 266 168** | **11 838 087** | **9 375** | **2 240 420** | **23 354 050** | **21 017** | **23 375 067** |

## *2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө консолидацияланган отчет (уландысы)*

*(миң сом)*

| | Уставдык капитал | Милдеттүү кам | Чет өлкө валютасын жана алтынды кайра баалоо боюнча кам | Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган инвестицияларды кайра баалоо боюнча кам | Бөлүштүрүлбөгөн пайда | Жыйынтыгында, банк акционерлерине тиешелүү капитал | Көзөмөлдөбөгөн катышуу үлүшү | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2019-жылдын 1-январына карата калдык** | **2 000 000** | **7 266 168** | **11 838 087** | **9 375** | **2 240 420** | **23 354 050** | **21 017** | **23 375 067** |
| Жыл ичиндеги пайда | - | - | - | - | 2 083 154 | 2 083 154 | (91 432) | 1 991 722 |
| **Башка жыйынды финансылык натыйжа** | | | | | | | | |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган инвестициялардан таза чыгым | - | - | - | (5 822) | - | (5 822) | (1 210) | (7 032) |
| Чет өлкө валютасындагы активдерди, милдеттенмелерди жана алтынды кайра баалоодон пайда | - | - | 6 734 772 | - | - | 6 734 772 | - | 6 734 772 |
| Пайда же чыгымдын курамына которулган чет өлкө валютасында жана алтын менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча таза пайда | - | - | (1 420 954) | - | - | (1 420 954) | - | (1 420 954) |
| **Жыйынтыгында, жыл ичиндеги жыйынды финансылык натыйжа** | **-** | **-** | **5 313 818** | **(5 822)** | **2 083 154** | **7 391 150** | **(92 642)** | **7 298 508** |
| **Түздөн-түз капитал курамында чагылдырылган операциялар** | | | | | | | | |
| Өткөн жылдын пайдасын мамлекеттик бюджетке бөлүштүрүү (27-эскертүү) | - | - | - | - | (1 893 543) | (1 893 543) | - | (1 893 543) |
| Милдеттүү камга которуу (27-эскертүү) | - | 210 393 | - | - | (210 393) | - | - | - |
| **Жыйынтыгында, түздөн-түз капитал курамында чагылдырылган операциялар боюнча** | **-** | **210 393** | **-** | **-** | **(2 103 936)** | **(1 893 543)** | **-** | **(1 893 543)** |
| Туунду уюм “Керемет Банк” ААКтагы көзөмөлдөбөгөн үлүштүн өзгөрүшүнүн жыйынтыгында келип чыгуучу корректировкалоолор | - | - | - | - | (235 217) | (235 217) | 235 217 | - |
| **2019-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **2 000 000** | **7 476 561** | **17 151 905** | **3 553** | **1 984 421** | **28 616 440** | **163 592** | **28 780 032** |

**Абдыгулов Т. С.**
***Улуттук банктын төрагасы***
2020-жылдын 9-апрели
Бишкек шаары, Кыргыз Республикасы

**Алыбаева С. К.**
***Башкы бухгалтер***
2020-жылдын 9-апрели
Бишкек шаары, Кыргыз Республикасы

# 2019-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР

## 1 НЕГИЗГИ ЖОБОЛОР

### (а) Уюм жана анын негизги иши

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары – Улуттук банк) Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик банкынын укугу өткөн мекеме болуп саналат. 1992-жылдын 12-декабрында "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамдын кабыл алынышына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аталышына ээ болгон. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши (парламент) 2016-жылдын 16-декабрында "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" мыйзамды кабыл алып, учурда Улуттук банктын иши аталган мыйзам менен жөнгө салынып келет.

Кыргыз Республикасында баа туруктуулугуна жетишүү жана аны колдоо Улуттук банктын негизги иш максаты болуп саналат. Ушул негизги максатты жүзөгө ашыруу үчүн Улуттук банкка мамлекеттин акча-кредит саясатын аныктоо жана жүргүзүү; төлөм системасын жана банктар аралык төлөмдөрдү натыйжалуу өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү; банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүгө чыгаруу; эл аралык валюта камдарын тескөөгө алуу; мыйзамдарга ылайык коммерциялык банктарды жана финансы-кредит уюмдарын лицензиялоо, алардын ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө милдеттери жүктөлгөн. Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн финансылык агенти катары иш алып барат.

Улуттук банктын юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Чүй пр. 168.

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча өлкө аймагында Улуттук банктын беш областтык башкармалыгы жана бир өкүлчүлүгү иштеп турган.

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банктын кызматкерлеринин жалпы саны, тиешелүүлүгүнө жараша 679 жана 657 адамды түзгөн.

Улуттук банк анын курамына төмөнкү уюмдар кирген топтун (мындан ары – Топ) башкы компаниясы болуп саналат:

| | Добуш берүүчү акциялар пайызы (%) | | |
|---|---|---|---|
| **Аталышы** | **2019-жылдын 31-декабры** | **2018-жылдын 31-декабры** | **Иштин түрү** |
| "Керемет Банк" ачык акционердик коому (2018-ж.: "Россия Инвестициялык Банкы" ААК) | 95,07 | 71,66 | Банктык кызмат көрсөтүүлөр |
| "Кыргыз инкассациясы" жабык акционердик коому | 100 | 100 | Баалуулуктарды ташуу боюнча кызматтар |

Улуттук банк 2018-жылдын 2-октябрында анын акционерлери менен ыйгарып берүү жөнүндө макулдашуу түзүүнүн натыйжасында "Россия Инвестициялык Банкы" ААКтын акцияларын кабыл алып, аталган банктын акцияларынын 71,66 пайызына ээ болгон.

2019-жылдын 27-сентябрында "Россия Инвестициялык Банкы" ААК Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде кайра каттоодон өтүп, "Росинбанк" ААК аталышын "Керемет Банк" ААКка өзгөрткөн.

# 1 НЕГИЗГИ ЖОБОЛОР (УЛАНДЫСЫ)

## (а) Уюм жана анын негизги иши, уландысы

2019-жылдын 18-январында жана 2019-жылдын 24-майында Улуттук банк “Керемет Банк” ААКтын ишин жөнгө салуунун алкагында, “Керемет Банк” ААКтын уставдык капиталындагы өз үлүшүн жогорулаткан. Туунду банктын жөнөкөй жеке таандык акцияларынын 716 575 миң сом (2018-жылы 500 000 миң сом суммасында төлөнгөн акча каражаттарын эске алуу менен) суммасында бешинчи чыгарылышынын жана 3 000 000 миң сом суммасына алтынчы чыгарылышынын жыйынтыгы боюнча Улуттук банктын үлүшү тиешелүүлүгүнө жараша 85,21 жана 95,07 пайызды түзгөн.

2019-жылдын 17-июнунда 550 000 миң сом суммасына жөнөкөй акцияларды кошумча чыгаруу жолу менен “Кепилдик фонд” ачык акционердик коомунун уставдык капиталын анын андан ары натыйжалуу ишин камсыз кылуу максатында көбөйтүү жана Улуттук банкка акциялардын кошумча эмиссиясын сатып алууну сунуштоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №222-р буйругуна кол коюлган. 2019-жылдын 12-июлунда Улуттук банк “Кепилдик фонд” ААКтын капиталында катышуу жөнүндө чечим кабыл алган. Бул чечимге ылайык Улуттук банк “Кепилдик фонд” ААКтын 550 000 миң сом өлчөмүндө кошумча төртүнчү эмиссиясынын акцияларын сатып алган. Бул акцияларды сатып алуунун натыйжасында Улуттук банктын “Кепилдик фонд” ААКтын уставдык капиталындагы үлүшү 48,59 пайызды түзгөн.

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банк “Банктар аралык процессинг борбору” ЖАК ассоциацияланган уюмундагы инвестицияларга ээ (тиешелүүлүгүнө жараша 49,42 жана 48,07 пайыз).

“Кыргыз инкассациясы” ЖАКтын финансылык отчету Улуттук банктын финансылык отчетуна консолидацияланбайт, анткени Улуттук банктын отчетуна таасири анча олуттуу эмес.

Бул финансылык отчет Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2020-жылдын 9-апрелинде бекитилген.

## (б) Операциялык чөйрө

Кыргыз Республикасында саясий, экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөр жүрүүдө. Рыногу калыптанып келе жаткан өлкөлөрдүн катарына кирген Кыргыз Республикасы азырынча экономикасы кыйла өнүккөн өлкөлөргө мүнөздүү болгон коммерциялык жана жөнгө салуучу өнүккөн инфраструктурага жетиштүү деңгээлде ээ боло албай келет. Ушундан улам, республикада ишке ашырылып жаткан финансылык-чарбалык иштер, рынок экономикасы өнүгүп жаткан өлкөлөр үчүн мүнөздүү болгон тобокелдиктер менен коштолууда. Кыргызстандын региондогу өлкөлөрдүн экономикалары менен жогору деңгээлде интеграцияланышы Кыргыз Республикасынын экономикасына эл аралык капитал рынокторунда туруксуз жагдай, 2020-жылдын март айында энергия продукцияларына баалардын кескин төмөндөшү жана соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдүн экономикалык өсүшүнүн басаңдашы таасирин тийгизүү мүмкүндүгүн шарттайт.

# 1 НЕГИЗГИ ЖОБОЛОР (УЛАНДЫСЫ)

### (б) Операциялык чөйрө, уландысы

Мындан тышкары, 2020-жылдын башталышында дүйнөдө жаңы коронавирус (COVID-19) тез тарай баштап, бул Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму 2020-жылдын март айында пандемия башталгандыгын жарыялаганга алып келген. Көптөгөн өлкөлөрдүн COVID-19 вирусунун жайылышын токтотуу үчүн көргөн чаралары көпчүлүк компаниялар үчүн олуттуу операциялык кыйынчылыктарды жаратууда, ошондой эле ал глобалдуу экономикага жана дүйнөлүк финансылык рынокторго кыйла терс таасирин тийгизип жатат. COVID-19 вирусунун Топтун операцияларына тийгизген таасиринин олуттуулугу көбүнчө пандемиянын созулушуна, ошондой эле дүйнөлүк экономикага жана Кыргыз Республикасынын экономикасына тийгизген таасиринин масштабына жараша болот.

Келечекте мына ушул белгисиз жагдайларды аныктоонун натыйжасында келип чыгышы мүмкүн болгон кандайдыр бир корректировкалоолор ушул консолидацияланган финансылык отчетто камтылбайт. Мындай корректировкалоолор келип чыккан шартта алар маалым болгон жана аларга баа берүү мүмкүн болгон мезгилде Топтун консолидацияланган финансылык отчетунда чагылдырылат.

# 2 Финансылык отчетту даярдоонун негизги принциптери

### (а) Белгилүү бир өзгөчөлүктөрү менен ФОЭСке ылайык келүү жөнүндө билдирүү

“Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзам талабына ылайык Улуттук банк, төмөндө баяндалган, мыйзамдарда белгиленген модификацияларды эске албаганда, өзү үчүн Финансылык отчеттун эл аралык стандарттары боюнча кеңеш (ФОЭС боюнча Кеңеш) тарабынан чыгарылган Финансылык отчеттун эл аралык стандарттарына (ФОЭС) жана Эл аралык финансылык отчетту чечмелөө боюнча комитет (КРМФО) тарабынан чыгарылган чечмелөөлөргө негизделген эсепке алуу саясатын жана бухгалтердик эсепке алуу ыкмаларын белгилейт.

Алтын рыноsктук наркта эсепке алынат, ал эми алтынды жана чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди кайра баалоодон жалпы таза реализацияланбаган пайда түздөн-түз өздүк капитал курамында таанылат. Алтынды жана чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди учурдагы рыноктук баада кайра баалоодон реализацияланбаган жалпы таза чыгым, пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчетто, өткөн мезгилдердин таза реализацияланбаган пайдасынан ашкан бөлүгүндө таанылат. Мындай болбосо ал түздөн-түз капиталдагы башка жыйынды кирешени азайтат. Алтынды жана чет өлкө валютасындагы активдерди, милдеттенмелерди таанууну токтотуу учурунда мурда капиталдын курамында таанылган топтолгон пайда же чыгым, пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчетто, аталган активдерди жана милдеттенмелерди колдонуудан калуусунун орточо алынган коэффициентин эске алуу менен таанылат.

Бул консолидацияланган финансылык отчет Улуттук банктын консолидацияланган финансылык абалын жана анын иш жыйынтыгын бардык түзөтүүлөрү менен Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2003-жылдын 10-декабрында бекитилген Улуттук банктын эсепке алуу саясатына ылайык так маалымат сунуштоо максатында даярдалган, түзөтүүлөр акыркы жолу 2018-жылдын 19-декабрында киргизилген жана ал Улуттук банк тарабынан борбордук банктын ишкердик мүнөзүнө ылайык келген катары каралат.

# 2 ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУ ДАЯРДООНУН НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕРИ (УЛАНДЫСЫ)

**(а) Белгилүү бир өзгөчөлүктөрү менен ФОЭСке ылайык келүү жөнүндө билдирүү**

Бул консолидацияланган финансылык отчет Топ жакынкы келечекте өз ишин улантат деген көз караштан улам даярдалган.

**(б) Наркты аныктоо үчүн база**

Бул консолидацияланган финансылык отчет адилет наркы боюнча бааланган алтынды жана айрым финансылык инструменттерди эске албаганда, айкын сарптоолор боюнча эсепке алуу принцибине ылайык даярдалган.

**(в) Функционалдык валюта жана консолидацияланган финансылык отчеттун маалыматтарын чагылдырган валюта**

Топтун ар бир уюмунун консолидацияланган финансылык отчетко камтылган статьялары Топ анда иш алып барган баштапкы экономикалык чөйрөсүндөгү валютада өлчөнөт (функционалдык валюта). Улуттук банктын функционалдык валютасы болуп кыргыз сому саналат, ал Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы катары Топтун уюмдары жүргүзгөн көпчүлүк операциялардын жана алардын ишине таасирин тийгизген башка жагдайлардын экономикалык маңызын толук чагылдырат. Кыргыз сому ошондой эле, ушул консолидацияланган финансылык отчеттун маалыматтарын чагылдырган валюта болуп эсептелет.

Консолидацияланган финансылык маалымат сом түрүндө берилген жана миңге чейин тегеректелген.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ

Бул 2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн консолидацияланган финансылык отчетто эсепке алуу саясатынын принциптерин жана төмөндө келтирилген жаңы, кароого алынган стандарттарды жана чечмелөөлөрдү колдонуудан улам таасирлерди эске албаганда, Улуттук банктын 2018-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн консолидацияланган финансылык отчетун даярдоодо пайдаланылган эсепке алуу саясатынын принциптери, ал боюнча сунушталган маалыматтар жана эсептөө методдору пайдаланылган:

| | |
|---|---|
| ФОЭС (IFRS) 16-стандарты | “Ижара” |
| ФОЭС (IFRS) 9-стандартына түзөтүүлөр | “Терс мааниде ордун жабуу менен алдын ала төлөө өзгөчөлүктөрү” |
| ФОЭС (IAS) 28-стандартына түзөтүүлөр | “Ассоциацияланган уюмдарга жана биргелешкен ишканаларга узак мөөнөттүү салымдар” |
| Башка ФОЭСке карата түзөтүүлөр | ФОЭСти ар жылы өркүндөтүү, 2015-2017-жылдар ичинде |
| КРМФО (IFRIC) 23 | “Пайда салыгын эсептөө эрежелерине карата белгисиздик” |

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

**Өтүп жаткан жыл ичинде күчүнө кирген жаңы жана кайра каралган ФОЭС**

**ФОЭСтин (IFRS) "Ижара" 16-стандарты.** ФОЭС (IFRS) 16-стандарты ижараны эске алууга тиешелүү жаңы же өзгөртүлгөн талаптарды киргизет. Стандартта, кыска мөөнөттүү ижара келишимдерин жана аларда базалык актив төмөн наркка ээ ижара келишимин эске албаганда, бардык ижара келишимдери үчүн таануу башталган күнү пайдалануу укугу формасындагы активди жана ижара боюнча милдеттенмени таанууну талап кылуу менен операциялык жана финансылык ижара ортосунда айырмачылыктарды четтетүү аркылуу ижараны эсепке алууга олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизүү каралган. Ижарачы тарабынан эсепке алууга караганда, ижарага берүүчү тарабынан эсепке алуу өзгөрүүсүз калган.

ФОЭС (IFRS) 16-стандартын колдонуудан улам Топтун финансылык отчетуна таасири төмөндө келтирилген.

ФОЭС (IFRS) 16-стандарты Топто алгач колдонулган күн катары 2019-жылдын 1-январы саналат.

Топ ФОЭС (IFRS) 16-стандартына ылайык ФОЭС (IFRS) 16-стандартынын модификацияланган ретроспективдүү колдонуу моделин тандаган. Демек, салыштыруу үчүн көрсөткүчтөр кайра эсептелген эмес.

<u>Ижаранын жаңы аныктамасынын таасири.</u> Топ ФОЭС (IFRS) 16-стандартына өтүүнүн алкагында сунушталган практикалык чараны пайдаланган, ал ошол келишимди же анда ижара шарттары камтылгандыгын кайрадан аныктабаганга мүмкүндүк берет. Демек, ФОЭС (IAS) 17-стандартына жана КРМФО (IFRIC) 4-стандартына ылайык ижара аныктамасы мурдагыдай эле 2019-жылдын 1-январына чейин түзүлгөн же өзгөртүлгөн ижара келишимдерине карата колдонулат.

Ижара аныктамасын өзгөртүү айрыкча контролдоо концепциясына караштуу.

ФОЭС (IFRS) 16-стандартында сатып алуучу идентификацияланган активди пайдаланылгандыгын контролдой тургандыгынын негизинде ижара келишими жана кызматтарды сунуштоо келишими болуп бөлүнөт. ФОЭС (IFRS) 16-стандарты кардар белгилүү бир мезгил ичинде төлөөнүн ордуна идентификацияланган активдин пайдаланылгандыгын контролдоо укугуна ээ экендигине жараша ижара келишими камтылгандыгын аныктайт. Бул ФОЭС (IAS) 17-стандартындагы жана КРМФО (IFRIC) 4-стандартындагы "тобокелдиктерге жана пайдага" басымга каршы салыштырылат.

Топ 2019-жылдын 1-январынан кийин гана түзүлгөн же өзгөртүлгөн бардык ижара келишимдерине карата ижара аныктамаларын жана ФОЭС (IFRS) 16-стандартына байланыштуу көрсөтмөлөрүн колдонгон.

<u>Ижарачы тарабынан ижараны эсепке алууга таасири</u>

*Операциялык чөйрө:* ФОЭС (IFRS) 16-стандарты мурда ФОЭС (IAS) 17-стандартына ылайык операциялык ижара катары классификацияланган ижараны эсепке алуу принцибин өзгөрткөн.

ФОЭС (IFRS) 16-стандартын баштапкы колдонууда бардык ижара келишимдери боюнча Топ:

## 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

**Өтүп жаткан жыл ичинде күчүнө кирген жаңы жана кайра каралган ФОЭС, уландысы**

а) финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчетто келечекте ижара төлөмдөрүнүн наркы боюнча алгач бааланган пайдалануу укугу жана ижара боюнча милдеттенмелер формасындагы активдерди тааныган;

b) пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчетто активдерди амортизациялоону пайдалануу укугу жана ижара милдеттенмелери боюнча пайыздар формасында тааныган.

с) акча каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчетто негизги бөлүктүн (финансылык иште келтирилген) жана пайыздардын (операциялык иште келтирилген) ордун жабууга багытталган акча каражаттарынын жалпы суммасын бөлгөн.

Кыска мөөнөттүү ижара келишими (12 айга чейинки мөөнөткө) жана төмөн нарктагы активдер ижарасы (5 миң АКШ долларынан төмөн) үчүн ижара боюнча чыгашалар Топ тарабынан ФОЭС (IFRS) 16-стандартында уруксат берилгендей бирдей таанылат. Бул чыгашалар пайда же чыгым курамында “административдик чыгашалар” курамында чагылдырылган.

ФОЭС (IAS) 17-стандартына ылайык мурда операциялык ижара катары классификацияланган ижарага карата ФОЭС (IFRS) 16-стандартын колдонуу, 2019-жылдын 1-январына карата 257 125 миң сом суммасына пайдалануу укугу формасындагы активдерди жана 257 125 миң сом суммасына ижара боюнча тиешелүү милдеттенмелерди таанууга алып келген (14-эскертүү). 2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл ичинде пайдага же чыгымга таасири операциялык чыгашалардын 55 780 миң сомго азайышынан, амортизация көлөмүнүн 55 551 миң сомго жана пайыздык чыгашалардын 22 388 миң сомго көбөйүшүнөн көрүнөт.

ФОЭС (IFRS) 16-стандартына ылайык ижарачылар төмөнкүлөрдү сунуштоого тийиш:

- Кыска мөөнөттүү ижара келишими боюнча төлөмдөр, аларда базалык актив төмөн наркка ээ ижара келишими боюнча төлөмдөр жана операциялык иштин бөлүгү катары ижара милдеттенмелерин баалоого камтылбаган өзгөрүлмө ижара төлөмдөрү;
- ФОЭС (IAS) 7-стандартына ылайык, операциялык иш же финансылык иш катары ижара боюнча милдеттенменин пайыздык бөлүгү үчүн төлөнгөн акча каражаттарынын өлчөмү (Топ операциялык иштин алкагында төлөнгөн пайыздарды кошкон), ошондой эле финансылык иштин бөлүгү катары ижара боюнча милдеттенмелердин негизги бөлүгү боюнча акчалай төлөмдөр.
- ФОЭС (IAS) 17-стандартына ылайык, операциялык ижара боюнча бардык төлөмдөр операциялык иштен алынган акча каражаттарынын жылышынын курамында чагылдырылган. ФОЭС (IFRS) 16-стандартында каралган өзгөрүүлөрдүн натыйжасында, операциялык иште пайдаланылган акча каражаттарынын өлчөмү 55 780 миң сомго азайтылган, ал эми финансылык иште пайдаланылган акча каражаттарынын таза өлчөмү ушундай эле суммага көбөйтүлгөн. ФОЭС (IFRS) 16-стандартын колдонуу таза акча агымдарына таасирин тийгизген эмес.

## 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

**Өтүп жаткан жыл ичинде күчүнө кирген жаңы жана кайра каралган ФОЭС, уландысы**

**ФОЭС (IFRS) 9-стандартына түзөтүүлөр “Терс мааниде ордун жабуу менен алдын ала төлөө өзгөчөлүктөрү”.** Топ ФОЭС (IFRS) 9-стандартына карата түзөтүүлөрдү алгач өтүп жаткан жылы колдонгон. ФОЭС (IFRS) 9-стандартына карата түзөтүүлөрдө, алдын ала төлөө өзгөчөлүктөрү карыздын негизги суммасынын жана пайыздардын эсебинен төлөө критерийлерин канааттандыра тургандыгын аныктоо үчүн келишим тарабы анын себебине карабастан төлөшү мүмкүн экендиги же алдын ала төлөө үчүн негиздүү ордун жабуу суммасын алышы мүмкүн экендиги чечмеленген. Башкача айтканда, терс ордун жабуу менен алдын ала төлөө өзгөчөлүгү автоматтык түрдө карыздын негизги суммасынын жана пайыздардын эсебинен төлөө критерийлерин бузуу болуп саналбайт.

ФОЭС (IFRS) 9-стандартына карата түзөтүүлөрдү колдонуу Топтун консолидацияланган финансылык отчетуна олуттуу таасир тийгизген эмес.

**ФОЭС (IAS) 28-стандартына түзөтүүлөр “Ассоциацияланган уюмдарга жана биргелешкен ишканаларга узак мөөнөттүү салымдар”.** Топ ФОЭС (IAS) 28-стандартына карата түзөтүүлөрдү эң алгач өтүп жаткан жылы колдонгон. Түзөтүүлөрдө ФОЭС (IFRS) 9-стандарты, анын ичинде нарксызданууга карата талаптар, узак мөөнөттүү салымдарга карата колдонула тургандыгы чечмеленген. Мындан тышкары, ФОЭС (IFRS) 9-стандартын узак мөөнөттүү салымдарга карата колдонууда ишкана ФОЭС (IAS) 28-стандартында талап кылынган узак мөөнөттүү салымдардын баланстык наркын корректировкалоолорду эске албайт (мисалы, ФОЭС (IAS) 28-стандартына ылайык инвестиция объектинин чыгымын бөлүштүрүүнүн же нарксызданышын баалоонун натыйжасында узак мөөнөттүү салымдардын баланстык наркын корректировкалоо).

ФОЭС (IAS) 28-стандартына карата түзөтүүлөрдү колдонуу Топтун консолидацияланган финансылык отчетуна олуттуу таасир тийгизген эмес.

**ФОЭСти ар жылы өркүндөтүү, 2015-2017-жылдар. ФОЭС (IFRS) 3 “Бизнести бириктирүү”, ФОЭС (IFRS) 11 “Биргелешкен ишкердик”, ФОЭС (IAS) 12 “Пайда салыгы” жана ФОЭС (IAS) 23 “Насыялар боюнча сарптоолор” стандарттарына түзөтүүлөр.** Топ “ФОЭСти ар жылы өркүндөтүү, 2015-2017-жылдар ичинде” каралган түзөтүүлөрдү эң алгач өтүп жаткан жылы колдонгон. Ар жылдык өркүндөтүүдө төмөнкү төрт стандартка карата түзөтүүлөр камтылган:

*ФОЭС (IAS) 12-стандарты “Пайда салыгы”.* Түзөтүүлөрдө, уюм бөлүштүрүлүп жаткан пайда операция алгач кайда таанылгандыгына жараша пайда же чыгым, башка жыйынды киреше же капитал курамындагы дивиденддерге карата салыкка тиешелүүлөрдү таанууга тийиш экендиги чечмеленген. Түзөтүүлөр, бөлүштүрүлүүчү жана бөлүштүрүлбөөчү пайдага карата колдонулуучу пайда салыгы боюнча чендерге карабастан колдонулат.

*ФОЭС (IFRS) 23-стандарты “Насыялар боюнча сарптоолор”.* ФОЭС (IFRS) 23-стандартына карата түзөтүүлөрдө, эгерде кайсы бир насыя тиешелүү актив болжолдонгон багытта пайдаланууга же сатууга даяр болгондон кийин орду жабылбаган катары калса, бул учурда жалпы багыттагы карыздык каражаттар боюнча капиталдаштыруу ченемин эсептөөдө мындай насыя жалпы багыттагы карыздык каражаттар курамына камтыла тургандыгы чечмеленген.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

**Өтүп жаткан жыл ичинде күчүнө кирген жаңы жана кайра каралган ФОЭС, уландысы**

*ФОЭС (IFRS) 3-стандарты "Бизнестерди бириктирүү".* ФОЭС (IFRS) 3-стандартына карата түзөтүүлөрдө, уюм биргелешип операцияларды жүргүзүүнү түшүндүргөн бизнести контролдоо ишин аткарууда уюм баскыч боюнча аткарылуучу бизнести бириктирүүгө карата талаптарды колдонот жана ошондой эле, биргелешип операцияларды жүргүзүүдөгү ага мурда таандык болгон катышуу үлүшүн адилет наркы боюнча кайра баалайт. Мурда таандык болгон катышуу үлүшүн кайра баалоого кайсы болбосун биргелешип жүргүзүлгөн операцияларга байланыштуу активдер, милдеттенмелер жана гудвилдер кирет.

*ФОЭС (IFRS) 11-стандарты "Биргелешкен ишкердик".* ФОЭС (IFRS) 11-стандартына карата түзөтүүлөрдө, бизнести түшүндүргөн биргелешип жүргүзүлгөн операцияларды бирге контролдоону ишке ашырбаган, бирок анда катышкан тарап мындай биргелешип жүргүзүлгөн операцияларды бирге контролдоого катыша тургандыгы, биргелешип жүргүзүлгөн операциялардагы ага мурда таандык болгон катышуу үлүшүн баалоону жүргүзбөй тургандыгы чечмеленген.

ФОЭСти ар жылы 2015-2017-жылдар ичинде өркүндөтүү Топтун консолидацияланган финансылык отчетуна олуттуу таасирин тийгизген эмес.

**КРМФО (IFRIC) 23-стандарты "Пайда салыгын эсептөө эрежелери боюнча белгисиздик".** КРМФО (IFRIC) 23-стандартында, пайда салыгын эсептөө эрежелери боюнча белгисиздик келип чыккан учурда эсепке алуу боюнча салык позициясын аныктоо жолу чечмеленет. КРМФО (IFRIC) 23-стандартына карата түзөтүүлөр Топтун консолидацияланган финансылык отчетуна олуттуу таасирин тийгизген эмес.

## (a) Алтынды эсепке алуу

### *(i) Алтын*

Алтын чет өлкө банктарындагы эсептерде жайгашкан жана good delivery статусуна ээ алтын куймаларды түшүндүрөт. Алтын акча-кредит саясатын жүзөгө ашыруу жана инвестициялык пайда алуу максатында түзүлгөн инвестициялык актив болуп саналат.

Алтын консолидацияланган финансылык отчетто рыноктук наркы боюнча эсепке алынат. Рыноктук нарк Лондон баалуу металлдар рыногунун ассоциациясы тарабынан отчеттук күнгө чейинки күнү белгиленген кечки фиксингдин негизинде аныкталат. Алтынды рыноктук наркы боюнча кайра баалоодон түшкөн пайда капиталдагы башка жыйынды кирешенин курамында түздөн-түз чагылдырылат. Кайра баалоодон чыгым, пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчетто, капитал эсептериндеги башка жыйынды кирешелер курамында таанылган, кайра баалоодон мурдатан топтолуп келген кирешелерден ашкан сумма чегинде чагылдырылат. Алтынга тиешелүү реализацияланган пайда же чыгым, пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчетто эске алынат.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

## (а) Алтынды эсепке алуу, уландысы

### *(ii) Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запас*

Монетардык эмес алтын катары Лондон баалуу металлдар рыногунун ассоциациясы тарабынан кабыл алынган стандарттарга ылайык келбеген куйма түрүндөгү алтын эсептелет.

Ал эми алтын түрүндө запас катары Лондон баалуу металлдар рыногунун ассоциациясы тарабынан кабыл алынган стандарттарга ылайык келген куйма түрүндөгү алтын саналат.

Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запастар баалуу металлдар ички рыногун өнүктүрүү келечегинин алкагында Топтун запастарын түзүү үчүн каралган. Алар Топтун активдүү инвестициялык операцияларында катышпайт жана Топтун алтын түрүндөгү инвестициялык активдерине кирбейт.

Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запастар запас болуп саналат жана алар сатып алуу наркынын жана мүмкүн болгон таза сатуу баасынын эң төмөнкүсү боюнча эсепке алынат.

## (б) Чет өлкө валютасындагы операциялар

Чет өлкө валютасындагы операциялар Топтун тиешелүү функционалдык валютасына операциялар ишке ашырылган күнү колдонулган валюта курсу боюнча которулат. Отчеттук күнгө карата чет өлкө валютасында туюндурулган акчалай активдер жана милдеттенмелер, отчеттук күнү күчүндө болгон валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулат. Чет өлкө валютасында туюндурулган акчалай активдер жана милдеттенмелер менен операциялардан пайда же чыгым, бир мезгилдин башталышына карата абал боюнча функционалдык валютадагы, натыйжалуу пайыздык чен боюнча чегерилген пайыздардын өлчөмүнө корректировкаланган амортизацияланган нарк менен бир мезгил ичиндеги төлөөлөрдүн жана отчеттук мезгилдин акырына карата валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулган, чет өлкө валютасындагы амортизацияланган нарк ортосундагы айырманы түшүндүрөт. Чет өлкө валютасында туюндурулган, адилет наркы боюнча бааланган акчалай эмес активдер жана милдеттенмелер, адилет наркты аныктоо күнүнө карата күчүндө болгон валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулат. Чет өлкө валютасына которуунун натыйжасында келип чыккан курстук айырма, капиталдын курамындагы башка жыйынды киреше катары чагылдырылат. Кайра баалоодон чыгымдар, пайда же чыгым отчетунда, башка жыйынды кирешелер курамында таанылган, кайра баалоодон мурдатан топтолуп келген кирешелерден ашкан сумма чегинде чагылдырылат. Чет өлкө валютасында туюндурулган жана айкын сарптоолор боюнча чагылдырылган акчалай эмес активдер жана милдеттенмелер, операция ишке ашырылган күнгө карата күчүндө болгон валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулат. Чет өлкө валютасындагы операциялардан улам реализацияланган пайда же чыгым, пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчетто чагылдырылат.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

## (б) Чет өлкө валютасындагы операциялар, уландысы

*Алмашуу курстары*

2018 жана 2019-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча консолидацияланган финансылык отчетту даярдоодо Топ тарабынан колдонулган алмашуу курстары төмөндө келтирилген:

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| - Сом/АКШ доллары | 69,6439 | 69,8500 |
| - Сом/евро | 77,9803 | 80,0446 |
| - Сом/Атайын карыз алышуу укугу | 96,0159 | 96,8578 |
| - Сом/канада доллары | 53,1977 | 51,3226 |
| - Сом/австралия доллары | 48,4952 | 49,2512 |
| - Сом/англия фунт стерлинги | 91,0661 | 88,3742 |
| - Сом/кытай юаны | 9,9591 | 10,1489 |
| - Сом/норвегия кронасы | 7,8510 | 7,9915 |
| - Сом/алтындын трой унциясы | 105 493,0975 | 89 338,1500 |

## (в) Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери

Акча агымын аныктоо максатында, акча каражаттары жана алардын эквиваленттери кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттарын, банктардагы бош калдыктарды (“ностро” түрүндөгү эсептерди) камтыйт.

Кассада турган улуттук валютадагы акча каражаттары жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар суммасынан алынып салынат.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

## (г) Консолидациялоо принциптери

Бул консолидацияланган финансылык отчетто Улуттук банктын, ошондой эле Улуттук банк жана анын туунду уюмдары тарабынан контролдоого алынган уюмдардын отчету камтылган. Төмөнкү учурларда уюм контролдоого алынган катары саналат, эгерде Улуттук банк:

- инвестиция объекти – уюмга карата башкаруу ыйгарым укуктарына ээ болсо;
- инвестиция объекти – уюмдун иш жыйынтыгынын өзгөрүүсү боюнча укуктарга ээ болсо / тобокелдиктерди тартса; жана
- өзгөрүлмө жыйынтык өлчөмүнө таасир этүү максатында инвестиция объекти – уюмга карата башкаруу ыйгарым укуктарынан пайдаланса.

Эгерде фактылар жана жагдайлар жогоруда келтирилген үч контролдоо элементтеринин биринде же бир нечесинде өзгөрүү жүргөндүгүн көрсөтсө, Улуттук банк инвестиция объекти контролго алынгандыгына баа берет.

Туунду уюмду консолидациялоо Улуттук банк аны контролдоого алган учурдан тартып башталат жана аны контролдоо укугу жокко чыгарылган учурдан тартып токтотулат. Атап айтканда, жыл ичинде ээ болгон же сатылган туунду уюмдун кирешелери жана чыгашалары Улуттук банк туунду уюмду контролдоого алган учурдан тартып башталат жана контролдоо милдети аяктаган күнгө чейин пайда же чыгым жана жыйынды киреше жөнүндө консолидацияланган отчетто камтылат.

Пайда же чыгым жана башка жыйынды кирешенин ар бир компоненти Улуттук банк менен көзөмөлдөбөгөн үлүштүн ортосунда бөлүштүрүлөт. Туунду уюмдардын жалпы жыйынды кирешеси көзөмөлдөбөгөн үлүштөр боюнча терс калдыктын келип чыгышына карабастан, Улуттук банк менен көзөмөлдөбөгөн үлүштүн ортосунда бөлүштүрүлөт.

**Көзөмөлдөбөгөн катышуу үлүшү**. Көзөмөлдөбөгөн үлүштөр пайданын же чыгымдын, ошондой эле түздөн-түз же кыйыр түрдө Улуттук банкка таандык болбогон туунду уюмдардын таза активдеринин үлүшүн түшүндүрөт.

Көзөмөлдөбөгөн үлүштөр пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчетто – өзүнчө, ал эми финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчетто – өздүк капиталдын курамында, башкы уюмдун акционердик капиталынан өзүнчө сунушталат.

## 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

### (д) Бизнести бириктирүү боюнча бүтүмдөр

Бизнести бириктирүү боюнча бүтүмдөр сатып алуу методу боюнча эсепке алынат. Бизнести бириктирүүдө төлөнүүчү сый акы адилет наркы боюнча бааланат, ал Топ тарабынан берилген активдерди (1) сатып алуу күнүнө карата адилет нарк, сатылып алынган уюмдун мурдагы ээлери алдында Топтун өзүнө алган милдеттенмелеринин (2), ошондой эле бизнести контролдоо укугуна ээ болуунун ордуна Топ тарабынан чыгарылган үлүштүк баалуу кагаздардын (3) суммасы катары эсептелет. Буга байланыштуу бардык чыгашалар, эрежедегидей эле, келип чыккан учурда пайдада же чыгымда чагылдырылат.

Төмөнкүлөрдү эске албаганда, идентификацияланган сатылып алынган активдер жана кабыл алынган милдеттенмелер сатып алуу күнүнө карата адилет наркы боюнча таанылат:

- кийинкиге калтырылган салык активдери жана милдеттенмелер ФОЭСтин (IAS) “Пайда салыгы” деген 12-стандартына ылайык таанылат;
- сатылып алынган бизнестин акцияларына негизделген төлөөлөр боюнча келишимдерине же Топтун акцияларга негизделген төлөөлөр боюнча сатылып алынган бизнестин ушундай төлөөлөр боюнча келишимдеринин ордуна түзүлгөн келишимдерине байланыштуу милдеттери же үлүштүк баалуу кагаздары сатып алуу күнүнө карата ФОЭСтин (IFRS) “Акцияларга негизделген төлөөлөр” деген 2-стандартына ылайык бааланат; жана
- ФОЭСтин (IFRS) “Сатуу үчүн каралган узак мөөнөттүү активдер жана токтотулган иш” деп аталган 5-стандартына ылайык сатуу үчүн каралган катары классификацияланган активдер (же колдонуудан калган активдер тобу) ФОЭСтин (IFRS) 5-стандартына ылайык бааланат.

Гудвил сатып алуу наркынын, сатып алынган уюмда көзөмөлдөбөгөн үлүшүнүн наркынын жана сатылып алынган уюмдун капиталында мурда сатып алуучуга таандык болгон үлүштүн (эгерде болгон болсо) адилет наркынын сатып алуу күнүнө карата анын таза идентификацияланган активдеринин жана милдеттенмелеринин өлчөмүнөн артышы катары эсептелет. Эгерде кайра баалоодон кийин сатылып алынган таза активдердин сатып алуу күнүндөгү таза наркы берилген сый акынын суммасынан, сатылып алынган уюмдагы көзөмөлдөбөгөн үлүшүнүн наркынан жана сатылып алынган уюмдун капиталында мурда сатып алуучуга таандык болгон үлүштүн (эгерде болгон болсо) адилет наркынан ашса, анда бул ашкан сумма ээлик кылуу үлүшүн адилет наркынан төмөн баада сатып алуудан түшкөн киреше катары пайдага кошулат.

Менчик үлүшүн жана аларга ээлик кылуучуларга уюм жоюлган учурда анын таза активдеринин пропорционалдуу үлүшүнө укук берген көзөмөлдөбөгөн үлүшү алгач адилет наркы боюнча же сатылып алынган бизнестин идентификацияланган таза активдеринин таанылган наркында көзөмөлдөбөгөн үлүшүнүн пропорционалдуу бөлүгүнүн өлчөмүндө бааланышы мүмкүн. Баалоо ыкмасы ар бир бүтүм үчүн өзүнчө тандалат. Көзөмөлдөбөгөн катышуу үлүшүнүн башка түрлөрү адилет наркы боюнча же колдонууга боло турган учурларда ФОЭСтин башка стандарттарында аныкталган методдун негизинде бааланат.

“Керемет Банк” ААКка инвестициялар контролдоого ээ болуу күнүнө карата идентификацияланган таза активдердин таанылган наркындагы көзөмөлдөбөгөн үлүш бөлүгүндө пропорционалдуу өлчөмдө бааланган.

## 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

### (д) Бизнести бириктирүү боюнча бүтүмдөр, уландысы

Бизнести баскыч менен бириктирген учурда Топтун сатылып алынган уюмдун капиталындагы буга чейинки үлүшү контролдоого ээ болгон күнгө карата адилет наркы боюнча кайра бааланат, ал эми келип чыккан айырма пайдада же чыгымда чагылдырылат. Контролдоого ээ болгон күнгө чейин сатылып алынган уюмдун капиталындагы буга чейинки үлүшүнө башка жыйынды кирешеде эсепке алынган кайра баалоо суммасы, эгерде бул ыкма үлүш колдонуудан калган шартта колдонулууга тийиш болсо, пайдага же чыгымга кайра классификацияланат.

### (е) Финансылык активдер

Финансылык активдер жана финансылык милдеттенмелер Топ келишимге ылайык тиешелүү финансылык инструменттер боюнча тарап катары иш алып барган шартта Топтун финансылык абалы жөнүндө консолидацияланган отчетунда чагылдырылат. Топ, финансылык активдерди сатып алуу жана сатуу утурумдук мүнөзгө ээ экендигинен улам, аларды бүтүмгө келишилген күн боюнча чагылдырат.

### *(i) Финансылык активдерди классификациялоо жана баа берүү*

ФОЭС (IFRS) 9-стандарты колдонулуучу чөйрөгө кирген, эсепте таанылган бардык финансылык активдер, баштапкы таануудан кийин финансылык активдерди тескөө үчүн Топтун бизнес-моделине жана акча агымдары боюнча келишимдерде каралган мүнөздөмөлөргө ылайык, амортизацияланган же адилет наркы боюнча бааланууга тийиш.

**Атап айтканда:**

- Анын максатынан болуп карыздын негизги суммасын жана пайыздарды төлөө гана саналган, келишимдерде каралган акча агымдарын алуу максатын көздөгөн бизнес-моделдин алкагында кармалып туруучу карыздык инструменттер баштапкы таануудан кийин амортизацияланган наркы боюнча бааланат.
- Анын максатынан болуп карыздын негизги суммасын жана пайыздарды төлөө гана саналган, келишимдерде каралган акча агымдарын алуу сыяктуу эле, тиешелүү карыздык инструменттерди сатуу максатын да көздөгөн бизнес-моделдин алкагында кармалып туруучу карыздык инструменттер баштапкы таануудан кийин башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланат.
- Бардык башка карыздык инструменттер (мисалы, адилет наркы боюнча бааланган же сатууга каралган карыздык инструменттер) жана үлүштүк инструменттерге салынган инвестициялар баштапкы таануудан кийин, пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланат.

Мында финансылык активди баштапкы таануу учурунда Топ ар бир өзүнчө жагдайда жокко чыгарууга мүмкүн болбогон тандоону/классификациялоону жүзөгө ашырууга укуктуу. Атап айтканда:

- Эгерде, өздүк капиталга инвестициялар соода үчүн каралбаса жана бизнести бириктирүүдө сатып алуучу тарабынан таанылган жана ага карата ФОЭСтин (IFRS) 3-стандарты колдонулган шарттуу сый акы болуп саналбаса, анда Топ башка жыйынды кирешенин курамында өздүк капиталга инвестициялардын адилет наркынын кийинки өзгөрүүлөрүн берүү тууралуу акыркы чечим кабыл алууга укуктуу; ошондой эле

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

**(е) Финансылык активдер, уландысы**

***(i) Финансылык активдерди классификациялоо жана баа берүү, уландысы***

- Эгерде, мындай карыздык инструмент амортизацияланган же башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча таануу үчүн критерийлерге ылайык келсе жана бул эсепке алуу жагында дал келбөөчүлүктү четтетип же кыйла азайткан шартта (“адилет наркы боюнча эсепке алуу опциясы”), Топ мындай карыздык инструментти пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган категориясына киргизүү жөнүндө акыркы чечим кабыл алышы мүмкүн.

Амортизацияланган наркы боюнча бааланган финансылык активдер. Келишимде каралган акча каражаттары агымын алуу үчүн активди кармап туруу боюнча бизнес-моделде, финансылык активдерди тескөө финансылык инструменттин колдонуу мөөнөтү ичинде негизги сумманы жана пайыздарды төлөөлөрдү алуу аркылуу акча каражаттары агымын ишке ашыруу максатында жүргүзүлөт. Бул бизнес-моделдин алкагында финансылык активди ордун жабууга чейин кармап туруу артыкчылыктуу болуп саналат, бирок мөөнөтүнөн мурда ишке ашырууга тыюу салынган эмес.

Амортизацияланган наркы боюнча бааланган финансылык активдерге төмөнкүдөй активдер кирет:

- чет өлкө банктарындагы депозиттердеги алтын (6-эскертүү);
- чет өлкө банктарындагы мөөнөттүү депозиттер, эл аралык финансылык мекемелердеги мөөнөттүү депозиттер жана кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттары (7-эскертүү);
- банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер (8-эскертүү);
- кардарларга берилген кредиттер (9-эскертүү);
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына векселдерин кошо алганда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн баалуу кагаздары (11-эскертүү); жана
- дебитордук карыз (17-эскертүү).

Финансылык активдер баштапкы баа берүүдөн кийин амортизацияланган наркы боюнча нарксызданышынан кийинки чыгашаны алып салуу менен натыйжалуу пайыздык чен ыкмасын колдонуу аркылуу бааланат.

Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган, финансылык активдер. Келишимде каралган акча агымдарын алуу үчүн активдерди кармап туруу жана финансылык активдерди сатуу боюнча бизнес-моделинде финансылык активдерди тескөө келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алууну көздөгөндөй эле, финансылык активдерди сатууну да максат кыла тургандыгы каралган. Аталган бизнес-моделдин алкагында финансылык активди сатуудан акча каражаттарын алуу артыкчылыктуу болуп саналат, бул “Келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн активди кармап туруу” бизнес-моделине салыштырганда, активдердин бат-бат сатылышы жана көлөмүнүн көптүгү менен мүнөздөлөт.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

## (e) Финансылык активдер, уланды

### *(i) Финансылык активдерди классификациялоо жана баа берүү, уландысы*

Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдерге төмөнкү активдер кирет:

- чет өлкө банктарындагы жана эл аралык финансылык мекемелердеги “ностро” эсептери (7-эскертүү);
- мамлекеттик жана агенттик карыздык милдеттенмелерге салынган инвестициялар, ошондой эле эл аралык финансылык мекемелердин карыздык милдеттенмелери (10-эскертүү).

Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдердин адилет наркы ФОЭСтин (IFRS) “Адилет наркын баалоо” деп аталган 13-стандартына ылайык (“ФОЭСтин (IFRS) 13-стандарты”) аныкталат.

Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер үчүн адилет наркы боюнча пайда же чыгымдар активди таануу токтотулган учурга чейин башка жыйынды кирешенин курамында чагылдырылат, ал эми буга чейин капиталдын курамында чагылдырылган топтолгон пайда же чыгымдар, пайда же чыгымдын курамына которулат.

<u>Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер.</u> Бардык башка карыздык инструменттер (мисалы, адилет наркы боюнча бааланган же сатууга каралган карыздык инструменттер) жана үлүштүк инструменттерге салынган инвестициялар баштапкы таануудан кийин, пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланат.

Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдердин адилет наркы ФОЭСтин (IFRS) “Адилет наркын баалоо” деп аталган 13-стандартына ылайык (“ФОЭСтин (IFRS) 13-стандарты”) аныкталат.

Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер үчүн адилет наркы боюнча пайда же чыгымдар пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчетто таанылат.

**<u>Кайра классификациялоо</u>**. Топ ага ылайык тигил же башка финансылык активди кармап турган бизнес-модель өзгөргөн шартта, мындай активдер кайра классификацияланат. Жаңы категорияга тиешелүү классификациялоого жана наркын баалоого карата талаптар бизнес-моделде өзгөрүүлөр пайда болгондон кийин биринчи отчеттук мезгилдин биринчи күнүнөн тартып колдонулат, алар Топтун финансылык активдеринин кайра классификацияланышына алып келген. Келишимде каралган акча агымдарынын өзгөрүшү төмөндө “Финансылык активдерди модификациялоо жана аларды таанууну токтотуу” бөлүгүндө келтирилген эсепке алуу саясатына ылайык талдап-иликтенет.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

## (e) Финансылык активдер, уландысы

### *(ii) Баалуу кагаздарды сатып алуу жана кайтарым сатуу келишими боюнча алууга каралган эсептер жана баалуу кагаздарды сатуу жана кайтарым сатып алуу келишими боюнча төлөөгө каралган эсептер*

Топ өз иш процессинде финансылык активдерди сатуу жана кайтарым сатып алуу жөнүндө келишимдерди (мындан ары – "РЕПО келишимдери"), ошондой эле сатып алуу жана кайтарым сатуу жөнүндө келишимдерди (мындан ары – Кайтарым сатып алуу РЕПО келишимдери) түзөт. РЕПО жана кайтарым РЕПО операциялары Топ тарабынан ликвиддүүлүктү тескөө каражатынын бири катары колдонулат.

РЕПО бүтүмдөрү – бул финансылык активдерди алынган акчалай же башка сый акыга эквиваленттүү суммада, плюс топтолгон пайызда келечекте кайтарым сатып алуу боюнча милдеттенме менен бирге акчалай же башка сый акыга финансылык активди алмашуу менен башка тарапка берүү тууралуу келишим. РЕПО келишимдери боюнча операциялар эсепте каржылоо операциялары катары чагылдырылат. РЕПО келишимдери боюнча сатылган финансылык активдер мындан ары да консолидацияланган финансылык отчетто чагылдырылса, мындай келишимдер боюнча алынган каражаттар активдерди күрөөгө коюу менен камсыздалган, алынган депозит катары банктардагы депозитардык инструменттердин курамында чагылдырылат.

Кайтарым сатып алуу РЕПО келишимдери боюнча сатылып алынган активдер консолидацияланган финансылык отчетто баалуу кагаздарды же башка активдерди күрөөгө коюу менен камсыздалган, депозитте жайгаштырылган каражаттар катары чагылдырылат жана банктардагы каражаттар жана/же берилген кредиттер катары классификацияланат.

Топ баалуу кагаздар боюнча РЕПО келишимдерин жана кадимки рынок тажрыйбасына ылайык ал камсыздоого алган же берген баалуу кагаздар менен насыя бүтүмдөрүн түзөт. Кыргыз Республикасында жана КМШнын башка өлкөлөрүндө кайтарым сатып алуу операцияларынын стандарттуу шарттарына ылайык, камсыздоону алуучу бүтүм боюнча эсептешүүдө эквиваленттүү баалуу кагаздарды кайтарып берген шартта, камсыздоону сатууга же кайра күрөөгө коюуга укуктуу.

Баалуу кагаздардын контрагенттерге берилиши менчик укугуна байланыштуу тобокелдиктер жана пайдалар да берилген учурда гана финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчетто чагылдырылат.

### *(iii) Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер жана милдеттенмелер*

Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер финансылык туунду инструменттерди түшүндүрөт жана өзүнө пайыздык свопторду, валюталык-пайыздык свопторду жана кредиттик-дефолттук свопторду камтыйт. Туунду финансылык инструменттер алгач инструмент түзүлгөн күнгө карата адилет наркы боюнча таанылат, андан соң ар бир отчеттук күнгө карата адилет наркы боюнча кайра бааланат. Натыйжада келип чыккан пайда/чыгым дароо пайдага же чыгымга кошулат.

Алгылыктуу адилет наркы менен туунду финансылык инструменттер финансылык актив катары таанылат, ал эми терс адилет наркы менен туунду финансылык инструменттер финансылык милдеттенме катары таанылат.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

## (е) Финансылык активдер, уландысы

### *(iv) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү*

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды таанууга жалпы ыкма. Топ пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланбаган төмөнкү финансылык инструменттерге карата күтүлүүчү кредиттик чыгымдар боюнча баалануучу камдарды тааныйт:

- чет өлкө банктарындагы депозиттердеги алтын (6-эскертүү);
- кассадагы, банктардагы жана башка финансылык мекемелердеги каражаттар (7-эскертүү);
- банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер (8-эскертүү);
- кардарларга берилген кредиттер (9-эскертүү);
- башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган инвестициялар (10-эскертүү);
- амортизацияланган наркы боюнча бааланган инвестициялар (11-эскертүү);
- башка финансылык активдер (17-эскертүү); жана
- берилген финансылык гарантиялар (32-эскертүү).

Нарксыздануудан келип чыккан чыгым үлүштүк инструменттерге инвестициялар боюнча таанылбайт.

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды (түзүлгөн же сатылып алынган кредиттик нарксызданган финансылык активдер боюнча чыгымдарды кошпогондо, алар төмөндө өзүнчө каралат) баалануучу кам аркылуу баалоо зарыл, анын өлчөмү төмөнкүлөргө барабар:

- кийинки 12 ай ичинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын өлчөмүнө, б.а. финансылык инструменттин бүтүндөй иштөө мөөнөтү ичиндеги кредиттик чыгымдардын бөлүгүнө барабар, ал отчеттук күндөн кийин (“биринчи стадия”) 12 ай ичинде келип чыгышы мүмкүн болгон инструмент боюнча милдеттенмелердин аткарылбай калышынан улам келип чыгуучу кредиттик чыгымдарды билдирет;
- финансылык инструменттин бүтүндөй иштөө мөөнөтү ичинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын өлчөмүнө барабар, алар бүтүндөй иштөө мөөнөтү ичинде инструмент боюнча милдеттенмелер аткарылбай калган бардык учурлардын натыйжасында келип чыгат (“экинчи стадия” жана “үчүнчү стадия”).

Инструмент боюнча кредиттик тобокелдик деңгээли кыйла жогорулаган шартта, аны баштапкы таануудан тартып финансылык инструменттин бүтүндөй иштөө мөөнөтү ичинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын толук өлчөмүндө баалануучу камды түзүү талап кылынат. Калган бардык учурларда күтүлүүчү кредиттик чыгымдар боюнча камдар 12 ай чегинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга барабар өлчөмдө түзүлөт.

Сатылып алынган же түзүлгөн кредиттик наркызданган финансылык активдер боюнча Топ, баштапкы таануу учурунан тартып активдин бардык колдонуу мөөнөтү ичинде, күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын бардык өзгөрүлгөн өлчөмдөрүн баалоо камы катары тааныйт; мында бардык өзгөрүүлөр пайда же чыгым курамында таанылат. Күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын өлчөмдөрү алгылыктуу динамикага ээ болгон учурда мындай активдер үчүн нарксыздануудан пайда таанылат.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

**(е) Финансылык активдер, уландысы**

***(iv) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, уландысы***

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды эсептөө үчүн төмөнкү формула колдонулат:

ECL = EAD * LGD * PD, мында

ECL – күтүлүүчү кредиттик чыгымдар;

EAD – тобокелдик алдындагы сумма;

LGD – дефолт учурундагы жоготуулар;

PD – дефолтко учуроо ыктымалдуулугу.

Кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулоосун аныктоо ыкмасы**.** Баштапкы таануу учурунан тартып кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулоосу аныкталган шартта, Топ нарксыздануу боюнча талаптарга туура келген финансылык гарантия боюнча насыяларды жана келишимдерди сунуштоо боюнча бардык финансылык активдерге, милдеттенмелерге мониторинг жүргүзөт. Топ кредиттик тобокелдик олуттуу жогорулаган учурда, кийинки 12 ай ичиндеги гана эмес, кредит берүүнүн бүтүндөй мөөнөтүндө күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын өлчөмүнүн негизинде, бааланууучу камдын өлчөмүнө баа берет. Кредиттик тобокелдик деңгээли кыйла жогорулаган финансылык активдерге карата “экинчи стадиядагы активдер” деген термин колдонулат.

Баштапкы таануу учурунан тартып финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулоосуна баа берүүдө, Топ отчеттук күнгө карата абал боюнча калган төлөө мөөнөтүнө жараша инструмент боюнча дефолтко учуроо тобокелдигин финансылык инструментти баштапкы таануу учурунда калган төлөө мөөнөтү үчүн белгиленген отчеттук күнгө карата болжолдонгон дефолтко учуроо тобокелдигине салыштырат. Мындай баа берүүдө Топ өткөн жылдар үчүн жана болжолдонгон маалыматтарды кошо алганда, негизделген жана тастыкталган сандык жана сапаттык маалыматты эске алат, ал Топтун болжолдонгон маалыматтарын кошо алганда, тажрыйбасынын жана эксперттик баа берүүлөрүнүн негизинде өзүн актабаган сарптоолорсуз же аракеттерсиз алынышы мүмкүн.

Кредиттик нарксызданган финансылык активдер. Финансылык актив ал боюнча келечектеги акча агымдарынын эсептелишине терс таасирин тийгизүүчү бир же бир нече жагдайлар келип чыккан шартта, кредиттик нарксызданган финансылык актив болуп саналат. Кредиттик нарксызданган финансылык активдерге карата “үчүнчү стадиядагы активдер” деген термин колдонулат.

Күтүлүүчү чыгымдарга баа берүү, кредиттик тобокелдиктин кыйла жогорулоо критерийлери жана финансылык активдердин ар бир тобу боюнча кредиттин баасынын түшүүсү боюнча кыйла толук маалымат төмөндө келтирилген.

**Чет өлкө банктарындагы депозиттердеги алтын, кассалардагы, банктардагы жана башка финансылык мекемелердеги каражаттар жана башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган инвестициялар боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү**

Активдердин стадиялары эл аралык рейтингдик агенттиктердин (Moody’s Investors Service, Fitch Ratings, Standard & Poors, мындан ары – тиешелүүлүгүнө жараша, Moody’s, Fitch, S&P) рейтингдеринин, Топтун контрагенттеринин финансылык отчетун жана алардын кредиттик тобокелдик деңгээлинин өзгөрүүсүн аныктоого мүмкүндүк берүүчү башка маалыматты изилдөөнүн негизинде аныкталат.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

## (е) Финансылык активдер, уландысы

### *(iv) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, уландысы*

Кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулоосун аныктоо ыкмасы. Бул активдердин кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла начарлашынын белгилери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- жогоруда көрсөтүлгөн бир же андан ашык рейтингдик агенттиктердин классификациясы боюнча контрагенттин узак мөөнөттүү рейтингинин Baa2 (BBB) рейтингинен төмөн деңгээлге начарлашы;
- Топтун контрагенттери боюнча лимиттерди аныктоо саясатына ылайык алар боюнча лимиттерди эсептөө учурунда контрагент-коммерциялык банкка белгиленген деңгээлден төмөн балл берилиши;
- контрагенттин катары менен 2 (эки) жыл же андан ашык мөөнөт ичинде жылдык таза чыгымдарды алуусу;
- Топтун төлөм тапшырмаларына ылайык валюталык каражаттарды чегерүү боюнча милдеттенмелердин аткаруу мөөнөтүнүн өтүп кетиши же негизги сумманын жана/же пайыздардын 3 (үч) күндөн ашык мөөнөткө кечиктирилип төлөнүшү;
- ири айыптык төлөмдөр, соттук териштирүүлөр жөнүндө маалыматтар жана ишенимдүү булактардан алынган келечектеги отчеттук мезгил ичинде контрагенттин кредиттик тобокелдигинин деңгээлине таасирин тийгизүүчү башка терс маалыматтар.

Чет өлкө банктарындагы депозиттердеги алтындын, кассалардагы, банктардагы жана башка финансылык мекемелердеги каражаттардын кредиттик нарксызданышынын белгилери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- дефолт, б.а. контрагенттин өз милдеттенмелерин аткаруу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу же андан баш тартуусу;
- милдеттерин аткаруу мөөнөтүнүн 30 күндөн ашык мөөнөткө өтүп кетиши;
- контрагенттин карызды реструктуризациялоо тууралуу талабы;
- контрагентке бир же бир нече агенттиктер тарабынан D/Default, бир бөлүгүнүн/айрымдарынын дефолтко учуроосу (RD/SD) рейтингинин берилиши;
- ишенимдүү булактардан алынган алгылыксыз, башка маалымат, ал контрагенттин Топ менен түзүлгөн келишими боюнча милдеттенмелерин аткарууга мүмкүндүк бербеген олуттуу финансылык кыйынчылыктарынын индикатору болуп саналат.

Чет өлкө банктарындагы депозиттердеги алтын, кассалардагы, банктардагы жана башка финансылык мекемелердеги каражаттар жана башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган инвестициялар боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды эсептөө

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

**(е) Финансылык активдер, уландысы**

***(iv) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, уландысы***

Ностро эсептер үчүн тобокелдик алдындагы сумма күндөлүк эсеп боюнча (акыркы 12 ай ичиндеги ар бир айдын акырына карата эсептеги калдыктардын орточо мааниси катары эсептелген) орточо жылдык калдыкка барабар, ал Улуттук банктын отчеттук күнгө карата расмий курсу боюнча сомго кайра эсептелген.

Чет өлкө банктарындагы мөөнөттүү депозиттер, эл аралык финансылык мекемелердеги мөөнөттүү депозиттер жана мамлекеттик (суверендүү), муниципалдык жана агенттик карыздык милдеттенмелерге, ошондой эле эл аралык финансылык мекемелердин карыздык милдеттенмелерге инвестициялар үчүн тобокелдик алдындагы сумма Улуттук банктын отчеттук күнгө карата расмий курсу боюнча сомго кайра эсептелген активдер (негизги сумма жана пайыздар) боюнча келечекте келтирилүүчү келишимдик акча агымдарына барабар.

Дефолт учурундагы жоготуулар болуп, Топко келишимге ылайык таандык боло турган акча агымдары менен Улуттук банк контрагенттин дефолтко учурашында алууну болжолдогон акча агымдарынын ортосундагы айырманын үлүшү саналат. Дефолт учурундагы жоготуулар нөлдөн 100 пайызга чейин өзгөрүп турат жана төмөнкү формула боюнча эсептелет:

LGD =100% - RR, мында

RR (калыбына келтирүү чени) – рейтингдик агенттиктердин маалыматына ылайык контрагент же инструмент дефолтко учураган шартта, акча каражаттарын кайтарып берүү үлүшүнүн көрсөткүчү.

Дефолтко (PD) учуроо ыктымалдуулугу катары дефолттун орточо кумулятивдик чендери пайдаланылат, алар Moody’s эл аралык рейтингдик агенттиги тарабынан жарыяланат жана жаңыланат. Ал эми альтернатива катары S&P рейтингдик агенттиги берген ушул сыяктуу чендер пайдаланылат. Эгерде, контрагентке Moody’s жана S&P агенттиктеринин рейтинги берилбеген болсо, анда Fitch агенттигинин ушул сыяктуу рейтинги колдонулат.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн баалуу кагаздары боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү**

Кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулоосун аныктоо ыкмасы. Кыргыз Республикасынын суверендүү рейтингинин бир жыл ичинде (акыркы 12 ай ичинде) эл аралык рейтингдик агенттигинин шкаласы боюнча 2 (эки) жана андан ашык деңгээлге төмөндөшү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн баалуу кагаздары үчүн кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла начарлашынын белгиси болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн баалуу кагаздарынын кредиттик нарксызданышынын белгиси болуп, төлөмдөрдү мөөнөтүнөн кечиктирүүгө расмий түрдө берилген мезгилди эске албаганда, келишимдик милдеттенмелердин 30 күндөн ашык мөөнөткө аткарылбай калышы эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн баалуу кагаздары боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымды эсептөө.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

## (е) Финансылык активдер, уландысы

### *(iv) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, уландысы*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн баалуу кагаздары үчүн тобокелдик алдындагы сумма баалуу кагаздардын негизги суммасынын жана алар боюнча келечекте алынуучу пайыздардын калдыгынын келтирилген наркына барабар.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн баалуу кагаздары үчүн дефолт учурундагы жоготуулар Кыргыз Республикасынын суверендүү рейтингинин негизинде эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн баалуу кагаздары боюнча дефолтко учуроо ыктымалдуулугу катары Кыргыз Республикасынын суверендүү рейтингине, аталган баалуу кагаздардын түрүнө жана анын колдонуудагы мөөнөтү бүткөнгө чейинки мөөнөтүнө дал келүүчү дефолттун орточо алынган кумулятивдик чендери пайдаланылат.

**Банктарга жана башка финансылык мекемелерге берилген кредиттер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү**

Кредитти баштапкы таануу учурунда ага дефолттун башталуу тобокелдигинин төмөн деңгээли ыйгарылат, б.а. акыркы инстанциянын кредитин жана банкка берилген, Улуттук банктын тобокелдикти аныктоого багытталган системасына ылайык ишенимсиз катары аныкталган, ал боюнча дефолтко учуроо ыктымалдуулугу 100 пайызга барабар катары белгиленген ликвиддүүлүктү колдоо үчүн кредитти кошпогондо, берилген кредит биринчи стадияга кирет.

<u>Кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулоосун аныктоо ыкмасы</u>. Эгерде, банктын же финансылык мекеменин отчеттук мезгил ичинде дефолтко учуроо ыктымалдуулугунун көрсөткүчү акыркы 60 ай ичинде Кыргыз Республикасынын бүтүндөй банк тутумунда дефолтко учуроо ыктымалдуулугу жогору болгон банктардын катарына кирсе, анда бул факты карыз алуучу банктын кредиттик тобокелдиги кыйла жогору катары бааланат.

<u>Берилген кредиттин кредиттик нарксызданышынын белгиси</u> болуп, келишим милдеттенмелерин төмөнкү мөөнөттөрдө аткарбагандык болуп саналат:

- “овернайт” кредити жана 7 күндүк кредит боюнча – төлөмдөрдү мөөнөтүнөн кечиктирүүгө расмий түрдө берилген мезгилди эске албаганда, 1 (бир) күндөн ашык мөөнөткө;
- ишенимсиз банкка ликвиддүүлүгүн колдоого берилген кредитти эске албаганда, башка кредиттер боюнча - төлөмдөрдү мөөнөтүнөн кечиктирүүгө расмий түрдө берилген мезгилди эске албаганда, 30 (отуз) күндөн ашык мөөнөткө.

<u>Банктарга жана башка финансылык мекемелерге берилген кредиттер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды эсептөө</u>

Берилген кредиттер үчүн тобокелдик алдындагы сумма берилген кредиттин негизги суммасынын жана алар боюнча келечекте алынуучу пайыздардын калдыгынын келтирилген наркына барабар.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

## (e) Финансылык активдер, уландысы

### *(iv) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, уландысы*

Берилген кредиттер үчүн дефолт учурундагы жоготуулар күрөөлүк камсыздоонун түзүмүнө жараша болот жана аларды эсептөө үчүн төмөнкү формула колдонулат:

$$LGD = \frac{EAD - [\sum_{i=1}^{n} Collateral_i * (1 - Disc_factor_i)]}{EAD}$$ , мында

EAD – тобокелдик алдындагы сумма;

$Collateral_i$ – күрөөлүк камсыздоонун белгилүү бир түрүнүн наркы;

$Disc_factor_i$ – күрөөлүк камсыздоонун белгилүү бир түрүнө ылайык келүүчү дисконт.

Берилген кредиттер үчүн дефолтко учуроо ыктымалдуулугу (PD) карыз алуучулардын финансылык көрсөткүчтөрүнүн динамикасына жана кредит алган банктардын жана финансылык мекемелердин негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрүнүн динамикасына негизделген, адистештирилген моделдин негизинде эсептелет.

**Кардарларга берилген кредиттердин нарксызданышы**

Кардарларга берилген кредиттер белгиленген же аныкталган төлөмдөрү менен активдерди түшүндүрөт, алар Топ акча каражаттарын түздөн-түз карыз алуучуларга алына турган каражаттарды сатуу ниетин көздөөсүз берген учурда келип чыгат.

Белгиленген төлөө мөөнөтү менен Топ тарабынан берилген кредиттер алгач адилет наркы боюнча, ага кошумча бүтүмдөр боюнча сарптоолор менен таанылат. Сунушталган каражаттардын адилет наркы кредиттин адилет наркынан айырмаланган шартта, мисалы, кредит рыноктогудан төмөн чен боюнча берилсе, сунушталган каражаттардын адилет наркы менен кредиттин адилет наркынын ортосундагы айырма кредитти баштапкы таануу учурунда чыгым катары таанылат жана пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчетто, ошондой эле жыйынды киреше жөнүндө консолидацияланган отчетто рыноктогудан төмөн чен боюнча жайгаштырылган активдерден чыгым катары камтылат. Кредиттердин баланстык наркынан кийинки баа берүү натыйжалуу пайыздык чен методун колдонуу менен жүргүзүлөт. Төлөө мөөнөтү белгиленбеген кредиттер болжолдонуп жаткан төлөө мөөнөтүнө таянуу аркылуу, натыйжалуу пайыздык чен методун пайдалануу менен эсепке алынат.

Кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулоосун аныктоо ыкмасы. Кардарларга берилген, кредиттик тобокелдиктин олуттуу жогорулоосун аныктоодо бирдей салмакка ээ болгон, кредиттер үчүн кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла начарлашынын белгилери болуп төмөнкүлөр саналат:

- милдеттенмелердин 30 же андан ашык күнгө кечиктирилип аткарылышы;
- мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген күндөрдүн саны 30 күндөн азды түзөт, бирок акыркы 6 ай ичинде кеминде бир жолу 60 күндөн ашык мөөнөтүнөн кечиктирилген;
- кеминде 30 күн мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген күндөрдүн саны менен реструктуризацияланган ссуда жана реструктуризацияланган учурдан тартып 1 жылдан ашык убакыт өткөн, бирок кеминде 3 жыл;
- отчеттук күнгө карата калдык дефолт катары классификацияланбайт, бирок акыркы 12 ай ичиндеги карыз жок дегенде бир жолу 3-стадияда болгон;

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

## (е) Финансылык активдер, уландысы

### *(iv) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, уландысы*

Кардарларга берилген кредиттердин кредиттик нарксыздануу белгилери. Топ кредитти дефолтко дуушарланган катары карайт, демек аны күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды (кредиттик наркызданган кредиттер) эсептөө үчүн төмөнкү белгилер болгондо 3-стадияга киргизет:

- карыз алуучунун 90 күндөн ашык мөөнөтү өтүп кеткен Топ алдындагы олуттуу кредиттик милдеттенмеси бар;
- Топ, карыз алуучу мөөнөтү өтүп кеткен кандайдыр бир сумманын же мөөнөтү өтүп кеткен күндөрдүн санына карабастан, күрөөнү сатып өткөрүүсүз, өзүнүн кредиттик милдеттенмелерин толук өлчөмдө төлөй тургандыгын аз күмөндүү деп эсептейт;
- кеминде 90 күн мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген күндөрдүн саны менен реструктуризацияланган ссуда жана реструктуризацияланган учурдан тартып 1 жылдан аз убакыт өткөн.

Дефолтту аныктоо негизинен активдердин ар башка типтеринин ар түрдүү мүнөздөмөлөрүн чагылдыруу үчүн ыңгайлаштырылган. Эгерде кардар белгиленген кредиттик лимитти бузса же анын карызынын учурдагы суммасынан аз өлчөмдө лимит белгиленгендиги тууралуу маалымдар болсо, овердрафттар мөөнөтүнөн өткөрүлгөн катары эсептелет.

Кардарларга берилген кредиттер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды эсептөө. Дефолтко (PD) учуроо ыктымалдуулугу карыз алуучу финансылык милдеттенмелерин кийинки 12 ай ичинде же калган мөөнөт ичинде аткарбай калышы мүмкүн экендигин түшүндүрөт.

Бүтүндөй мөөнөткө дефолтко (PD) учуроо ыктымалдуулугу өтүп жаткан 12 ай ичинде дефолтко учуроо ыктымалдуулугуна карата төлөө мөөнөтүн колдонуу аркылуу эсептелген. Төлөө таржымалы кредиттерди колдонуу мөөнөтү ичинде портфелдердин көлөмү баштапкы таануу учурунан тартып өз нугунда көбөйүп жаткандыгын көрсөтөт. Төлөө таржымалы өткөн мезгилдердеги байкоолорго негизделген жана ал портфелдин жана кредиттик рейтингдин диапазонунун чегиндеги бардык активдер үчүн бирдей болуп санала тургандыгын болжолдойт. Бул мурдагы талдап-иликтөө менен тастыкталат.

Дефолт учурундагы (LGD) жоготуулар дефолттон кийин калыбына келтирүүгө таасирин тийгизүүчү факторлордун негизинде аныкталат. Алар кредиттин түрүнө жараша болот:

- Камсыздалган кредиттер үчүн, алар биринчи кезекте, камсыз кылуунун түрүнө жана анын болжолдонгон наркына, мажбурлап сатуудан улам рыноктук/балансттык наркына карата мурдагы дисконтторуна, алып салууга чейинки убакытка жана калыбына келтирүү боюнча байкалган сарптоолорго негизделген;
- Камсыздалбаган кредиттер үчүн дефолт учурундагы жоготуулар адатта 100 пайыздын деңгээлинде белгиленет.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

## (е) Финансылык активдер, уландысы

### *(iv) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, уландысы*

Тобокелдик алдындагы сумма (EAD) карыздын негизги суммасын жана пайыздарды төлөөнү кошо алганда, тобокелдик деңгээлинин отчеттук күндөн кийин күтүлүп жаткан өзгөрүүлөрүн эске алуу менен келечектеги дефолтко учуроо күнүнө карата тобокелдикке баа берүүнү түшүндүрөт.

**Финансылык гарантия боюнча келишимдер**

Финансылык гарантия боюнча келишим – бул, карыз алуучу карыздык инструменттин шарттарына ылайык төлөмдөрдү өз учурунда жүргүзбөгөндүгүнө байланыштуу гарантия ээси тарткан чыгымдардын ордун жабуу үчүн эмитентти белгилүү бир төлөмдөрдү жүргүзүүгө милдеттендирүүчү келишим.

Топ тарабынан түзүлгөн финансылык гарантия келишимдери боюнча милдеттенмелер алгач адилет наркы боюнча бааланат, ал эми жыйынтыгында (эгерде, жетекчилик аларды пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган категорияга киргизбесе) төмөнкү өлчөмдөрдүн көбүрөөгү боюнча чагылдырылат:

- ФОЭСтин (IFRS) 9-стандартына ылайык аныкталган чыгымдар алдында баалануучу камдын суммасы; жана
- Топтун түшкөн акчаны таануу боюнча саясатына ылайык таанылган, топтолгон кирешени (зарылчылыгына жараша) эсептен чыгаруу менен баштапкы таанылган сумма.

Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган катары классификацияланбаган финансылык гарантия боюнча келишимдер финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчетто баалануучу милдеттенмелер катары берилет, ал эми кайра баалоонун натыйжалары пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчетто башка кирешелердин курамында чагылдырылат.

Топ кандайдыр бир финансылык гарантия боюнча келишимдерди пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган катары классификациялаган эмес.

**Кредиттерди рыноктогу ченден төмөн чен менен сунуштоо боюнча милдеттенмелер**

Кредиттерди рыноктогудан төмөн чен менен сунуштоо боюнча милдеттенмелер алгач адилет наркы боюнча бааланат, андан кийин (эгерде, пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган катары классификацияланбаса) төмөнкү өлчөмдөрдүн көбүрөөгү боюнча чагылдырылат:

- ФОЭСтин (IFRS) 9-стандартына ылайык аныкталган чыгымдар алдында баалануучу камдын суммасы; жана
- Топтун түшкөн акчаны таануу боюнча саясатына ылайык таанылган, топтолгон кирешени (зарылчылыгына жараша) эсептен чыгаруу менен баштапкы таанылган сумма.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

## (e) Финансылык активдер, уландысы

### *(iv) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, уландысы*

Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган катары классификацияланбаган кредиттерди рыноктогудан төмөн чен менен сунуштоо боюнча милдеттенмелер финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчетто баалануучу милдеттенмелер катары берилет, ал эми кайра баалоонун натыйжалары пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчетто башка кирешелердин курамында чагылдырылат. Топ насыяларды рыноктогудан төмөн чен менен сунуштоо боюнча кандайдыр бир милдеттенмелерди пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган катары классификациялаган эмес.

### *(v) Финансылык абал жөнүндө отчетто күтүлүүчү кредиттик чыгымдар боюнча баалануучу камды көрсөтүү*

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдар боюнча баалануучу кам финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчетто төмөнкүдөй көрсөтүлөт:

- Амортизацияланган наркы боюнча бааланган финансылык активдер үчүн: активдердин дүң баланстык наркынан алып салынган катары;
- Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган категориясындагы карыздык инструменттер үчүн: баалануучу кам финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчетто таанылбайт, анткени баланстык нарк адилет наркы боюнча бааланат. Мында күтүлүүчү кредиттик чыгымдар боюнча баалануучу кам инвестицияларды кайра баалоо боюнча камдын курамында кайра баалоо суммасына киргизилет;
- Кредиттерди сунуштоо жана финансылык гарантия боюнча келишимдер боюнча милдеттенмелер үчүн: баалануучу милдеттенме катары; ошондой эле
- Эгерде, кредиттерди сунуштоо боюнча милдеттенмеде пайдаланылган компонент сыяктуу эле, пайдаланылбаган компонент да камтылса жана Топ пайдаланылбаган компонент үчүн күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды пайдаланылган компонент үчүн чыгымдардан өзүнчө бөлүп аныктай албаса, анда Топ отчетто эки компонент үчүн чогуу алынган баалануучу камды көрсөтөт. Чогуу алгандагы сумма пайдаланылган компоненттин дүң баланстык наркынан алып салуу катары берилет. Баалануучу камдын өлчөмүнүн пайдаланылган компоненттин дүң баланстык наркынан кандай болбосун көбөйүшү баалануучу милдеттенме катары көрсөтүлөт.

### *(vi) Финансылык активдерди модификациялоо жана аларды таанууну токтотуу*

Финансылык активди баштапкы таануу күнү менен төлөө күнүнүн ортосунда актив боюнча акча агымдарын жөнгө салуучу келишимдик шарттар кайра каралып чыкса же башка модификация жүрсө, финансылык актив модификацияланат. Модификация келишимде каралган акча агымдарынын суммасына жана/же мөөнөтүнө ошол эле учурда, же болбосо келечекте таасирин тийгизет.

Финансылык активдерди модификациялоодо Топ бул модификация активди таанууну токтотууга алып келерине баа берет. Модификация келишим шарттарында олуттуу айырмачылыктарды шарттаган учурда таанууну токтотууга алып келет. Өзгөртүлгөн шарттар баштапкы келишим шарттарынан олуттуу айырмалана тургандыгын аныктоо үчүн Топ сапаттуу жана сандык факторлорду иликтеп чыгат.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

**(e) Финансылык активдер, уландысы**

***(vi) Финансылык активдерди модификациялоо жана аларды таанууну токтотуу, уландысы***

Эгерде келтирилген нарктын маанилеринин ортосундагы айырма 10 пайыз жогору болсо, анда Топ каралган шарттар баштапкыдан олуттуу айырмаланып турат жана таануунун токтотулушуна алып келет деп эсептейт.

Топ модификацияланган финансылык активдер боюнча кредиттик тобокелдикти сапаттуу жана сандык маалыматтарга баа берүү аркылуу контролдоп турат.

Активди таанууну токтотууга алып келбеген, финансылык активдин келишим шарттары өзгөргөн учурда Топ баштапкы таануу учурунан тартып мындай актив боюнча кредиттик тобокелдик деңгээли кыйла жогорулагандыгын төмөнкүлөрдү салыштыруу менен аныктайт:

- баштапкы таанууда колдо болгон маалыматтардын жана баштапкы келишим шарттарынын негизинде бааланган, активдин калган колдонуудагы мөөнөтү ичинде дефолтко учуроо ыктымалдуулугун; жана
- кайра каралган шарттарга жараша отчеттук күнгө карата абал боюнча активдин калган колдонуудагы мөөнөтү ичинде дефолтко учуроо ыктымалдуулугун.

Топ тиешелүү келишим боюнча акча агымдарына укук токтотулган шартта (анын ичинде келишим шарттарынын олуттуу өзгөрүүсүнө алып келе турган, модификациялоонун натыйжасында укуктун бүтүшү) же финансылык активди жана активге ээлик кылууга байланыштуу бардык негизги тобокелдиктер жана пайдалар башка тарапка өткөрүлүп берилген учурда, финансылык активди таанууну токтотот.

Эгерде Топ активге ээлик кылууга байланыштуу бардык негизги тобокелдиктерди жана пайдаларды өткөрүп бербесе жана өзүндө сактабаса жана өткөрүп берилген активди контролдоону улантып жатса, анда ал бул активдеги жана ага байланыштуу милдеттенмедеги өз үлүшүн тиешелүү суммаларды төлөө мүмкүндүгү өлчөмүндө чагылдырат. Эгерде Топ өткөрүп берилген финансылык активдерге ээлик кылууга байланыштуу бардык негизги тобокелдиктерди жана пайдаларды өзүндө калтырса, анда ал бул активди эсепке алуусун улантат, ал эми акча каражаттарын берүүдө алынгандарды камсыздалган насыя түрүндө чагылдырат.

Эгерде Топ өздүк карыздык милдеттенмелерин сатып алса, анда ал финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчеттон алынып салынат жана милдеттенменин баланстык наркы менен төлөнгөн ордун толтуруунун ортосундагы айырма, милдеттенмени мөөнөтүнөн мурда төлөөдөн келип чыккан пайданын же чыгымдын курамына кошулат.

Топ карызды өндүрүү боюнча бардык чаралар кабыл алынгандан кийин ишенимсиз катары бааланган активдерди эсептен алып салат.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

**(з) Финансылык эмес активдердин нарксызданышы**

Калтырылган салыктардан айырмаланган башка финансылык эмес активдер, нарксыздануу белгилеринин болушу көз карашынан, ар бир отчеттук күнгө карата абал боюнча бааланат. Финансылык эмес активдердин орду жабылган наркынан болуп, сатуу боюнча чыгашаларды жана пайдалануудан алынган баалуулуктарды эсептен алып салгандан кийинки адилет нарктын эң чоң өлчөмү саналат. Акча каражаттарынын келечекте болжолдонгон агымын пайдалануудан баалуулукту аныктоо учурунда, салык салууга чейинки дисконттоо чендерин пайдалануу менен ошол учурга ылайык калыптанган алардын наркына карата дисконттолуп, алар акчанын убактылуу наркына жана ошол активге мүнөздүү болгон тобокелдиктерге учурдагы рыноктук баа берүүнү чагылдырат. Башка активдер менен шартталган акча каражаттарынын агымынан олуттуу деңгээлде көз каранды болбогон акча каражаттарынын агымын шарттабаган активдер үчүн орду толтурулуп берилүүчү нарк, актив тиешелүү болгон акча каражаттарын шарттаган активдер тобу боюнча аныкталат. Активдин же акча каражаттарын шарттаган активдер тобунун баланстык наркы анын орду толтурулуп берилүүчү наркынан ашкан болсо, нарксыздануудан чыгым таанылат.

Финансылык эмес активдердин нарксыздануусунан келип чыккан бардык чыгымдар пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылып, эгерде орду жабылуучу нарктын аныктоодо колдонулган баа берүүлөрдө өзгөрүүлөр жүргөн болсо гана калыбына келтирилиши мүмкүн. Активдин нарксыздануусунан кандай болбосун чыгым калыбына келтирилүүгө тийиш, бирок анын шартында активдин баланстык наркы нарксыздануда чыгым консолидацияланган финансылык отчетто чагылдырылбай калышынан улам келип чыккан мына ошондой эле баланстык нарктан ашпаган көлөмдө калыбына келтирилет (амортизацияны жана эскилиги жеткендерди эсептен алып салуу менен).

**(и) Туунду жана ассоциацияланган уюмдарга инвестициялар**

Туунду уюмдарга инвестициялар нарксыздануудан чыгымды алып салуу менен баштапкы наркы боюнча эсепке алынат.

Топ ар бир отчеттук күнгө карата инвестициялардын баланстык наркын нарксызданышы боюнча тесттен өткөрөт жана мындай чыгашалар пайда же чыгым тууралуу отчетто башка чыгашалар курамында чагылдырылат.

Топтун ассоциацияланган уюмдарына инвестициялар үлүштүк катышуу ыкмасы боюнча эсепке алынат, ага ылайык инвестициялар баштапкы таануу учурунда өздүк наркы боюнча бааланат, андан соң алардын наркы инвестордун инвестициялоо объектилеринин таза активдериндеги үлүшүнүн сатып алуудан кийинки өзгөрүүсүн эске алуу менен корректировкаланат. Инвестордун пайдасына же чыгымына анын инвестиция объектисинин пайдасындагы же чыгымындагы үлүшү камтылат, ал эми инвестордун башка жыйынды кирешеси анын инвестициялоо объектисинин башка жыйынды кирешесиндеги үлүшүн камтыйт.

Пайданы бөлүштүрүүнүн натыйжасында инвестициялоо объектисинен алынган дивиденддер инвестициялардын баланстык наркын азайтат.

Топ инвестиция объектилеринин чыгымындагы жыйынды үлүшү анын инвестиция объектисинин чыгымындагы үлүшүнө барабар же арткан учурда, кошумча чыгашалардагы өз үлүшүн таанууну токтотот.

МАЗМУНУ

## 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

**(к) Негизги каражаттар**

***(i) Өздүк активдер***

Негизги каражаттардын объектилери нарксыздануудан келип чыккан чыгымдарды жана топтолгон амортизацияны алып салуу менен айкын наркы боюнча консолидацияланган финансылык отчетто чагылдырылат. Эгерде, негизги каражаттардын объектилери ар башка пайдалуу колдонуу мөөнөтүнө ээ болгон бир нече компоненттерден турса, мындай компоненттер негизги каражаттардын өзүнчө объектиси катары чагылдырылат.

***(ii) Амортизация***

Негизги каражаттар боюнча амортизация аларды пайдалуу колдонуунун болжолдонгон мөөнөтү ичинде эскилиги жеткендерди бирдей ченемде чегерүү ыкмасы боюнча чегерилип, пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылат. Амортизация объектини сатып алган күндөн тартып чегерилет, ал эми чарбалык ыкмада курулган негизги каражаттардын объектилери үчүн анын курулушу аяктап, пайдаланууга даяр болгон учурда чегерилет. Жер тилкелери боюнча амортизация чегерилбейт. Негизги каражаттардын ар кандай объектилеринин пайдалуу колдонуу мөөнөтүн төмөнкүдөй чагылдырууга болот:

| | |
|---|---|
| - Имараттар | 70-75 жыл |
| - Курулмалар | 15-20 жыл |
| - Эмерек жана жабдуулар | 5-10 жыл |
| - Компьютердик жабдуулар | 5-10 жыл |
| - Транспорт каражаттары | 5-7 жыл |

**(л) Материалдык эмес активдер**

Сатылып алынган материалдык эмес активдер консолидацияланган финансылык отчетто, топтолгон амортизациянын жана нарксыздануудан келип чыккан чыгымдын суммаларын эсептен алып салгандан кийин айкын наркы боюнча чагылдырылат.

Атайын программалык камсыздоолорго лицензияларды сатып алууга жана аны колдонууга киргизүүгө кеткен сарптоолор тиешелүү материалдык эмес активдин наркында эске алынат.

Материалдык эмес активдер боюнча амортизация аларды пайдалуу колдонуунун болжолдонгон мөөнөтү ичинде, эскилиги жеткендерди бирдей ченемде чегерүү ыкмасы боюнча чегерилип, пайда же чыгымдын курамында чагылдырылат. Материалдык эмес активдердин пайдалуу колдонуу мөөнөтү 5-7 жылды түзөт.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

## (м) Сатуу үчүн каралган узак мөөнөттүү активдер

Узак мөөнөттүү активдер жана колдонуудан калган активдер тобу, эгерде алардын баланстык наркы, негизинен, өндүрүшкө пайдалануу процессинде эмес, сатуу учурунда орду жабылса, анда сатуу үчүн каралган катары классификацияланат. Эгерде, актив (же колдонуудан калган топ) мындай активдерди (же колдонуудан калган топту) сатуунун адаттагы, типтүү болуп саналган шарттарында гана аны учурдагы абалында тез арада сатуу үчүн жеткиликтүү болсо, анда аталган шарт аткарылган катары саналат, ошол эле учурда аны сатуу ыктымалдуулугу жогору деңгээлде болууга тийиш. Жетекчилик актив сатуу үчүн каралган катары классификацияланган учурдан тартып, бир жыл ичинде аны сатып өткөрүүгө тийиш.

Эгерде, Топ туунду уюмдун контролдук топтомун сатуу планын кабыл алса, анда мындай туунду уюмдун бардык активдери жана милдеттенмелери жогоруда аталган критерийлерди аткаруу уюмдун, Топтун мурдагы туунду уюму сатылгандан кийин андагы көзөмөлдөбөгөн катышуу үлүшүн сактап калгандыгына карабастан, сатуу үчүн каралган катары кайра классификацияланат.

Эгерде, Топ көз каранды же биргелешкен ишканага финансылык салымдын же анын бир бөлүгүнүн колдонуудан калышы боюнча сатуу планын кабыл алса, анда мындай финансылык салым же анын бир бөлүгү, жогоруда айтылган шарттар аткарылган шартта, сатуу үчүн каралган катары классификацияланат. Мында Топ сатуу үчүн каралган бөлүгүнө карата үлүштүк катышуу ыкмасын колдонууну токтотот. Сатуу үчүн каралган катары классификацияланбаган көз каранды же биргелешкен ишканага салымдардын калган бөлүгү үлүштүк катышуу ыкмасын колдонуу менен эсепке алынышы улантылат. Эгерде, салымдардын колдонуудан калышы Топтун көз каранды же биргелешкен ишканага олуттуу таасирин жоготуусуна алып келсе, анда Топ алар колдонуудан калган учурда үлүштүк катышуу ыкмасын колдонууну токтотот.

Сатуу үчүн каралган катары классификацияланган узак мөөнөттүү активдер (жана колдонуудан калуучу активдер тобу) эки өлчөмдүн азыраагы боюнча бааланат: мындай классификациялоо учурундагы калдык нарк боюнча жана сатууга жумшалган сарптоолорду эсептен алып салуу менен адилет наркы боюнча.

## (н) Финансылык милдеттенмелер

Финансылык милдеттенмелер Топ келишим боюнча тиешелүү финансылык инструментке карата тарап болуп саналган учурда Топтун финансылык абалы жөнүндө консолидацияланган отчетто чагылдырылат. Топ бүтүм келишилген күн боюнча финансылык милдеттенмелерди сатып алуу жана сатуунун утурумдук мүнөзүн чагылдырат.

Топтун бардык финансылык милдеттенмелери амортизацияланган наркы боюнча эсепке алынат.

Топ финансылык милдеттенмелердин орду жабылган, жокко чыгарылган же алар боюнча талап кылуу мөөнөтү бүткөн учурда гана аларды таанууну токтотот. Таануу токтотулган финансылык милдеттенмелердин баланстык наркы менен төлөнгөн же төлөнүүгө тийиш болгон ордун толтуруунун ортосундагы айырма пайданын же чыгымдын курамында таанылат.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

## (н) Финансылык милдеттенмелер, уландысы

Топ менен кредитор ортосунда олуттуу айырмачылыктар менен карыздык инструменттерди кыйла айырмаланган шарттар менен алмашуу баштапкы финансылык милдеттенмени төлөө жана жаңы финансылык милдеттенмени таануу катары эсепке алынат. Топ учурдагы финансылык милдеттенменин же анын бөлүгүнүн шарттарынын олуттуу өзгөрүүсүн баштапкы финансылык милдеттенмени төлөө жана жаңы финансылык милдеттенмени таануу катары эсепке алат. Топ эгерде баштапкы натыйжалуу пайыздык чен боюнча дисконттолуп алынган комиссиялык сый акыны эсептен алып салуу менен комиссиялык сый акыны төлөөнү кошо алганда, жаңы шарттарга ылайык акча агымдарынын дисконттолуп келтирилген наркы, баштапкы финансылык милдеттенме боюнча калган акча агымдарынын дисконттолуп келтирилген наркынан кеминде 10 пайызга айырмаланса, шарттар олуттуу айырмаланат деген жол берүүлөргө таянат. Эгерде модификация олуттуу болбосо, анда алардын: (1) милдеттенменин модификациялоого чейинки баланстык наркы; жана (2) модификациялоодон кийин акча агымдарынын келтирилген наркынын ортосундагы айырма башка пайда же чыгымдын курамында модификациялоодон кийинки киреше же чыгым катары пайдаларда же чыгымдарда таанылууга тийиш.

## (о) Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар

Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчетто номиналдык наркы боюнча эсепке алынат. Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар милдеттенмелер катары чагылдырылат. Сактоо жайларында жана касса жайларында жайгашкан улуттук валютадагы банкноттор жана монеталар жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын курамына кирбейт.

Банкнотторду жана монеталарды чыгарууга кеткен чыгашаларда алардын коргоого алынышына, ташып жеткирилишине, камсыздандырылышына кеткен чыгашалар, ошондой эле башка чыгашалар камтылат. Банкнотторду жана монеталарды чыгарууга кеткен чыгашалар, алар жүгүртүүгө чыгарылгандан кийин таанылып, пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчетто өз алдынча статья катары чагылдырылат.

## (п) Уставдык капитал жана кам

Улуттук банк уставдык капиталдын белгиленген суммасына ээ. Уставдык капиталдын суммасын көбөйтүү жана азайтуу “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына түзөтүүлөрдү киргизүү аркылуу жүзөгө ашырылат. Улуттук банктын уставдык капиталы баштапкы наркында таанылат.

Милдеттүү кам пайданын Мыйзамда белгиленген бөлүгүн мамлекеттик бюджетке чегергенден кийин таза пайданы капиталдаштыруу аркылуу түзүлөт. Милдеттүү кам баштапкы наркы боюнча чагылдырылат.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

## (р) Салык салуу

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Улуттук банк пайда салыгын төлөөдөн бошотулган. Бюджетке Улуттук банк жүзөгө ашырган ишине чегерилген бардык башка милдеттүү төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык ишке ашырылат. Салык агенти катары Улуттук банк төлөгөн салыктар, пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчетто административдик чыгашалардын компоненти катары кошулат.

Улуттук банктын туунду жана ассоциацияланган уюмдары салыктын бардык түрү боюнча төлөөчүлөр болуп саналат.

Пайда салыгынын суммасы күндөлүк салыктын суммасын жана калтырылган салыктын суммасын камтыйт. Пайда салыгы башка жыйынды кирешенин курамында чагылдырылган операциялар же түздөн-түз капитал эсебинде чагылдырылган, менчик ээлери менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча, тиешелүүлүгүнө жараша башка жыйынды кирешенин курамында же түздөн-түз капиталдын курамында чагылдырылган суммаларды кошпогондо, пайда же чыгым курамында толук көлөмдө чагылдырылат. Күндөлүк пайда салыгы жыл ичиндеги салык салынуучу пайданын болжолдуу өлчөмүнө жараша отчеттук күнгө карата колдонуудa болгон пайда салыгы боюнча эсептик ченди, ошондой эле мурдагы отчеттук жыл ичиндеги пайда салыгынын суммасын тактоонун натыйжасында келип чыккан милдеттенмелердин суммаларын эске алуу менен эсептелет.

Кийинкиге калтырылган салык активдери жана кийинкиге калтырылган салык милдеттенмелери консолидацияланган финансылык отчетто чагылдыруу үчүн аныкталган, активдер менен милдеттенмелердин баланстык наркы менен алардын салык базасынын ортосунда келип чыгуучу убактылуу айырмага карата чагылдырылат. Кийинкиге калтырылган салык активдери жана кийинкиге калтырылган салык милдеттенмелери төмөнкү убактылуу айырмаларга карата таанылбайт: консолидацияланган финансылык отчетто гудвилди чагылдырууга байланышкан жана салык салынуучу базаны азайтпаган айырмалар, аларды баштапкы чагылдыруу фактысы бухгалтердик да, салык салынуучу да пайдага таасирин тийгизбеген активдерге жана милдеттенмелерге кирүүчү айырмалар; ошондой эле башкы компания аталган айырмалардын ишке ашырылган убактысын контролдоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон жана бул айырмалар жакынкы аралыкта ишке ашырылбай тургандыгына ишенген учурда, туунду уюмдарга салынган инвестицияларга байланыштуу убактылуу айырма.

Кийинкиге калтырылган салык активдерин жана кийинкиге калтырылган салык милдеттенмелерин эсептөө салык боюнча натыйжаларды чагылдырат, алар Топ ал боюнча отчеттук мезгилдин акырына карата активдердин жана милдеттенмелердин баланстык наркынын ордун жабууну же калыбына келтирүүнү пландаштырып жаткан ыкмага жараша болот.

Кийинкиге калтырылган салык активдеринин жана кийинкиге калтырылган салык милдеттенмелеринин өлчөмү салык чендерине жараша аныкталат, алар келечекте, убактылуу айырманы калыбына келтирүү учурунда, отчеттук күнгө карата колдонуудагы же күчүнө кирген мыйзамдарга таянуу менен колдонулат.

## 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

### (р) Салык салуу, уландысы

Кийинкиге калтырылган салык активдери келечекте убактылуу айырманын, салыктар жана пайдаланылбаган салык жеңилдиктери боюнча кабыл алынбаган чыгашалардын ордун жабууга жетиштүү өлчөмдө салык салынуучу пайда алуу ыктымалдыгына жараша чагылдырылат. Кийинкиге калтырылган салык активдеринин өлчөмү алынып салынуучу убактылуу айырмаларды колдонууга мүмкүн болгон салык салынуучу пайданы алуу ыктымалдуулугу болбогон деңгээлде азаят.

### (с) Кирешелердин жана чыгашалардын финансылык отчетто таанылышы

Башка комиссиялар, ошондой эле башка кирешелер жана чыгашалар тиешелүү кызмат көрсөтүү сунушталган күнгө карата пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылат.

Бардык финансылык инструменттер боюнча пайыздык кирешелер жана чыгашалар соода үчүн каралган катары классификациялангандарды жана пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланганадарды же классификацияланганадарды эске албаганда, натыйжалуу пайыздык чен методун колдонуу менен “Пайыздык киреше” жана “Пайыздык чыгаша” катары “Таза пайыздык кирешенин” курамында пайданын же чыгымдын эсебинде чагылдырылат. Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланганадар категориясындагы финансылык инструменттер боюнча пайыздар отчеттук мезгил ичиндеги адилет наркы боюнча өзгөрүүлөрдүн курамында камтылат.

Натыйжалуу пайыздык чен – бул, финансылык инструмент боюнча келечекте эсептелүүчү акча агымдарын финансылык активдин же милдеттенменин күтүлүп жаткан колдонуу мөөнөтү ичинде же кыйла кыска мөөнөт ичинде (эгерде колдонулса) таза баланстык наркынын өлчөмүнө чейин дисконттоо чени. Келечектеги акча агымдары инструменттин бардык келишим шарттарын эске алуу менен бааланат.

Натыйжалуу пайыздык чендин ажырагыс бөлүгү болуп саналган жана насыя жөнүндө тигил же бул келишүүлөргө түздөн-түз тиешеси бар бардык сый акылар, тараптардын төлөгөн жана алган суммалары, ошондой эле бүтүм боюнча сарптоолор жана бардык башка сый акылар же жеңилдиктер эсепке алынат. Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланганадар категориясындагы финансылык активдер үчүн бүтүм боюнча сарптоолор баштапкы таануу учурунда пайданын же чыгымдын курамында чагылдырат.

Пайыздык кирешелер/пайыздык чыгашалар кредиттик нарксызданбаган болуп саналган (башкача айтканда, финансылык активдин амортизацияланган наркын күтүлүүчү кредиттик чыгымдар боюнча бааланууучу камдын өлчөмүнө корректировкалаганга чейин) финансылык активдердин дүң баланстык наркына же финансылык милдеттенмелердин амортизацияланган наркына карата натыйжалуу пайыздык ченди пайдалануу аркылуу эсептелет. Кредиттик нарксызданган финансылык активдер боюнча пайыздык кирешелер мындай активдердин (б.а. күтүлүүчү кредиттик чыгымдар боюнча бааланууучу камды эсептен алып салуу менен алардын дүң баланстык наркын) амортизацияланган наркына карата натыйжалуу пайыздык ченди колдонуу аркылуу эсептелет.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

**(с) Кирешелердин жана чыгашалардын финансылык отчетто таанылышы, уландысы**

Түзүлгөн же сатылып алынган кредиттик нарксызданган финансылык активдер үчүн (POCI) натыйжалуу пайыздык чен финансылык активден келечекте күтүлүүчү акча агымдарын аныктоо учурунда күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын өлчөмүн чагылдырат.

**(т) Фидуциардык активдер**

Улуттук банк үчүнчү жактардын атынан активдерге ээлик кылуудан улам агенттик кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоодо бул активдерди жана аларга байланыштуу кирешелерди финансылык отчеттон алып салат, себеби бул активдер Улуттук банктын активдери болуп саналбайт.

**(у) Өз ара чегеришүү**

Финансылык активдер жана милдеттенмелер өз ара чегерилет, финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчетто чагылдырылган суммаларды өз ара чегеришүү боюнча юридикалык жактан бекитилген укугу, ошондой эле өз ара чегеришүү же болбосо бир учурда активди сатуу жана милдеттенмени аткаруу ниети болгон учурларда гана таза өлчөм чагылдырылат.

Бул ФОЭСке ылайык уруксат берилген учурлардан тышкары, кирешелер жана чыгашалар пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчетто өз ара чегерилбейт.



# 4 ЖАҢЫ ЖАНА КАЙРА КАРАЛГАН СТАНДАРТТАРДЫ КОЛДОНУУ

**(а) Топ консолидацияланган финансылык отчетту даярдоодо өз ишинде колдонгон жана 2019-жылдын 1-январынан башталган жылдык отчеттук мезгилдер үчүн күчүнө кирген бардык жаңы жана кайра каралган стандарттарды кабыл алган.**

**(б) Жаңы жана кайра каралган, чыгарылган, бирок күчүнө кире элек ФОЭС**

Жаңы жана кайра каралган стандарттар, стандарттарга түзөтүүлөр жана түшүндүрмөлөр 2019-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча күчүнө кире элек экендигинен улам, алар ушул консолидацияланган финансылык отчетту даярдоодо колдонулган эмес.

| | |
|---|---|
| ФОЭС (IFRS) 17-стандарты | *“Камсыздандыруу келишимдери”* |
| “Консолидацияланган финансылык отчет” деп аталган ФОЭС (IFRS) 10-стандарты жана ФОЭС (IAS) 28-стандарты (түзөтүүлөр) | *“Инвестор менен анын ассоциацияланган уюму же биргелешкен ишканасы ортосунда келишилген бүтүмдөрдө активдерди сатуу же салуу”* |
| ФОЭС (IFRS) 3-стандартына түзөтүүлөр | *“Бизнести аныктоо”* |
| ФОЭС (IAS) 1 жана ФОЭС (IAS) 8 стандарттарына түзөтүүлөр | *“Олуттуулугун аныктоо”* |
| Концептуалдык негизи | *ФОЭС стандарттарынын Концептуалдык негизине шилтемелерге түзөтүүлөр* |

Жетекчиликтин пикири боюнча жогоруда көрсөтүлгөн стандарттардын колдонулушу Топтун кийинки мезгилдердеги консолидацияланган финансылык отчетуна олуттуу таасирин тийгизбейт.

# 5 БАА БЕРҮҮДӨГҮ ОЛУТТУУ ЖОЛ БЕРҮҮЛӨР ЖАНА БЕЛГИСИЗДИКТИ ШАРТТАГАН БУЛАКТАР

Топтун эсепке алуу саясатын колдонуу процессинде жетекчилик активдердин жана милдеттенмелердин баланстык наркы боюнча божомолдоолорду, баа берүүлөрдү жана жол берүүлөрдү сунуштоого тийиш, аларды башка булактардан алуу мүмкүн эмес. Баа берилген маани жана анын негизин түзгөн жол берүүлөр мурдагы тажрыйбадан жана башка факторлордон улам түптөлөт, алар белгилүү бир учурларда орундуу болуп саналат. Айкын натыйжалар баа берүүнүн маалыматтарынан айырмаланышы мүмкүн.

Баа берүүлөр жана ага байланыштуу жол берүүлөр дайыма кайра каралып турат. Баа берүүлөрдөгү өзгөрүүлөр, эгер алар ушул мезгил ичинде эле таасирин тийгизсе, баа берүү кайра каралган мезгилде, же өзгөрүүлөр учурдагы сыяктуу эле, келечектеги мезгилге да таасирин тийгизе турган болсо, баа берүү кайра каралган мезгилде жана келечектеги мезгилдерде да чагылдырылат.

***Бизнес-моделге баа берүү***. Финансылык активдер карыздын негизги суммасынын жана пайыздарынын эсебине төлөөлөрдүн жана бизнес-моделди тесттен өткөрүүнүн натыйжасына жараша классификацияланат жана баа берилет. Топ тарабынан колдонулган бизнес-модель тигил же бул бизнес-максаттарга жетүү үчүн финансылык активдер менен топко бириктирилген башкаруу механизминде чагылдырылган деңгээлде аныкталат. Бул баа берүү бардык жөндүү далилдерди чагылдырган, анын ичинде активдердин натыйжалуулугуна баа берүү жана өлчөө процесси боюнча ой жүгүртүүлөрдү; активдердин натыйжалуулугуна таасирин тийгизген тобокелдиктерди жана аларды теското процессин, ошондой эле активдерди тескеген адамдарга сый акы төлөө механизмин өзүнө камтыйт. Топ амортизацияланган наркы же адилет наркы боюнча башка жыйынды киреше аркылуу чагылдырылган финансылык активдерге мониторинг жүргүзөт, колдонуудан калуу себептерин жана бул актив алардын негизинде кармалып турган бизнес-максаттарга ылайык келерин түшүнүү үчүн, буларды таануу төлөө мөөнөтү келип жеткенге чейин токтотулат. Мониторинг калган финансылык активдер кармалып турган бизнес-моделдин шайкештигине Топтун туруктуу баа берүүсүнүн бөлүгү болуп саналат. Модель шайкеш келбеген учурда ага өзгөртүүлөрдү киргизүү жана тиешелүү активдердин классификациясын өзгөртүү жагында талдап-иликтөөлөр жүргүзүлөт.

***Кредиттик тобокелдиктин кыйла жогорулоосу***. 3-эскертүүдө берилгендей, күтүлүүчү кредиттик чыгымдын өлчөмү бааланган камдын 12 ай чегинде (биринчи стадиядагы активдер үчүн) же кредиттөөнүн бүтүндөй мөөнөтү ичинде (экинчи жана үчүнчү стадиядагы активдер үчүн) күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга барабар суммада бааланат. Актив баштапкы таанылган учурдан тартып ал боюнча кредиттик тобокелдик жогорулаган учурда экинчи стадияга өтөт. ФОЭС (IFRS) 9-стандартында кредиттик тобокелдик деңгээлинин олуттуу жогорулашы боюнча аныктама камтылбайт. Өзүнчө актив боюнча кредиттик тобокелдик деңгээлинин олуттуу жогорулашына баа берүүдө Топ негиздүү болуп саналган жана тастыкталган, сапаттык сыяктуу эле, сандык божомолдуу маалыматты эске алат.

# 5 ОЛУТТУУ ЖОЛ БЕРҮҮЛӨР ЖАНА БАА БЕРҮҮДӨ БЕЛГИСИЗДИКТИ ШАРТТАГАН БУЛАКТАР (УЛАНДЫСЫ)

***Кредиттик тобокелдик мүнөздөмөлөрүнө окшош активдер тобун түзүү***. Күтүлүүчү кредиттик чыгымдар активдер тобу үчүн өлчөнгөн учурда финансылык инструменттер тобокелдиктин жалпы мүнөздөмөлөрүнүн негизинде топтолот. Кредиттик тобокелдиктин мүнөздөмөлөрү алардын окшоштугун тастыктоо үчүн туруктуу негизде көзөмөлдөнүп турат. Бул кредиттик тобокелдиктин мүнөздөмөсү өзгөргөн учурда активдердин топторго туура бөлүнүшүн камсыз кылуу үчүн зарыл. Натыйжада жаңы портфелдер түзүлүшү мүмкүн же активдер тиешелүү активдер тобу үчүн кредиттик тобокелдиктин окшош мүнөздөмөлөрүн таасирдүү чагылдырган колдонуудагы портфелге которулушу ыктымал. Кредиттик тобокелдик деңгээлинин олуттуу жогорулашы байкалган (же мындай олуттуу жогорулоо жокко чыгарылган) учурда, портфелдерди кайрадан бөлүштүрүү жана активдерди портфелдер ортосунда жайгаштыруу бат-бат жүзөгө ашырылып турат. Натыйжада активдер 12 ай чегинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын негизинде бааланган портфелден бүтүндөй колдонуу мөөнөтү ичинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын негизинде бааланган портфелге которулат жана тескерисинче. Портфелдер ичинде да которууга болот, бул учурда алар ошол эле негизде (12 ай чегинде же бүтүндөй кредиттөө мөөнөтү ичинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдар) өлчөнөт, бирок портфелдин кредиттик тобокелдиги өзгөргөндүктөн, күтүлүүчү кредиттик чыгымдын суммасы өзгөрөт.

***Ижара***

Топ жергиликтүү жана чет өлкө валюталарындагы милдеттенмелер боюнча ижараны ФОЭС (IFRS) 16-стандарты боюнча эсептөө үчүн доллар түрүндөгү контракттар боюнча 9,24 пайыз жана сом түрүндөгү контракттар боюнча 21,03 пайыз өлчөмүндө дисконттоонун орточо салмактанып алынган ченин колдонгон. Мындай чен ордун жабуу мөөнөттөрү боюнча берилген кредиттер боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын статистикалык маалыматтарынын негизинде эсептелген. Жетекчилик мындай чен карыздык каражаттардын орточо салмактанып алган ченине туура келет деп эсептейт.

***Колдонулган моделдер жана жол берүүлөр***. Финансылык активдердин адилет наркына баа берүүдө, ошондой эле күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүүдө Топ ар кандай моделдерди жана жол берүүлөрдү колдонот. Активдердин ар бир түрүнө ылайык келген моделди аныктоо, ошондой эле бул моделдерде колдонулган жол берүүлөрдү, анын ичинде кредиттик тобокелдиктин негизги факторлоруна тиешелүү жол берүүлөрдү аныктоо үчүн ой-жүгүртүүлөр колдонулат.

**Баа берүүдөгү белгисиздикти шарттаган булактар**

***Продукттун/рыноктун ар бир тиби үчүн болжолдуу сценарийлердин санын жана салыштырма салмагын аныктоо жана ар бир сценарийге тиешелүү болжолдуу маалыматты аныктоо.*** Кредиттик жоготуулар деңгээлин өлчөөдө Топ негиздүү болжолдуу маалыматтарды колдонот, ал ар кандай экономикалык факторлордун келечекте орун алышы боюнча божомолдорго жана бул факторлордун бири-бирине тийгизген таасирине негизделген.

***Дефолттун келип чыгуу ыктымалдуулугу.*** Дефолтко учуроо ыктымалдуулугу кредиттик жоготуулардын деңгээлин өлчөөдө негизги белги болуп саналат. Дефолттун келип чыгышы ыктымалдуулугу – берилген убакыт мейкининде баа берүү, эсептерде тарыхый маалыматтар, келечектеги шарттар боюнча божомолдор жана күтүүлөр камтылат.

# 5 БАА БЕРҮҮДӨГҮ ОЛУТТУУ ЖОЛ БЕРҮҮЛӨР ЖАНА БЕЛГИСИЗДИКТИ ШАРТТАГАН БУЛАКТАР, УЛАНДЫСЫ )

***Дефолт келип чыккан учурдагы жоготуулар.*** Дефолт учурундагы жоготуулар дефолт учурунда келип чыккан чыгымдарды баалоону түшүндүрөт. Ал камсыздоодон акча агымдарын эске алуу менен келишимде каралган акча агымдары менен кредитор алууга ниеттенген акча агымдарынын ортосундагы айырмага негизделген.

***Адилет наркына баа берүү.*** Финансылык активдин же милдеттенменин адилет наркына баа берүүдө Топ рынокто байкоого алынган маалыматтарды алардын жеткиликтүүлүгүнө жараша колдонот. Эгерде адилет наркына баа берүү баскычы боюнча 1-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар (37-эскертүү) жок болсо, Топ өз финансылык инструменттеринин адилет наркын аныктоо үчүн баа берүүнүн моделин колдонот.

# 6 АЛТЫН

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| **Алтын** | | |
| Чет өлкө банктарындагы депозиттердеги жана куйма түрүндөгү алтын | 48 833 361 | 32 151 881 |
| | **48 833 361** | **32 151 881** |

Алтын чет өлкө банктарында депозит түрүндө жана Лондон баалуу металлдар рыногунун ассоциациясы тарабынан кабыл алынган стандарттарга ылайык келген алтын куймалар түрүндө жайгаштырылат.

**Алтындын чет өлкө банктарындагы эсептерде концентрацияланышы**

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банк алтынды АА- жана А+ деңгээлиндеги кредиттик рейтингге ээ чет өлкө банктарындагы депозиттерде жайгаштырган.

# 7 КАССАДАГЫ, БАНКТАРДАГЫ ЖАНА БАШКА ФИНАНСЫЛЫК МЕКЕМЕЛЕРДЕГИ КАРАЖАТТАР

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| **Чет өлкө банктарындагы жана башка финансылык мекемелердеги эсептер жана депозиттер** | | |
| **Чет өлкө банктарындагы "ностро" эсептери** | | |
| - AAA кредиттик рейтинги менен | 28 395 023 | 23 790 991 |
| - A- дан AA+ чейинки кредиттик рейтинги менен | 7 199 117 | 6 598 511 |
| - B- дан BBB+ чейинки кредиттик рейтинги менен | 1 253 141 | 818 457 |
| - кредиттик рейтинг ыйгарылбаган | 2 222 | 4 735 |
| **Жыйынтыгында, чет өлкө банктарындагы акча эквиваленттинде камтылган "ностро" эсептери** | **36 849 503** | **31 212 669** |
| Нарксызданууга кам | (5 782) | (5 547) |
| Акча эквиваленттерине киргизилбеген "ностро" эсептери | - | 25 |
| Нарксызданууга кам | - | (25) |
| **Жыйынтыгында, чет өлкө банктарындагы "ностро" эсептери** | **36 843 721** | **31 207 122** |
| **Чет өлкө банктарындагы мөөнөттүү депозиттер** | | |
| - AA- дан AA+ чейинки кредиттик рейтинги менен | 16 739 443 | 21 583 658 |
| - A- дан A+ чейинки кредиттик рейтинги менен | 15 069 521 | 15 537 795 |
| - B- дан BBB+ чейинки кредиттик рейтинги менен | 2 159 | 2 165 |
| - кредиттик рейтинг ыйгарылбаган | 255 424 | 269 932 |
| **Жыйынтыгында, чет өлкө банктарындагы мөөнөттүү депозиттер** | **32 066 547** | **37 393 550** |
| Нарксызданууга кам | (257 336) | (272 625) |
| | **31 809 211** | **37 120 925** |
| Эл аралык валюта фондусундагы (ЭВФ) эсеп | 10 261 522 | 9 551 340 |
| Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы эсептер | | |
| - Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы "ностро" эсептери | 3 442 789 | 2 765 800 |
| - Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы мөөнөттүү депозит | 3 395 668 | 2 526 706 |
| **Жыйынтыгында, Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы жана Эл аралык валюта фондусундагы эсептер** | **17 099 979** | **14 843 846** |
| Нарксызданууга кам | (2) | (3) |
| | **17 099 977** | **14 843 843** |
| Кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттары | 1 522 335 | 1 476 592 |
| | **87 275 244** | **84 648 482** |

# 7 КАССАДАГЫ, БАНКТАРДАГЫ ЖАНА БАШКА ФИНАНСЫЛЫК МЕКЕМЕЛЕРДЕГИ КАРАЖАТТАР (УЛАНДЫСЫ)

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банк кредиттик рейтинг ыйгарылбаган чет өлкө банкында тиешелүүлүгүнө жараша, 255 424 миң сом жана 269 932 миң сом өлчөмүндөгү нарксызданган мөөнөттүү депозитке кам түзгөн.

**Каражаттардын банктарда жана башка финансылык мекемелерде концентрацияланышы**

2019-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банк, АААдан А- чейинки кредиттик рейтингге ээ сегиз банкта жана башка финансылык мекемелерде (2018-жылы: АААдан А- чейинки кредиттик рейтинги менен он банкта жана башка финансылык мекемелерде) эсептери боюнча калдыктарга ээ, алардын суммасы өз-өзүнчө өздүк капиталдын 10 пайызынан ашат. Ушул калдыктардын жыйынды көлөмү 2019-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча 72 277 926 миң сомду (2018-жылы: 74 674 626 миң сом) түзгөн.

Нарксыздануудан түзүлгөн камдын жылышы 29-эскертүүдө чечмеленген.

**Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери**

Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери, акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчеттун максаттарында төмөнкүлөрдү камтыйт:

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Чет өлкө банктарындагы акча эквивалентинде камтылган “ностро” эсептери | 36 849 503 | 31 212 669 |
| Эл аралык валюта фондусундагы эсептер | 10 261 522 | 9 551 340 |
| Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы “ностро” эсеби | 3 442 789 | 2 765 800 |
| Кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттары | 1 522 335 | 1 476 592 |
| **Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчеттогу акча каражаттары жана алардын эквиваленттери** | **52 076 149** | **45 006 401** |

Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери мөөнөтү өткөрүлгөн болуп саналбайт.

# 8 БАНКТАРГА ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК УЮМДАРГА БЕРИЛГЕН КРЕДИТТЕР

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Коммерциялык банктарга-резиденттерге берилген кредиттер | 4 617 810 | 7 014 181 |
| Эл аралык уюмдарга берилген кредиттер | 2 550 682 | 2 250 704 |
| | **7 168 492** | **9 264 885** |
| Нарксызданууга кам | (128 567) | (127 963) |
| **Нарксызданууга камды эсептен алып салгандан кийинки кредиттин суммасы** | **7 039 925** | **9 136 922** |

Нарксыздануудан түзүлгөн камдын жылышы 29-эскертүүдө чечмеленген.

**Камсыздоолорго жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөр**

Кийинки таблицада коммерциялык банктарга-резиденттерге жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттердин камсыздоосу катары колдонулган күрөөлөр жөнүндө маалыматтар, үстөк камсыздоонун таасирин алып салуу менен, 2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча камсыздоо түрүнө жараша чагылдырылган.

| | 2019-жылдын 31-декабры | Кредит портфелинен үлүш, % | 2018-жылдын 31-декабры | Кредит портфелинен үлүш, % |
|---|---|---|---|---|
| Чет өлкө валютасындагы депозиттер | 2 740 578 | 39 | 3 116 180 | 34 |
| Кардарларга берилген кредиттер | 2 584 305 | 37 | 4 217 636 | 46 |
| Мамлекеттик баалуу кагаздар | 1 715 042 | 24 | 1 803 106 | 20 |
| | **7 039 925** | **100** | **9 136 922** | **100** |

Жогорку таблицада чагылдырылган суммалар, кредиттердин баланстык наркын түшүндүрөт жана милдеттүү түрдө камсыздоолордун адилет наркын чагылдырбайт. Камсыздоолордун адилет наркы кредит берилген күнгө карата бааланган жана отчеттук күнгө чейинки андан аркы өзгөрүүлөр боюнча корректировкаланган эмес. Мындай кредиттердин ордун жабуу мүмкүнчүлүгү камсыздоо наркынан эмес, негизинен карыз алуучулардын кредитти төлөө жөндөмдүүлүгүнө жараша болот.

**Берилген кредиттердин концентрацияланышы**

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банк калдыгы өздүк капиталдын 10 пайызынан ашкан коммерциялык банктарга берилген кредиттерге ээ эмес.

# 9 КАРДАРЛАРГА БЕРИЛГЕН КРЕДИТТЕР

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча “Керемет Банк” ачык акционердик коому тарабынан кардарларга берилген кредиттер төмөнкүдөй көрсөтүлгөн:

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| **Юридикалык жактарга берилген кредиттер** | | |
| Корпоративдик насыялар | 2 221 210 | 1 546 039 |
| Чакан жана орто бизнес | 1 128 800 | 595 068 |
| **Жыйынтыгында, юридикалык жактарга берилген кредиттер** | **3 350 010** | **2 141 107** |
| **Жеке адамдарга берилген кредиттер** | | |
| Ипотекалык кредиттер | 1 232 800 | 158 619 |
| Керектөө ссудалары | 111 613 | 78 399 |
| **Жыйынтыгында, жеке адамдарга берилген кредиттер** | **1 344 413** | **237 018** |
| **Финансылык ижарага таза инвестициялар** | **436 759** | **-** |
| **Наркызданууга камды алып салганга чейинки кардарларга берилген кредиттер** | **5 131 182** | **2 378 125** |
| Нарксызданууга кам | (439 468) | (1 088) |
| | **4 691 714** | **2 377 037** |

Кардарларга берилген кредиттер Улуттук банктын туунду уюму “Керемет Банк” ачык акционердик коомун контролдоого ээ болуу күнүнө карата адилет наркы боюнча чагылдырылган.

2019-жылы “Керемет Банк” ачык акционердик коому жеткиликтүү пайыздык чендери менен жеке турак жай алууга бюджет чөйрөсүндө эмгектенген кызматкерлерди колдоо максатына багытталган жаңы “Социалдык ипотека” кредиттик продуктун киргизген. Бул продукт менен “Керемет Банк” ачык акционердик коомунун белгиленген критерийлерине жооп берген бюджет чөйрөсүндө эмгектенген кызматкерлерди каржылоо каралган. Каржылоодо артыкчылык социалдык чөйрөнүн кызматкерлерине – билим берүү, илим, саламаттыкты сактоо, социалдык коргоо, маданият, искусство, маалымат жана байланыш, дене тарбия жана спорт, ошондой эле бюджеттик мекемелердин кызматкерлерине (республикалык же жергиликтүү бюджеттин эсебинен каржылануучу мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана мекемелер) берилген.

Социалдык ипотека жеке адамдарга – бюджет чөйрөсүндө эмгектенген 21 жаштан 65 жашка чейинки (кредитти толук төлөгөн учурга) кызматкерлерге турак жай кыймылсыз мүлкүн сатып алууга 15 жылга чейинки мөөнөткө, жылдык 6-8 пайыз чени менен 350 миң сомдон 3 000 миң сомго чейин суммада, кредит берилет. Жетекчилик бул кредиттик продукт өзгөчө мүнөзгө ээ жана ипотекалык кредиттөө рыногунда өзүнчө сегментти билдирет деп эсептейт. Жыйынтыгында, “Социалдык ипотека” кредиттик продуктунун шарттарында берилген кредиттер кадимки бүтүмдүн алкагында берилген жана алар таануу күнүнө карата адилет наркы боюнча чагылдырылган.

# 9 КАРДАРЛАРГА БЕРИЛГЕН КРЕДИТТЕР (УЛАНДЫСЫ)

Туунду уюм "Керемет Банк" ААК сатуу үчүн каралган узак мөөнөттүү активдердин объектилерин сатып алуучуларга бөлүп төлөө боюнча сатууну ишке ашырат. Келишимдин шарттарына ылайык, активдерге ээ болуу менен байланышкан тобокелдиктер менен пайда бөлүп төлөө боюнча сатуу келишимин түзүү учурунда сатып алуучуга өткөрүлүп берилет. Ага ылайык, Топ сатуу үчүн каралган бул узак мөөнөттүү активдердин объектилерин таанууну токтотууга жана финансылык активди таанууга тийиш, себеби Топ келишимге ылайык келечектеги акча агымдарын алуу укугун алган келишимдин бир тарабынан болот. Баштапкы таанууда Топ финансылык активди сатып алууга же чыгарууга түздөн-түз тиешелүү бүтүм боюнча чыгымдардын суммасына көбөйтүлгөн жа азайтылган адилет наркы боюнча таанайт.

2019-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча финансылык ижарага таза инвестициялардын компоненттери төмөнкүдөй берилген:

| | 2019-жылдын 31-декабры |
|---|---|
| **Финансылык ижаранын келишимдери боюнча дебитордук карыз:** | |
| 1 жылдан аз | 128 661 |
| 1 жылдан 5 жылга чейин | 441 721 |
| 5 жылдан ашык | 46 |
| **Минималдуу ижара төлөмдөрү** | **570 428** |
| Алынбаган финансылык кирешени алып салганда | (133 669) |
| | **436 759** |
| Ижарага таза инвестициялар төмөнкүдөй талдап-иликтенет: | |
| Кыска мөөнөттүү | 98 512 |
| Узак мөөнөттүү | 338 247 |

Төмөнкү таблицада кардарларга берилген кредиттердин баланстык наркына талдап-иликтөө алынган камсыздоо боюнча берилген:

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Кыймылсыз мүлк жана чектеш укуктар менен камсыздалган кредиттер | 4 110 359 | 2 056 203 |
| Транспорт каражаттары менен камсыздалган кредиттер | 36 436 | 233 121 |
| Депозиттер жана салымдар менен камсыздалган кредиттер | 31 504 | 33 343 |
| Башка мүлк менен камсыздалган кредиттер | 436 623 | 16 689 |
| Камсыздалбаган кредиттер | 76 792 | 37 681 |
| **Жыйынтыгында, кардарларга берилген кредиттер** | **4 691 714** | **2 377 037** |

Жогоруда берилген таблицада келтирилген суммалар кредиттердин наркын билдирет жана күрөөлөрдүн адилет наркын милдеттүү түрдө чагылдырбайт. Насыяларды берүү күнүнө карата күрөөнү баалоонун негизинде күрөөлөрдүн рыноктук наркына баа берилген. Эгерде, кредиттер жеке нарксызданган катары бааланбаса, эрежедегидей эле алар жаңыланбайт.

# 9 КАРДАРЛАРГА БЕРИЛГЕН КРЕДИТТЕР (УЛАНДЫСЫ)

Төмөнкү таблицада кардарларга берилген кредиттердин учурдагы наркына жүргүзүлгөн талдап-иликтөө экономиканын сектору боюнча берилген:

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| **Экономиканын секторлору боюнча талдап-иликтөө:** | | |
| Соода | 2 142 955 | 1 622 843 |
| Ипотека | 1 678 283 | 161 853 |
| Өнөр жай жана өндүрүш | 339 627 | 63 035 |
| Курулуш | 333 290 | 335 223 |
| Керектөө муктаждыктары | 108 302 | 84 475 |
| Транспорт | 26 835 | 6 698 |
| Айыл чарбасы | 23 076 | 19 623 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 2 187 | - |
| Социалдык кызмат көрсөтүү | 1 041 | 524 |
| Байланыш | 87 | - |
| Башка | 475 499 | 83 851 |
| | **5 131 182** | **2 378 125** |
| Нарксызданууга кам | (439 468) | (1 088) |
| | **4 691 714** | **2 377 037** |

| | 2019-жылдын 31-декабры | | |
|---|---|---|---|
| | Нарксыздануу-га камды алып салганга чейин-ки кредиттер | Нарксы-зданууга кам | Нарксыздануу-га камды алып салгандан кийин-ки кредиттер |
| **Мөөнөтүндө төлөнгөн** | **3 513 386** | **(43 210)** | **3 470 176** |
| **Мөөнөтүндө төлөнбөгөн:** | | | |
| -30 күнгө чейин | 12 692 | (963) | 11 729 |
| -31 күндөн 60 күнгө чейин | 83 079 | (15) | 83 064 |
| - 61 күндөн 90 күнгө чейин | 4 581 | (32) | 4 549 |
| - 91 күндөн 180 күнгө чейин | 17 169 | (4 029) | 13 140 |
| - 181 күндөн 360 күнгө чейин | 1 500 275 | (391 219) | 1 109 056 |
| **Жыйынтыгында, мөөнөтүндө төлөнбөгөн** | **1 617 796** | **(396 258)** | **1 221 538** |
| **Жыйынтыгында, кардарларга берилген кредиттер** | **5 131 182** | **(439 468)** | **4 691 714** |

## 9 КАРДАРЛАРГА БЕРИЛГЕН КРЕДИТТЕР (УЛАНДЫСЫ)

| | 2018-жылдын 31-декабры | | |
|---|---|---|---|
| | **Нарксыздануу-га камды алып салганга чейин-ки кредиттер** | **Нарксызда-нууга кам** | **Нарксыздануу-га камды алып салгандан кийин-ки кредиттер** |
| **Мөөнөтүндө төлөнгөн** | **1 182 318** | **(1 088)** | **1 181 230** |
| **Мөөнөтүндө төлөнбөгөн:** | | | |
| -30 күнгө чейин | 18 050 | - | 18 050 |
| -31 күндөн 60 күнгө чейин | 24 525 | - | 24 525 |
| - 61 күндөн 90 күнгө чейин | 65 228 | - | 65 228 |
| - 91 күндөн 180 күнгө чейин | 130 342 | - | 130 342 |
| - 181 күндөн 360 күнгө чейин | 395 028 | - | 395 028 |
| - 360 күндөн жогору | 562 634 | - | 562 634 |
| **Жыйынтыгында, мөөнөтүндө төлөнбөгөн** | **1 195 807** | **-** | **1 195 807** |
| **Жыйынтыгында, кардарларга берилген кредиттер** | **2 378 125** | **(1 088)** | **2 377 037** |

## 10 БАШКА ЖЫЙЫНДЫ КИРЕШЕ АРКЫЛУУ АДИЛЕТ НАРКЫ БОЮНЧА БААЛАНГАН ИНВЕСТИЦИЯЛАР

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| **Карыздык инструменттер** | | |
| **Мамлекеттик баалуу кагаздар** | | |
| Канада Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 3 150 377 | 3 031 230 |
| Улуу Британия Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 1 273 293 | 2 115 554 |
| Кыргыз Республикасынын казына милдеттенмелери | 993 846 | 211 378 |
| Корея Республикасынын казына милдеттенмелери | 598 533 | 1 069 157 |
| АКШнын казына милдеттенмелери | 351 225 | 348 651 |
| Австралия Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | - | 2 705 769 |
| Россия Федерациясынын казына милдеттенмелери | - | 70 877 |
| **Жыйынтыгында, мамлекеттик баалуу кагаздар** | **6 367 274** | **9 552 616** |
| Эл аралык финансылык мекемелердин карыздык баалуу кагаздары | 21 366 444 | 22 546 486 |
| ААдан АААга чейинки кредиттик рейтингге ээ агенттик баалуу кагаздар | 6 243 284 | 1 744 520 |
| **Жыйынтыгында, карыздык инструменттер** | **33 977 002** | **33 843 622** |

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган инвестициялар мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген болуп саналбайт.

## 11 АМОРТИЗАЦИЯЛАНГАН НАРКЫ БОЮНЧА БААЛАНГАН ИНВЕСТИЦИЯЛАР

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына милдеттенмелери | 127 014 | 189 485 |
| Наркызданууга кам | (1 962) | (3 061) |
| | **125 052** | **186 424** |

## 12 АССОЦИАЦИЯЛАНГАН УЮМДАРГА ИНВЕСТИЦИЯЛАР

Ассоциацияланган уюмдарга инвестициялардын жылышын төмөнкүдөй чагылдырууга болот:

| | Баланстык нарк |
|---|---|
| **2017-жылдын 31-декабры** | **185 079** |
| Сатып алуулар | 57 |
| **2018-жылдын 31-декабры** | **185 136** |
| Ассоциацияланган уюмдун акцияларын сатып алуу | 560 061 |
| Ассоциацияланган уюмдардын пайдасындагы үлүш | 140 100 |
| **2019-жылдын 31-декабры** | **885 297** |

| Туунду жана ассоциацияланган уюмдарга инвестициялар | Иштин түрү | Ээлик кылуу үлүшү, % | 2019-жылдын 31-декабры | Ээлик кылуу үлүшү, % | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|---|---|---|
| “Керемет Банк” ачык акционердик коому (2018: “Россия Инвестициялык Банкы” ААК) | Банктык кызмат көрсөтүүлөр | 95,07 | - * | 71,66 | - * |
| “Кепилдик фонд” ААК | Гарантияларды берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр | 48,59 | 564 999 | - | - |
| “Банктар аралык процессинг борбору” ЖАК | Процессинг кызмат көрсөтүүлөрү | 49,42** | 258 298 | 48,07** | 123 136 |
| “Кыргыз инкассациясы” ЖАК | Баалуулуктарды ташуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр | 100,00 | 62 000 | 100,00 | 62 000 |
| | | | **885 297** | | **185 136** |

* Туунду уюм “Керемет Банк” ААКына инвестициялар ушул финансылык отчетко консолидациялоодо алынып салынган.

** Ээлик кылуу үлүшү туунду уюм “Керемет Банк” ААКка ээлик кылуу үлүшүн эске алуу менен Улуттук банктын кыйыр ээлик кылуу үлүшүн түшүндүрөт.

## 12 АССОЦИАЦИЯЛАНГАН УЮМДАРГА ИНВЕСТИЦИЯЛАР (УЛАНДЫСЫ)

Улуттук банктын бардык туунду жана ассоциацияланган уюмдары катталган жана алар өз ишин Кыргыз Республикасында жүргүзөт.

2019-жылдын 18-январында Улуттук банк 216 575 миң суммасында 2 165 745 даана көлөмүндө "Керемет Банк" ААКтын кошумча жайгаштырылган акцияларын төлөгөн, бул 2018-жылы 500 000 миң сом суммасында төлөнгөн акча каражаттарын эске алып, кошумча эмиссияда катышуу 716 575 миң сомду түзүү менен Улуттук банктын ээлик кылуу үлүшүн 85,21 пайызга чейин көбөйткөн.

2019-жылдын 24-майында Улуттук банк туунду банктын ишин чыңдоонун алкагында, анын уставдык капиталында өз үлүшүн көбөйткөн. "Керемет Банк" ААКтын ("Россия Инвестициялык банкы" ААК) 3 000 000 миң сом суммасында жөнөкөй жеке таандык акцияларынын алтынчы чыгарылышынын жыйынтыгында Улуттук банктын үлүшү 95,07 пайызды түзгөн.

Улуттук банк 2019-жылдын 12-июлунда "Кепилдик фонд" ААКтын капиталында катышуу тууралуу чечим кабыл алган. Бул чечимге ылайык Улуттук банк тарабынан 550 000 миң сом өлчөмүндө аталган фонддун кошумча 4-эмиссиясынын акциялары сатылып алынган. Акцияларды сатып алуунун жыйынтыгында Улуттук банктын "Кепилдик фонд" ААКтын уставдык капиталындагы үлүшү 48,59 пайызды түзгөн.

2019-жыл ичинде "Керемет Банк" ААК өзүнүн "Банктар аралык процессинг борбору" ЖАКтагы ээлик кылуу үлүшүн 2018-жылдын 31-декабрындагы абал боюнча 0,02 пайыздан 2019-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча 2,85 пайызга чейин көбөйткөн.

## 13 НЕГИЗГИ КАРАЖАТТАР

| | Жер, имарат жана курулмалар | Эмерек жана жабдуулар | Компьютердик жабдуулар | Транспорт каражаттары | Бүтө элек курулуш/ орнотуу үчүн каралган жабдуулар | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Баштапкы нарк** | | | | | | |
| **2019-жылдын 1-январына карата калдык** | **1 431 348** | **391 448** | **1 016 915** | **89 911** | **356 090** | **3 285 712** |
| Сатып алуулар | 12 839 | 23 891 | 7 596 | 8 638 | 310 026 | 362 990 |
| Колдонуудан калгандар | (33 059) | (180 098) | (81 153) | (13 773) | - | (308 083) |
| Ордунан которулгандар | 12 121 | 284 010 | 3 797 | - | (299 928) | - |
| Жылдыруу | (553 138) | | (124 313) | (13 115) | (3 615) | (694 181) |
| **2019-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **870 111** | **519 251** | **822 842** | **71 661** | **362 573** | **2 646 438** |
| **Амортизация** | | | | | | |
| **2019-жылдын 1-январына карата калдык** | **(129 206)** | **(166 629)** | **(350 938)** | **(38 434)** | **-** | **(685 207)** |
| Жыл ичинде чегерилгендер | (36 458) | (53 016) | (134 506) | (13 921) | - | (237 901) |
| Колдонуудан калгандар | 28 019 | 176 722 | 80 429 | 13 773 | - | 298 943 |
| Жылдыруу | 24 350 | | 46 035 | 10 584 | | 80 969 |
| **2019-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **(113 295)** | **(42 923)** | **(358 980)** | **(27 998)** | **-** | **(543 196)** |
| **Баланстык нарк** | | | | | | |
| **2019-жылдын 31-декабрына карата** | **756 816** | **476 328** | **463 862** | **43 663** | **362 573** | **2 103 242** |

2019-жыл ичинде 127 928 миң сом суммасындагы баштапкы наркы менен жана 46 035 миң сом суммасындагы топтолгон амортизация менен негизги каражаттар материалдык эмес активдерге которулган жана 566 253 миң сом суммасындагы баштапкы наркы менен жана 34 934 миң сом суммасындагы топтолгон амортизация менен негизги каражаттар сатуу үчүн каралган узак мөөнөттүү активдерге кайра классификацияланган.

Негизги каражаттар объектилерин сатып алууга же курууга байланыштуу насыялар (займ) боюнча капиталдаштырылган сарптоолор 2019 жана 2018-жылдар ичинде болгон эмес.

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча негизги каражаттар курамында тиешелүүлүгүнө жараша 30 037 миң сом жана 216 008 миң сом суммасындагы наркы боюнча толугу менен амортизацияланган активдер чагылдырылган.

## 13 НЕГИЗГИ КАРАЖАТТАР (УЛАНДЫСЫ)

| | Жер, имарат жана курулмалар | Эмерек жана жабдуулар | Компьютердик жабдуулар | Транспорт каражаттары | Бүтө элек курулуш/орнотуу үчүн каралган жабдуулар | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Баштапкы нарк** | | | | | | |
| **2018-жылдын 1-январына карата калдык** | **632 585** | **312 215** | **868 576** | **75 045** | **349 398** | **2 237 819** |
| Сатып алуулар | 69 653 | 16 783 | 33 096 | - | 30 152 | 149 684 |
| Туунду уюмду сатып алуунун жыйынтыгында | 717 266 | 52 278 | 114 653 | 18 029 | 6 707 | 908 933 |
| Колдонуудан калгандар | (487) | (5 211) | (1 498) | (3 163) | (9) | (10 368) |
| Ордунан которулгандар | 12 331 | 15 383 | 2 088 | - | (29 802) | - |
| Жылдыруу | - | - | - | - | (356) | (356) |
| **2018-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **1 431 348** | **391448** | **1 016 915** | **89 911** | **356 090** | **3 285 712** |
| | | | | | | |
| **Амортизация** | | | | | | |
| **2018-жылдын 1-январына карата калдык** | **(110 768)** | **(126 896)** | **(231 171)** | **(27 625)** | **-** | **(496 460)** |
| Жыл ичинде чегерилгендер | (18 639) | (43 754) | (121 167) | (11 906) | - | (195 466) |
| Колдонуудан калгандар | 201 | 4 021 | 1 400 | 1 097 | - | 6 719 |
| **2018-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **(129 206)** | **(166 629)** | **(350 938)** | **(38 434)** | **-** | **(685 207)** |
| | | | | | | |
| **Баланстык нарк** | | | | | | |
| **2018-жылдын 31-декабрына карата** | **1 302 142** | **224 819** | **665 977** | **51 477** | **356 090** | **2 600 505** |

2018-жыл ичинде 356 миң сом суммасындагы негизги каражаттар материалдык эмес активдерге которулган.

# 14 ПАЙДАЛАНУУ УКУГУ ФОРМАСЫНДА АКТИВДЕР

| | Имараттар жана башка кыймылсыз мүлк | Жабдуу | Жыйын-тыгында |
|---|---|---|---|
| ***Баштапкы нарк*** | | | |
| 2019-жылдын 1-январына карата калдык | **257 125** | **-** | **257 125** |
| Келип түшүүлөр | 6 657 | 69 850 | 76 507 |
| 2019-жылдын 31-декабрына карата калдык | **263 782** | **69 850** | **333 632** |
| ***Топтолгон амортизация*** | | | |
| 2019-жылдын 1-январына карата калдык | - | - | - |
| Жыл ичинде чегерилгендер | (54 516) | (1 035) | (55 531) |
| 2019-жылдын 31-декабрына карата калдык | **(54 516)** | **(1 035)** | **(55 531)** |
| ***Балanстык нарк*** | | | |
| **2019-жылдын 1-январына карата** | **257 125** | **-** | **257 125** |
| **2019-жылдын 31-декабрына карата** | **209 266** | **68 815** | **278 081** |

“Керемет Банк” ААК күндөлүк ишинин жүрүшүндө имараттарды жана банкоматтарды кошо алганда, бир нече активдерди ижарага алып иш алып барат. Имараттарды ижарага алуунун орточо мөөнөтү 4 жылды түзсө, банкоматтардыкы 5 жылды түзөт.

Ижаранын мөөнөтү аяктаганда “Керемет Банк” ААКка банкоматтар боюнча менчик укугу өтөт. Аталган коомдун ижара боюнча милдеттенмелери ижара келишимдери боюнча ижарага алынуучу активдерге карата ижарага берүүчүнүн менчик укугу менен камсыздалат.

Имараттардын ижарасы боюнча мөөнөттөр ушул финансылык жылы аяктаган. Аягына чыккан контракттар окшош базалык активдер менен ижара боюнча жаңы келишимдерге алмаштырылган. Жыйынтыгында 2019-жылы пайдалануу укугу формасындагы активдерге 6 657 миң сом суммасындагы активдер кошулган.

**Ижара боюнча милдеттенмелер:**

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2019-жылдын 1-январы |
|---|---|---|
| **Ордун жабуу мөөнөттөрүнө талдап-иликтөө:** | | |
| 1 жыл | 60 732 | 54 368 |
| 2 жыл | 74 558 | 53 493 |
| 3 жыл | 71 225 | 51 611 |
| 4 жыл | 69 070 | 50 771 |
| 5 жыл | 86 403 | 50 561 |
| 5 жылдан ашык | - | 69 644 |
| **Жыйынтыгында ижара боюнча минималдуу төлөмдөр** | **361 988** | **330 448** |
| Алынбаган пайыздарды алып салганда | (62 653) | (73 323) |
| | **299 335** | **257 125** |
| **Түрлөрү боюнча:** | | |
| Кыска мөөнөттүү | 38 619 | 32 888 |
| Узак мөөнөттүү | 260 716 | 224 237 |

## 14 ПАЙДАЛАНУУ УКУГУ ФОРМАСЫНДА АКТИВДЕР (УЛАНДЫСЫ)

Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчетто камтылган ижара үчүн акча каражаттарынын жалпы агылып чыгышы 69 873 миң сомду, анын ичинде операциялык иш боюнча – 14 093 миң сомду жана финансылык иш боюнча – 55 780 миң сомду түзгөн.

## 15 САТУУ ҮЧҮН КАРАЛГАН УЗАК МӨӨНӨТТҮҮ АКТИВДЕР

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Турак эмес жайлар | 551 023 | 556 963 |
| Үйлөр | 198 502 | 267 006 |
| Квартиралар | 49 462 | 56 471 |
| Жер тилкелери | 29 456 | 40 063 |
| Жабдуу | - | 32 612 |
| Башкалар | 4 338 | 4 564 |
| | **832 781** | **957 679** |

Сатуу үчүн каралган узак мөөнөттүү активдер кардарларга берилген кредиттердин ордун жабуу эсебинен “Керемет Банк” ААК тарабынан кабыл алынган күрөөлөрдөн жана аталган коомдун өз ишин токтоткон филиалдарынын колдонулбаган жана сатуу жөнүндө чечим кабыл алынган имараттарынан турат.

Кийинки 12 ай ичинде “Керемет Банк” ачык акционердик коому кредиттердин ордун жабуу эсебине кабыл алынган, менчигинде турган мүлктү, сатуу чечими кабыл алынган жана жабылган филиалдарынын колдонулбаган мүлкүн сатууну болжолдойт. Сатып алуучуну издөө боюнча иштер жигердүү жүрүп жатат.

Өндүрүү күнүнө карата абал боюнча күрөөлөр орду жабылбаган кредиттик милдеттенменин эң аз баланстык наркы жана күрөөнү сатып өткөрүүнүн адилет наркы боюнча бааланат. Узак мөөнөттүү активдердин адилет наркы адилет наркынын баскычтарынын экинчи деңгээлиндеги маалыматтарын колдонуу аркылуу аныкталат.

## 16 МОНЕТАРДЫК ЭМЕС АЛТЫН ЖАНА АЛТЫН ТҮРҮНДӨ ЗАПАСТАР

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Монетардык эмес алтын | 3 556 484 | 322 367 |
| Алтын түрүндө запастар | 3 172 449 | - |
| | **6 728 933** | **322 367** |

Улуттук банк тарабынан 2019-жыл ичинде баалуу металлдар ички рыногун өнүктүрүү келечегинин алкагында, Улуттук банктын запастарын түзүү максатында эл аралык камдын курамына кирбеген алтынды сатып алуу боюнча операциялар ишке ашырылган. Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запастар Улуттук банктын активдүү инвестициялык операцияларында катышпайт жана Улуттук банктын алтын түрүндө инвестициялык активдерине кирбейт.

МАЗМУНУ

# 17 БАШКА АКТИВДЕР

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Дебитордук карыз | 525 216 | 470 677 |
| Наркызданууга кам | (184 765) | (151 480) |
| **Жыйынтыгында, башка финансылык активдер** | **340 451** | **319 197** |
| Запастар | 500 823 | 629 418 |
| Берилген авансыар | 105 848 | 41 871 |
| Нумизматикалык баалуулуктар | 97 296 | 100 605 |
| Башкалар | 31 829 | 32 124 |
| **Жыйынтыгында, башка финансылык эмес активдер** | **735 796** | **804 018** |
| | **1 076 247** | **1 123 215** |

Нарксыздануудан түзүлгөн камдын жылышы 29-эскертүүдө чечмеленген.

# 18 ЖҮГҮРТҮҮДӨГҮ БАНКНОТТОР ЖАНА МОНЕТАЛАР

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча жүгүртүүдөгү банкнотторго жана моноталарга төмөнкүлөр камтылган:

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана моноталар | 107 987726 | 95 435 458 |
| Жүгүртүү кассасындагы банкнотторду жана монеталарды алып салуу менен | (1 929 675) | (1 933 020) |
| | **106 058 051** | **93 502 438** |

Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар дегенден улам, калктын колундагы жана уюмдардагы жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын номиналдык наркын түшүнүү зарыл.

# 19 ТУУНДУ ФИНАНСЫЛЫК ИНСТРУМЕНТТЕР

Төмөнкү таблицада активдер жана милдеттенмелер курамында таанылган туунду финансылык инструменттер боюнча нетто позиция жана алардын номиналдык наркы келтирилген. Дүң негизи боюнча чагылдырылган номиналдык нарк туунду инструменттин базалык активинин наркын же чен же индекс колдонула турган номиналдык наркты түшүндүрөт, жана туунду инструменттердин наркынын өзгөрүүсүнө баа берүү үчүн негиз катары колдонулат. Номиналдык нарк бүтүмдөрдүн көлөмүн көрсөтөт, алар боюнча эсептешүүлөр отчеттук күнгө карата жүргүзүлгөн эмес жана рыноктук же кредиттик тобокелдиктин өлчөмүн чагылдырбайт.

| | 2019-жылдын 31-декабры | | | 2018-жылдын 31-декабры | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Номинал-дык нарк** | **Активдер-дин ади-лет наркы** | **Милдеттен-мелердин адилет наркы** | **Номинал-дык нарк** | **Активдер-дин адилет наркы** | **Милдеттен-мелердин адилет наркы** |
| **Чет өлкө валютасы** | | | | | | |
| **Валюталык своптор** | **251 700** | **-** | **12 480** | **458 890** | **1,254** | **13 322** |

## 19 ТУУНДУ ФИНАНСЫЛЫК ИНСТРУМЕНТТЕР (УЛАНДЫСЫ)

2019-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча СВОП бүтүмдөрү боюнча талаптар

222 275 миң сомду жана 23 489 миң орус рублин түзгөн (2018-жылдын 31-декабрына карата: 231 787 миң сом, 84 570 миң рубль жана 1 600 миң евро). 2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча СВОП бүтүмдөрү боюнча милдеттенмелердин суммасы тиешелүүлүгүнө жараша 3 805 миң АКШ долл. жана 6 552 миң АКШ долл. түзгөн.

## 20 БАНКТАРДЫН ЖАНА БАШКА ФИНАНСЫЛЫК МЕКЕМЕЛЕРДИН КАРАЖАТТАРЫ

| | **2019-жылдын 31-декабры** | **2018-жылдын 31-декабры** |
|---|---|---|
| Коммерциялык банктардын эсептери | 18 565 113 | 15 838 962 |
| Башка финансылык мекемелердин эсептери | 3 218 740 | 2 852 626 |
| РЕПО бүтүмдөрү боюнча милдеттенмелер | 102 376 | 37 298 |
| | **21 886 229** | **18 728 886** |

2019-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банкта эки коммерциялык банктын эсептери боюнча калдыгы бар, ал өздүк капиталдын 10 пайызынан ашат (2018-жылы: үч коммерциялык банк жана бир финансылык мекеме). Бул калдыктардын жыйынды көлөмү 2019-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча 6 391 035 миң сомду (2018-жылдын 31-декабрына карата: 10 561 757 миң сом) түзөт.

## 21 КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН КАРАЖАТТАРЫ

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттарына Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин эсептери кирет.

| | **2019-жылдын 31-декабры** | **2018-жылдын 31-декабры** |
|---|---|---|
| Улуттук валютада | 12 067 219 | 11 296 232 |
| Чет өлкө валютасында | 4 965 935 | 1 172 333 |
| | **17 033 154** | **12 468 565** |

# 22 КАРДАРЛАРДЫН КАРАЖАТТАРЫ

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча “Керемет Банк” ААКтын кардарларынын каражаттары төмөндө келтирилген:

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| **Юридикалык жактар** | | |
| Күндөлүк/Эсептешүү эсептери | 378 020 | 399 582 |
| Мөөнөттүү депозиттер | 172 821 | 102 532 |
| **Жыйынтыгында, юридикалык жактардын каражаттары** | **550 841** | **502 114** |
| **Жеке адамдар** | | |
| Күндөлүк/Эсептешүү эсептери | 624 702 | 664 700 |
| Мөөнөттүү депозиттер | 2 445 501 | 1 783 470 |
| **Жыйынтыгында, жеке адамдардын каражаттары** | **3 070 203** | **2 448 170** |
| | **3 621 044** | **2 950 284** |

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча кардарлардын тиешелүүлүгүнө жараша 87 997 миң сом жана 45 079 миң сом суммасындагы депозиттери “Керемет Банк” ААК тарабынан чыгарылган шарттуу милдеттенмелерге тиешелүү кредиттик линиялар жана кредиттер боюнча камсыздоо катары колдонулган.

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча кардарлардын тиешелүүлүгүнө жараша 16 514 миң сом жана 20 787 миң сом суммасындагы депозиттери “Керемет Банк” ААК тарабынан чыгарылган гарантиялар боюнча камсыздоону билдирген.

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча кардарлардын тиешелүүлүгүнө жараша 487 473 миң сом жана 390 586 миң сом суммасындагы депозиттери 10 кардардан алынган, бул олуттуу концентрацияны билдирет.

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча кардарлардын каражаттары боюнча чегерилген сый акы суммасы тиешелүүлүгүнө жараша 42 552 миң сомду жана 36 796 миң сомду түзгөн.

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| **Экономиканын секторлору/кардарлардын түрлөрү боюнча талдап-иликтөө:** | | |
| Жеке адамдар | 3 070 203 | 2 448 170 |
| Курулуш | 151 481 | 100 606 |
| Транспорт жана байланыш | 63 608 | 44 768 |
| Мамлекеттик мекемелер | 51 563 | 62 318 |
| Кен казып алуучу өнөр жай жана и металлургия | 44 189 | 3 311 |
| Энергетика | 30 999 | 331 |
| Соода | 30 855 | 49 905 |
| Билим берүү | 10 274 | 6 021 |
| Кыймылсыз мүлк | 7 104 | 5 853 |
| Кайрымдуулук жана кесиптик бирлик | 5 595 | 2 074 |
| Айыл чарбасы | 1 518 | 5 869 |
| Саламаттыкты сактоо | 1 387 | 1 948 |
| Консультациялык кызмат көрсөтүү | 1 051 | 5 988 |
| Финансылык уюмдар | 212 | 5 510 |
| Башка | 151 005 | 207 612 |
| | **3 621 044** | **2 950 284** |

## 23 ЧЫГАРЫЛГАН КАРЫЗДЫК БААЛУУ КАГАЗДАР

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча чыгарылган карыздык баалуу кагаздарга (Улуттук банктын ноталары) төмөнкү эмиссиядагы баалуу кагаздар кирет:

| | **2019-жылдын 31-декабры** | **2018-жылдын 31-декабры** |
|---|---|---|
| Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 14 күн болгон ноталары | 3 896 726 | 261775 |
| Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 28 күн болгон ноталары | 3 599 202 | 765 098 |
| Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 91 күн болгон ноталары | 552 573 | 5 359 690 |
| Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 182 күн болгон ноталары | - | 1 555 746 |
| | **8 048 501** | **7 942 309** |

Улуттук банктын ноталары Улуттук банктын Автоматташтырылган тоорук системасы аркылуу жайгаштырылат, анын катышуучуларынан болуп Кыргыз Республикасындагы коммерциялык банктар саналат.

## 24 АЛЫНГАН КРЕДИТТЕР

Улуттук банк 2019-жыл ичинде жаңы кредиттерди тарткан эмес. 2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча алынган кредиттер боюнча мөөнөттөр жана шарттар төмөнкүдөй калыптанган:

| **Эмитент** | **Валютасы** | **Пайыздык чен** | **Берилген күнү** | **Төлөө күнү** | **2019-жылдын 31-декабры** | **2018-жылдын 31-декабры** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ЭВФ, ESF (Тышкы таасирлерге каршы чара көрүү механизми) | АКУ | 0% | 2008-жылдын 24-декабры | 2019-жылдын 7-июну | - | 161 268 |
| Чегерилген пайыздар | АКШ доллары | | | | - | 10 654 |
| | | | | | | **171 922** |

Тышкы таасирлерге каршы чара көрүү механизминин (ESF) алкагында карыз алуулар АКУ (СПЗ) түрүндө туюндурулуп, Кыргызстандын бийлигинин белгилүү бир тышкы таасирлерди четтетүүгө багытталган аракеттерин колдоо үчүн берилет. Кредит нөлдүк пайыздык ченге ээ жана 2016-жылдын 3-октябрында ЭВФтин Аткаруучу кеңеши пайыздарды төлөөдөн бошотууну 2018-жылдын акырына чейин узарткан. Бул шарт дүйнө жүзү боюнча ESF алкагында кредит алуучулар үчүн жарыяланган. 2019-жылдын 7-июнунда кредиттин орду толугу менен жабылган.

# 24 АЛЫНГАН КРЕДИТТЕР (УЛАНДЫСЫ)

Кийинки таблицада Улуттук банктын финансылык ишинин натыйжасында келип чыккан милдеттенмелериндеги өзгөрүүлөр, анын ичинде акча агымдарына шартталган өзгөрүүлөр сыяктуу эле, акчага байланышпаган өзгөрүүлөр жөнүндө маалыматтар сунушталган. Финансылык иштин натыйжасында келип чыккан милдеттенмелер дегенден улам, Улуттук банктын акча каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчетунда чагылдырылган же чагылдырыла турган, финансылык иштен түшкөн акча каражаттары агымынын курамындагы милдеттенмелерди, акча агымдарын түшүнүүгө болот.

| | | | **Акчага байланышпаган өзгөрүүлөр** | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **2019-жылдын 1-январы** | **Финансылык иштен түшкөн акча каражаттарынын жылышы (i)** | **Чет өлкө валютасынын курсун корректировкалоо** | **Башка өзгөрүүлөр (ii)** | **2019-жылдын 31-декабры** |
| Алынган кредиттер | 171 922 | (160 155) | (1 113) | (10 654) | - |
| | **171 922** | **(160 155)** | **(1 113)** | **(10 654)** | **-** |

| | | | **Акчага байланышпаган өзгөрүүлөр** | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **2018-жылдын 1-январы** | **Финансылык иштен түшкөн акча каражаттарынын жылышы (i)** | **Чет өлкө валютасынын курсун корректировкалоо** | **Башка өзгөрүүлөр (ii)** | **2018-жылдын 31-декабры** |
| Алынган кредиттер | 925 499 | (742 956) | (10 775) | 154 | 171 922 |
| | **925 499** | **(742 956)** | **(10 775)** | **154** | **171 922** |

(i) Алынган кредиттерден акча агымдары акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчетто карыз алуулардан жана карыз алуулардын ордун жабуудан түшүүлөрдүн таза суммасын түзөт.

(ii) Башка өзгөрүүлөр өзүндө пайыздар боюнча чегерүүлөрдү жана төлөөлөрдү камтыйт.

# 25 ЭВФТЕН БӨЛҮШТҮРҮҮ ТАРТИБИНДЕ АЛЫНГАН АКУ БОЮНЧА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР

| | **2019-жылдын 31-декабры** | **2018-жылдын 31-декабры** |
|---|---|---|
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | 8 146 676 | 8 222 162 |

# 25 ЭВФТЕН БӨЛҮШТҮРҮҮ ТАРТИБИНДЕ АЛЫНГАН АКУ БОЮНЧА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР (УЛАНДЫСЫ)

АКУну (СПЗ) бөлүштүрүү, алардын суммасын ЭВФ мүчөлөрүнүн ортосунда анын чечими боюнча шартсыз бөлүштүрүү саналат. АКУну жалпы бөлүштүрүү 2009-жылдын 28-августунда күчүнө кирген. Мындай бөлүштүрүү глобалдуу финансылык каатчылыкка каршы жамааттык монетардык жооп болуп саналат, ал ликвиддүүлүк проблемасын башынан кечирип жаткан өлкөлөргө шарттар менен чектелбеген олуттуу финансылык ресурстарды берүү аркылуу ишке ашырылат. Бул ресурстар жөнгө салууга муктаждыкты азайтууга жана экономикалык өсүш саясатынын мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө, ошондой эле ЭВФке мүчө өлкөлөрдүн валюталык запасын толуктоо аркылуу глобалдуу экономикалык системанын ликвиддүүлүгүн камсыз кылууга каралган. ЭВФке мүчө өлкөлөрдүн арасында АКУну жалпы бөлүштүрүү, алардын ЭВФтеги квотасына пропорционалдуу негизде жүзөгө ашырылат (35-эскертүү). Мындан тышкары, 2009-жылдын 10-августунда глобалдуу ликвиддүүлүктү жогорулатуу максатында, АКУну бир жолу атайы бөлүштүрүүнү караган, ЭВФтин Келишимдер статьясына карата Төртүнчү түзөтүү күчүнө кирген. Ушул түзөтүүгө ылайык, Кыргызстанды кошо алганда, ЭВФке мүчө өлкөлөргө атайын бөлүштүрүү 2009-жылдын 9-сентябрында ишке ашырылган. Мүчө өлкөлөр жана АКУга ээлик кылуучулар аларды ЭВФ менен операцияларды жүргүзүү үчүн колдонушу мүмкүн. Кыргыз Республикасы 84 737 миң АКУ өлчөмүндө бөлүштүрүлгөн каражатты пайдалануу укугуна ээ болгон. 2019 жана 2018-жылдары бул механизм колдонулган эмес. Анын пайыздык чени жума сайын ЭВФ тарабынан аныкталат жана ал бүткүл дүйнө боюнча бөлүштүрүлгөн АКУну алуучулар үчүн бирдей болуп саналат.

Кийинки таблицада Топтун финансылык иштин натыйжасында келип чыккан милдеттенмелериндеги өзгөрүүлөр, анын ичинде акча агымдары менен шартталган өзгөрүүлөр сыяктуу эле, акчага байланышпаган өзгөрүүлөр да сунушталган. Финансылык иштин натыйжасында келип чыккан милдеттенмелер дегенден улам, Топтун акча каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчетунда чагылдырылган же чагылдырыла турган, финансылык иштен түшкөн акча каражаттарынын агымынын курамындагы милдеттенмелерди, акча агымдарын түшүнүүгө болот.

# 25 ЭВФТЕН БӨЛҮШТҮРҮҮ ТАРТИБИНДЕ АЛЫНГАН АКУ БОЮНЧА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР (УЛАНДЫСЫ)

| | | | Акчага байланышпаган өзгөрүүлөр | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **2019-жылдын 1- январы** | **Финансылык иштен түшкөн акча каражаттарынын жылышы (i)** | **Чет өлкө валютасынын курсун корректировкалоо** | **Башка өзгөрүүлөр (ii)** | **2019-жылдын 31-декабры** |
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | 8 222 162 | - | (71 340) | (4 146) | 8 146 676 |
| | **8 222 162** | **-** | **(71 340)** | **(4 146)** | **8 146 676** |

| | | | Акчага байланышпаган өзгөрүүлөр | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **2018-жылдын 1-январы** | **Финансылык иштен түшкөн акча каражаттарынын жылышы (i)** | **Чет өлкө валютасынын курсун корректировкалоо** | **Башка өзгөрүүлөр (ii)** | **2018-жылдын 31-декабры** |
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | 8 311 236 | - | (93 872) | 4 798 | 8 222 162 |
| | **8 311 236** | **-** | **(93 872)** | **4 798** | **8 222 162** |

(i) Насыяларды ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелерден акча агымдары акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчетто карыз алуулардан жана карыз алуулардын ордун жабуудан түшүүлөрдүн таза суммасын түзөт.

(ii) Башка өзгөрүүлөр пайыздар боюнча чегерүүлөрдү жана төлөөлөрдү өзүнө камтыйт.

# 26 БАШКА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР

| | **2019-жылдын 31-декабры** | **2018-жылдын 31-декабры** |
|---|---|---|
| Кредитордук карыз | 133 349 | 112 348 |
| **Жыйынтыгында, башка финансылык милдеттенмелер** | **132 349** | **112 348** |
| Шарттуу милдеттенмелер боюнча кам | 2 880 | 301 618 |
| Башкалар | 155 232 | 81 117 |
| **Жыйынтыгында, башка финансылык эмес милдеттенмелер** | **158 112** | **382 735** |
| | **291 461** | **495 083** |

2018-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Топ туунду уюм “Керемет Банк” ачык акционердик коомуна карата үчүнчү жактардын талаптары боюнча баалоо милдеттенмелерин тааныган. 2019-жылы ушул талап кылуу жагдайы өзгөрүшүнө байланыштуу жетекчилик ресурстардын чыгышы азыраак деп эсептейт жана 2019-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча баалоо милдеттенмелерин таанууну токтоткон (29-эскертүү).

# 27 УСТАВДЫК КАПИТАЛ

**Төлөнгөн капитал**

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына ылайык, Улуттук банктын уставдык капиталы 2 000 000 миң сомду түзөт.

**Мамлекеттик бюджетке чегерүүлөр жана милдеттүү кам**

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” мыйзамына ылайык Улуттук банктын пайдасы төмөнкүдөй бөлүштүрүлөт:

- эгерде Улуттук банктын уставдык капиталынын жана милдеттүү камынын суммасы анын монетардык милдеттенмелеринин 10 пайызынан азды түзсө, анда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетине пайданын 90 пайызы чегерилет. Пайданын мамлекеттик бюджетке чегерилгенден кийинки калдыгы Улуттук банктын милдеттүү камына которулат;
- эгерде Улуттук банктын уставдык капиталынын жана милдеттүү камынын суммасы анын монетардык милдеттенмелеринин 10 пайызына барабар же андан ашса, анда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетине пайданын 100 пайызы которулат.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамынын 23-беренесине ылайык, пайда финансылык жыл аяктап, көз карандысыз тышкы аудит жүргүзүлүп жана Улуттук банк Башкармасы жылдык отчетту бекиткенден кийин чегерилет.

**Мамлекеттик бюджетке чегерүүлөр жана милдеттүү кам, уландысы**

2019-жылдын 2-апрелинде Улуттук банктын таза пайдасы 2018-жыл үчүн өзүнчө финансылык отчеттун негизинде 2 103 936 миң сом өлчөмүндө бекитилген, анын 1 893 543 миң сому Кыргыз Республикасынын бюджетине чегерилген (2018-жылы 2017-жыл үчүн бекитилген таза пайда 2 300 849 миң сомду түзгөн жана бюджетке тиешелүүлүгүнө жараша 2 070 764 миң сому которулган). Көрсөтүлгөн суммалар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражатынын көбөйүшү катары чагылдырылгандыктан, акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчеттон алынып салынган. 210 393 миң сом өлчөмүндөгү сумма милдеттүү камга которулган (2018-жылы: 230 085 миң сом).

# 27 УСТАВДЫК КАПИТАЛ (УЛАНДЫСЫ)

**Капиталды тескөө**

Улуттук банктын капиталы дегенден улам, анын бардык милдеттенмелерин эсептен алып салгандан кийинки Улуттук банктын активдеринин калдык наркын түшүнүү зарыл.

Улуттук банктын капиталды тескөөгө байланыштуу максаттары, банктын көз карандысыздыгын жана ага жүктөлгөн милдеттерди аткарууга жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн капиталды тиешелүү деңгээлде колдоп турууну түзөт. Улуттук банк өзүнүн тескөөсүндө турган жалпы капиталды финансылык абал жөнүндө отчетто камтылган өздүк капитал катары карайт.

"Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" мыйзамда каралган 2 000 000 миң сомду түзгөн уставдык капиталдын өлчөмүн эске албаганда, Улуттук банк үчүн анын капитал деңгээлине карата кандайдыр бир тышкы талаптар жок.

# 28 ТАЗА ПАЙЫЗДЫК КИРЕШЕ

| | 2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2018-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|
| **Пайыздык кирешелер** | | |
| Чет өлкө банктарындагы жана эл аралык финансылык мекемелердеги мөөнөттүү депозиттер | 944 230 | 783 998 |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган инвестициялар | 864 902 | 669 823 |
| Кардарларга берилген кредиттер | 586 984 | 62 248 |
| Чет өлкө банктарындагы жана эл аралык финансылык мекемелердеги "ностро" эсептер | 547 392 | 618 851 |
| Банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер | 353 980 | 447 737 |
| Амортизацияланган наркы боюнча бааланган инвестициялар | 11 533 | 15 387 |
| Башкалар | 4 430 | 5 440 |
| | **3 313 451** | **2 603 484** |
| **Пайыздык чыгашалар** | | |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | (329 673) | (351 184) |
| Кардарлардын каражаттары | (243 569) | (59 442) |
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | (81 269) | (76 870) |
| Башка активдер боюнча дисконтту бошотуу | (58 398) | (49 319) |
| Банктардын жана башка финансылык мекемелердин каражаттары | (54 888) | (11 022) |
| Ижара боюнча милдеттенмелер | (22 388) | - |
| Башкалар | (8 346) | (8 482) |
| | **(798 531)** | **(556 319)** |
| | **2 514 920** | **2 047 165** |

2019-жыл ичинде башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган категориядагы финансылык активдер үчүн натыйжалуу пайыздык чен методу боюнча эсептелген жалпы пайыздык киреше 1 412 294 миң сомду (2018-жыл үчүн: 1 288 674 миң сомду түзгөн), ал эми амортизацияланган нарк боюнча чагылдырылган финансылык активдер үчүн – 1 901 157 миң сомду (2018-жыл үчүн: 1 314 810 миң сомду) түзгөн. 2019-жыл ичинде амортизацияланган наркы боюнча бааланган финансылык милдеттенмелер үчүн натыйжалуу пайыздык чен методу боюнча эсептелген жалпы пайыздык чыгаша 798 531 миң сомду (2018-жылы: 556 319 миң сом) түзгөн.

# 29 НАРКСЫЗДАНУУГА КАМ ЖАНА БАШКА КАМ

| | Кассадагы, банктардагы жана башка финансылык мекемелердеги каражаттар (7-эскертүү) | | | | Банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер (8-эскертүү) | | | Кардарларга берилген кредиттер (9-эскертүү) | | | | Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган инвестициялар | | Амортизацияланган наркы боюнча бааланган инвестициялар (11-эскертүү) | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1-стадия | 2-стадия | 3-стадия | Сатылып алынган кредиттик нарксызданган финансылык активдер | 1-стадия | 2-стадия | 3-стадия | 1-стадия | 2-стадия | 3-стадия | Сатылып алынган кредиттик нарксызданган финансылык активдер | 1-стадия | 2-стадия | 1-стадия | Жыйынтыгында |
| **2019-жылдын 1-январына карата абал боюнча чыгымдар камы** | **6 073** | **2 170** | **269 932** | **25** | **548** | **-** | **127 415** | **1 088** | **-** | **-** | **-** | **1 217** | **222** | **3 061** | **411 751** |
| Камдын суммасындагы өзгөрүү | | | | | | | | | | | | | | | |
| - Биринчи стадияга кайра классификациялоо | 50 | (50) | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| - Экинчи стадияга кайра классификациялоо | (177) | 177 | - | - | (1 528) | 1 528 | - | (5 809) | 5 809 | - | - | - | - | - | - |
| - Үчүнчү стадияга кайра классификациялоо | - | - | - | - | - | - | - | - | (5 475) | 5 475 | - | | - | - | - |
| Кредиттик тобокелдиктин параметрлеринин өзгөрүүсүнүн натыйжасында нетто өзгөрүүлөр | - | 226 | - | - | 980 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 1 206 |
| Түзүлгөн же кайрадан сатылып алынган финансылык активдер | 1 920 | - | - | - | - | - | - | 46 353 | - | - | 392 027 | 3 277 | - | - | 443 577 |
| Таануу токтотулган финансылык активдер | (2 693) | - | (13 729) | - | - | - | (99) | - | - | - | - | (28) | (222) | (1 099) | (17 870) |
| Башка өзгөрүүлөр | - | (25) | (779) | - | - | - | (277) | - | - | - | - | - | - | - | (1 081) |
| **2019-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча чыгымдар камы** | **5 173** | **2 498** | **255 424** | **25** | **-** | **1 528** | **127 039** | **41 632** | **334** | **5 475** | **392 027** | **4 466** | **-** | **1 962** | **837 583** |

# 29 НАРКСЫЗДАНУУГА КАМ ЖАНА БАШКА КАМ (УЛАНДЫСЫ)

| | Кассадагы, банктардагы жана башка финансылык мекемелер-деги каражаттар (7-эскертүү) | | | | Банктарга жана эл ара-лык уюмдарга берилген кредиттер (8-эскертүү) | | | Кардарларга берилген кредит-тер (9-эскертүү) | Башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланган инвестициялар | | Амортиза-цияланган наркы боюнча бааланган инвестициялар (11-эскертүү) | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1-стадия | 2-стадия | 3-стадия | Сатылып алынган кре-диттик нарк-сызданган финансылык активдер | 1-стадия | 2-стадия | 3-стадия | Сатылып алынган кредиттик нарксы-зданган финан-сылык активдер | 1-стадия | 2-стадия | 1-стадия | Жыйын-тыгында |
| **2018-жылдын 1-январына карата абал боюнча чыгымдар камы** | **6 809** | **2 191** | **266 027** | **-** | **-** | **125 572** | **-** | **-** | **35** | **230** | **3 965** | **404 829** |
| Камдын суммасындагы өзгөрүү | | - | - | | | | - | - | - | - | | |
| - Биринчи стадияга кайра классификациялоо | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| - Экинчи стадияга кайра классификациялоо | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| - Үчүнчү стадияга кайра классификациялоо | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Кредиттик тобокелдиктин параметрлеринин өзгөрүүсүнүн натыйжасында нетто өзгөрүүлөр | (2 780) | (59) | (237) | - | 548 | - | 1 088 | (49 804) | (2 552) | (8) | - | (53 804) |
| Түзүлгөн же кайрадан сатылып алынган финансылык активдер | 2 776 | 38 | - | - | - | - | - | - | 28 | - | - | 2 842 |
| Таануу токтотулган финансылык активдер | (3 312) | - | - | - | - | - | - | - | (35) | - | (904) | (4 251) |
| Башка өзгөрүүлөр | 2 580 | - | 4 142 | 25 | - | 1 843 | - | 49 804 | 3 741 | - | - | 62 135 |
| **2018-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча чыгымдар камы** | **6 073** | **2 170** | **269 932** | **25** | **548** | **127 415** | **1 088** | **-** | **1 217** | **222** | **3 061** | **411 751** |

МАЗМУНУ

## 29 НАРКСЫЗДАНУУГА КАМ ЖАНА БАШКА КАМ (УЛАНДЫСЫ)

| | Башка активдер (17-эскертүү) | | | Шарттуу милдеттенмелер (26, 32-эскертүүлөр) | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 1-стадия | 3-стадия | Сатылып алынган кредиттик нарксызданган финансылык активдер | 1-стадия | Жыйынтыгында |
| **2019-жылдын 1-январына карата абал боюнча чыгымдар камы** | **675** | **18 834** | **131 971** | **301 618** | **453 098** |
| Камдын суммасындагы өзгөрүү | | | | | |
| - Үчүнчү стадияга кайра классификациялоо | (21 788) | 21 788 | - | - | - |
| Кредиттик тобокелдиктин параметрлеринин өзгөрүүсүнүн натыйжасында нетто өзгөрүүлөр | - | - | - | (298 740) | (298 740) |
| Түзүлгөн же кайрадан сатылып алынган финансылык активдер | 22 080 | - | 9 183 | - | 31 263 |
| Активдерди камдардын эсебинен алып салуу | (76) | - | (423) | - | (499) |
| Башка өзгөрүүлөр | - | 36 | 2 485 | 2 | 2 523 |
| **2019-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча чыгымдар камы** | **891** | **40 658** | **143 216** | **2 880** | **187 645** |

| | Башка активдер (17-эскертүү) | | | Шарттуу милдеттенмелер (26, 32-эскертүүлөр) | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 1-стадия | 3-стадия | Сатылып алынган кредиттик нарксызданган финансылык активдер | 1-стадия | Жыйынтыгында |
| **2018-жылдын 1-январына карата абал боюнча чыгымдар камы** | **341** | **24 253** | **-** | **-** | **24 594** |
| Камдын суммасындагы өзгөрүү | | | | | |
| - Биринчи стадияга кайра классификациялоо | - | - | - | - | - |
| - Экинчи стадияга кайра классификациялоо | - | - | - | - | - |
| - Үчүнчү стадияга кайра классификациялоо | - | - | - | - | - |
| Кредиттик тобокелдиктин параметрлеринин өзгөрүүсүнүн натыйжасында нетто өзгөрүүлөр | (14) | - | - | (175) | (189) |
| Түзүлгөн же кайрадан сатылып алынган финансылык активдер | 348 | - | 20 710 | - | 21 058 |
| Таануу токтотулган финансылык активдер | - | (478) | - | - | (478) |
| Активдерди камдардын эсебинен алып салуу | - | (4 884) | - | - | (4 884) |
| Башка өзгөрүүлөр | - | (57) | 111 261 | 301 793 | 412 997 |
| **2018-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча чыгымдар камы** | **675** | **18 834** | **131 971** | **301 618** | **453 098** |

МАЗМУНУ

## 29 НАРКСЫЗДАНУУГА КАМ ЖАНА БАШКА КАМ (УЛАНДЫСЫ)

2018-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчеттун башка активдер жана шарттуу милдеттенмелер боюнча кам түзүүгө чыгашалар курамына бизнести бириктирүү боюнча бүтүмдүн натыйжасында 179 395 миң сом өлчөмүндө “Керемет Банк” ААКтын кредиттик карызы жана таза активдеринин адилет наркы ортосунда айырмага барабар чыгым да камтылган. Ошентип, 2018-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн пайда же чыгым жөнүндө консолидацияланган отчетто камтылган башка активдер жана шарттуу милдеттенмелер боюнча кам түзүүгө чыгашалардын жалпы суммасы 199 786 миң сомду түзгөн.

## 30 ЧЕТ ӨЛКӨ ВАЛЮТАСЫНДА ЖАНА АЛТЫН МЕНЕН ЖҮРГҮЗҮЛГӨН ОПЕРАЦИЯЛАР БОЮНЧА РЕАЛИЗАЦИЯЛАНГАН ТАЗА ПАЙДА

| | **2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл** | **2018-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл** |
|---|---|---|
| Чет өлкө валютасында жана алтын менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча реализацияланган пайда | 1 420 954 | 1 461 161 |
| Чет өлкө валютасында жүргүзүлгөн операциялар боюнча реализацияланбаган пайда | 8 812 | 3 294 |
| “Спот” бүтүмдөрүнөн алынган пайда | 37 222 | 135 798 |
| | **1 466 988** | **1 600 253** |

## 31 АДМИНИСТРАТИВДИК ЧЫГАШАЛАР

| | **2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл** | **2018-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл** |
|---|---|---|
| **Персоналга кеткен сарптоолор** | | |
| Эмгек акы | 649 513 | 503 288 |
| Социалдык фондго төлөөлөр | 111 337 | 86 938 |
| | **760 850** | **590 226** |
| Амортизация жана эскилиги жеткендер | 392 694 | 235 665 |
| Ремонт иштери жана тейлөөлөр | 198 244 | 154 115 |
| Күзөт иштери | 64 311 | 46 683 |
| Байланыш жана маалыматтык кызмат көрсөтүүлөр | 30 530 | 24 919 |
| Кесипкөй кызмат көрсөтүүлөр | 27 228 | 14 571 |
| Жарыялоолор жана жазылуулар | 23 426 | 14 796 |
| Ижарага чыгашалар | 14 093 | 20 528 |
| Иш сапарына кеткен чыгашалар | 12 373 | 12 681 |
| Персоналды окутуу | 10 211 | 8 520 |
| Социалдык иш-чараларга сарптоолор | 9 942 | 10 939 |
| Кеңсе буюмдары | 6 595 | 4 144 |
| Башка чыгашалар | 26 266 | 23 069 |
| | **1 576 763** | **1 160 856** |

# 32 ШАРТТУУ МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР

**а) Салык салуу**

Кыргызстанда салык системасы салыштырмалуу жаңы жана мыйзам ченемдеринин, расмий түшүндүрмөлөрдүн жана сот чечимдеринин бат-бат өзгөрүшү менен мүнөздөлөт, алар кээ бир учурларда так эмес, карама-каршы жана ар башка чечмелөөлөрдү камтыйт. Салыктар салык органдары тарабынан текшерүү жана изилдөө предметинен болуп саналат, алар айыптык төлөм белгилөө жана жазалоо укугуна ээ. Салык мыйзамдары бузулган учурда, салык органдары тарабынан алты жыл өткөндөн кийин кошумча салыктар, айыптык төлөмдөр же жазалоо боюнча эч кандай милдеттенмелер жүктөлбөйт.

Бул жагдайлар Кыргызстанда салык боюнча тобокелдиктерди жаратууда, алар башка өлкөлөргө караганда кыйла маанилүү болуп саналат. Жетекчилик салык милдеттенмелери Кыргыз Республикасынын колдонуудагы салык мыйзамдарына, расмий түшүндүрмөлөргө жана сот чечимдерине ылайык шайкеш келтирилген деп эсептейт. Ошондой болсо да, тиешелүү органдар тарабынан бул жоболордун чечмелениши айырмалынышы мүмкүн жана эгерде алар өз позициясынын укук ченемдүүлүгүн далилдей алса, анын консолидацияланган финансылык отчетко карата таасири олуттуу болушу ыктымал.

Жетекчилик, эгерде Улуттук банкка жана “Керемет Банк” ачык акционердик коомуна карата доо жана даттануулар боюнча акыркы милдеттенме орун алса, анда ал Топтун консолидацияланган финансылык абалына же келечектеги ишинин жыйынтыгына олуттуу деле таасирин тийгизбейт деп болжолдойт.

МАЗМУНУ

**б) Сот доолору**

Топ ишкердикти жүргүзүү процессинде үчүнчү жактар мезгил-мезгили менен Топко дооматтарды коюушу мүмкүн. 2018-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча жетекчилик териштирүүлөрдүн натыйжасында туунду уюм “Керемет Банк” ААК олуттуу чыгымдарга дуушар болушу ыктымал деген пикирден улам 300 000 миң сом суммасына баалоо милдеттенмелерин тааныган (26-эскертүү). Бирок, бул доо 2019-жылы жөнгө салынып, 2019-жылдын 31-декабрына карата тиешелүү баалоо милдеттенмесин таануу токтотулган (29-эскертүү).

**в) Кредиттик мүнөзгө ээ милдеттенмелер, гарантиялар жана башка финансылык контракттар**

“Керемет Банк” ачык акционердик коому күндөлүк ишинин жүрүшүндө өз кардарларына финансылык инструменттерди сунуштаган, алар балансиан тышкаркы тобокелдикке ээ. Кредиттик тобокелдик боюнча ар кандай деңгээлге ээ болгон бул финансылык инструменттер финансылык абал жөнүндө отчетто чагылдырылбайт.

# 32 ШАРТТУУ МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР (УЛАНДЫСЫ)

## в) Кредиттик мүнөзгө ээ милдеттенмелер, гарантиялар жана башка финансылык контракттар, уландысы

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча номиналдык же контракттык суммалар төмөнкүлөрдү түзгөн:

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Насыялар жана колдонулбаган кредиттик линиялар боюнча милдеттенмелер | 274 125 | 90 262 |
| Берилген гарантиялар | 75 684 | 85 112 |
| Финансылык гарантиялар боюнча кам | (2 880) | (1 618) |
| **Жыйынтыгында, кредиттик мүнөзгө ээ милдеттенмелер** | **346 929** | **173 756** |

Финансылык гарантиялар боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын өзгөрүүлөрүнө талдап-иликтөөлөр төмөнкүдөй чагылдырылган:

| | 12 ай чегинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдар |
|---|---|
| **2018-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча чыгымдар камы** | **1 618** |
| Камды кайра таза эсептөө | 1 262 |
| **2019-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча чыгымдар камы** | **2 880** |

## г) Капиталдык мүнөзгө ээ милдеттенмелер

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банк жана анын туунду уюмдары капиталдык сарптоолор боюнча милдеттенмелерге ээ болгон эмес.

## д) Камсыздандыруу

Кыргыз Республикасында камсыздандыруу тармагы өнүгүү баскычында турат жана дүйнөнүн башка өлкөлөрү үчүн мүнөздүү болгон камсыздандыруунун көптөгөн формалары биз үчүн азырынча толук көлөмдө жеткиликтүү эмес.

Топ толук камсыздандырууну камсыз кылмайынча, белгилүү бир активдерди жоготуу же жок кылуу Топтун ишине жана финансылык абалына терс таасирин тийгизиши мүмкүндүгү тобокелдиги орун алат.

“Керемет Банк” ачык акционердик коому Кыргыз Республикасынын депозиттерди коргоо системасынын катышуучусу болуп саналат, ал Депозиттерди коргоо боюнча агенттиги тарабынан жүзөгө ашырылат жана Кыргыз Республикасынын “Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө” мыйзамы менен жөнгө салынат. Гарантиялык учур келип жеткен учурда мыйзамдарга ылайык, ар бир аманатчыга, жеке адамга депозиттер боюнча пайыздарды кошо алганда, 200 миң сомдон ашпаган өлчөмдө компенсация төлөнөт.

# 33 ПАЙДА САЛЫГЫ

Улуттук банк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык пайда салыгын төлөөдөн бошотулган. Туунду уюмдарга салык салынууга тийиш. Салык чени ушул юрисдикциядагы салык мыйзамдарына ылайык, Кыргыз Республикасындагы юридикалык жактардын төлөөгө карата салык салынуучу пайдасынан 10 пайызды түзөт.

Чыгашалардын айрым түрлөрү салык салуу максаттарында эсепке алынбагандыгына байланыштуу, ошондой эле салык салынбаган киреше орун алгандыктан, Топто белгилүү бир туруктуу салык айырмалары келип чыгат.

Кийинкиге калтырылган салык консолидацияланган финансылык отчеттун максатында салык салуу максаты үчүн аныкталган активдердин эсепке алуу наркы менен милдеттенмелердин ортосундагы убактылуу айырмадан алынган таза салык натыйжасын чагылдырат. 2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата орун алган убактылуу айырма, негизинен, кирешелерди жана чыгашаларды эсепке алуу боюнча ар башка методдорго/мөөнөттөргө, ошондой эле айрым активдерди эсепке алуу менен салык наркы ортосундагы айырмадан келип чыккан убактылуу айырмаларга байланыштуу.

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Өткөн жылдарга тиешелүү учурдагы пайда салыгы боюнча чыгаша | 33 155 | - |
| Убактылуу айырманын келип чыгуусунан жана калыбына келүүсүнөн улам калтырылган салык активдеринин/милдеттенмелеринин өлчөмүнүн өзгөрүшү | 26 645 | (11 163) |
| **Жыйынтыгында, пайда салыгы боюнча чыгашалар/(үнөмдөө)** | **59 800** | **(11 163)** |

Төмөндө 10 пайыз ченемдик чен боюнча эсептелген пайда салыгы боюнча чыгашаларды пайда салыгы боюнча айкын чыгашаларга ылайык келтирүү үчүн эсептөөлөр келтирилген:

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Салык салынганга чейинки пайда | 2 051 522 | 2 214 546 |
| Белгиленген чен боюнча салык (10%) | 205 152 | 221 455 |
| Улуттук банктын операциялары боюнча салык салынбаган киреше | (256 527) | (213 579) |
| “Керемет Банк” ААКтын кийинкиге калтырылган таанылбаган салык активдеринин өзгөрүүсү | 55 093 | - |
| Өткөн жылдарга тиешелүү “Керемет Банк” ААКтын учурдагы пайда салыгы боюнча чыгаша | 33 155 | - |
| “Керемет Банк” ААКтын башка туруктуу айырмалары | 22 927 | (19 039) |
| **Жыйынтыгында, пайда салыгы боюнча чыгашалар/(үнөмдөө)** | **59 800** | **(11 163)** |

# 33 ПАЙДА САЛЫГЫ (УЛАНДЫСЫ)

Топ салык чыгымдарын келечектеги мезгилге жылдыруунун белгисиздигине жана жылдыруу ыктымалдыгынын төмөндүгүнө байланыштуу келечектеги мезгилдерге жылдырылган, “Керемет Банк” ААКтын салык чыгымдарына таандык кийинкиге калтырылган салык активдерин тааныган эмес.

2019 жана 2018-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча кийинкиге калтырылган салык активдери /(милдеттенмелер) төмөнкүдөй берилген:

| | 2019-жылдын 31 декабры | 2018-жылдын 31 декабры |
|---|---|---|
| Сатуу үчүн каралган узак мөөнөттүү активдер | 18 585 | 32 912 |
| Негизги каражаттар | (15 522) | (29 187) |
| Кардарларга берилген кредиттер | (14 634) | 8 045 |
| Башка активдер | - | 391 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 3 534 | 1 143 |
| Кассадагы, банктардагы жана башка финансылык мекемелердеги каражаттар | - | 5 304 |
| **Жыйынтыгында, кийинкиге калтырылган таза салык (милдеттенмелер)/активдери** | **(8 037)** | **18 608** |

| **Кийинкиге калтырылган пайда салыгы боюнча милдеттенмелер/(талаптар)** | **2019-жыл** | **2018-жыл** |
|---|---|---|
| Жылдын башында | (18 608) | - |
| Пайда же чыгым жөнүндө отчетто таанылган, убактылуу айырмалардын пайда болушуна жана алып салууга байланыштуу кийинкиге калтырылган салык боюнча чыгаша /(ордун жабуу) | 26 645 | (18 608) |
| **Жылдын акырында** | **8 037** | **(18 608)** |

# 34 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨ

Тобокелдиктерди тескөөгө алуу Топтун ишинде маанилүү роль ойноп, анын операциялык ишинин маанилүү элементи болуп саналат. Топ өз ишин жүзөгө ашыруу процессинде дуушар болуучу негизги тобокелдиктерден болуп, рыноктук тобокелдик, кредиттик тобокелдик жана ликвиддүүлүк тобокелдиги саналат.

## (а) Тобокелдиктерди тескөө саясаты жана жол-жоболор

Топтун тобокелдиктерди тескөө саясаты топ дуушар болуучу тобокелдиктерди аныктоого, аларга баа берүүгө, талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүүгө жана тескөөгө алууга, ошондой эле тиешелүү чектөөлөрдү жана контролду белгилөөгө, тобокелдик деңгээлине туруктуу баа берүүгө жана алардын белгиленген лимиттерге ылайык келүүсүнө байкоо жүргүзүүгө багытталган. Тобокелдиктерди тескөө саясаты жана жол-жоболору, рыноктук жагдайлардын өзгөрүүсүн, сунушталып жаткан банктык продукттарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү, топтолгон алгылыктуу дүйнөлүк тажрыйбаларды чагылдыруу максатында, туруктуу негизде кайрадан каралып турат.

Топтун жетекчилиги, тобокелдиктерди тескөө боюнча контролдоо системасынын, негизги тобокелдиктердин тескөөгө алынышы жана тобокелдиктерди тескөө боюнча саясаттын жана жол-жоболордун жактырылып, кабыл алынышы, ошондой эле ири бүтүмдөрдүн жактырылышы үчүн жоопкерчиликтүү.

Топтун Башкармасы, комитеттер жана комиссиялар монетардык, инвестициялык жана валюта саясаттарына байланыштуу маселелерди дайыма кароого алып, активдерди тескөө алкагында лимиттерди, ошондой эле Топтун контрагенттерине карата талаптарды белгилешет.

Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2018-жылдын 19-декабрындагы токтому менен бекитилген Улуттук банктын эл аралык камды тескөө боюнча инвестициялык саясатына ылайык (мындан ары – Инвестициялык саясат), тобокелдиктерди тескөөнүн негизги максатынан болуп, Топтун ликвиддүүлүгүн жана активдеринин коопсуздугун камсыз кылуу саналат. Операциялар ушул Инвестициялык саясатта белгиленген ар жылдык лимиттердин чегинде ишке ашырылат.

Ушул максаттарга ылайык Улуттук банктын алтын валюта активдери жумушчу жана инвестициялык портфелдерге бөлүнөт.

## (б) Рыноктук тобокелдик

Рыноктук тобокелдик – бул, рыноктук баанын өзгөрүүсүнөн улам адилет нарктын же финансылык инструмент боюнча акча каражаттарынын келечектеги агымынын өзгөрүү тобокелдиги. Рыноктук тобокелдик валюта тобокелдигинен, пайыздык чендердин өзгөрүүсү тобокелдигинен, ошондой эле башка баа тобокелдиктеринен турат. Рыноктук тобокелдик, рыноктогу жалпы жана мүнөздүү болгон өзгөрүүлөрдүн, рыноктук баанын өзгөрүлмөлүүлүгүнүн таасирине дуушар болгон пайыздык, валюталык жана үлүштүк финансылык инструменттерге карата ачык позициялар боюнча келип чыгат.

Рыноктук тобокелдикке дуушарланууну алгылыктуу параметрлердин чегинен чыкпагандай, ошону менен катар эле кирешелүүлүктү оптималдаштырууну камсыз кыла алгандай тескөөгө алуу жана контролдоо рыноктук тобокелдикти тескөө милдетинен болуп саналат.

# 34 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨ (УЛАНДЫСЫ)

## (б) Рыноктук тобокелдик, уландысы

Топ бардык ачык позицияларга баа берүү жол-жобосун туруктуу ишке ашыруу аркылуу рыноктук тобокелдикти тескейт. Мындан тышкары, Топ финансылык инструменттер боюнча ачык позицияларга белгиленген лимиттерге, пайыздык чендерге, төлөө мөөнөттөрүнө жана тобокелдик көрсөткүчүнүн/кирешелүүлүктүн катышына туруктуу байкоо жүргүзүп турат.

### *(i) Пайыздык чендердин өзгөрүү тобокелдиги*

Пайыздык чендердин өзгөрүү тобокелдиги – бул, рыноктук пайыздык чендердин өзгөрүүсүнөн улам адилет нарктын же финансылык инструмент боюнча келечекте болжолдонуп жаткан акча каражаттарынын агымынын өзгөрүү тобокелдиги. Топ, басымдуулук кылган рыноктук пайыздык чендердин анын финансылык абалына жана акча каражаттарынын агымынын таасирлерине дуушарланышы ыктымал. Мындай өзгөрүүлөр пайыздык маржа деңгээлин көбөйтүшү сыяктуу эле, аны төмөндөтүшү да мүмкүн же болбосо пайыздык чендердин күтүүсүз өзгөрүүсү чыгымдардын келип чыгышына алып келет.

***Орточо пайыздык чендер***

Төмөндө келтирилген таблицада 2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата пайыздык активдер жана милдеттенмелер боюнча орточо натыйжалуу пайыздык чендер чагылдырылган. Бул пайыздык чендер тиешелүү активдердин жана милдеттенмелердин төлөөгө карата кирешелүүлүгүн баа берүү катары чагылдырат.

# 34 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨ (УЛАНДЫСЫ)

| | Орточо салмактанып алынган натыйжалуу пайыздык чен, % 2019-ж. 31-дек. | Орточо салмактанып алынган натыйжалуу пайыздык чен, % 2018-ж. 31-дек. |
|---|---|---|
| **Пайыздык активдер** | | |
| **Алтын** | | |
| Чет өлкө банктарындагы депозиттердеги алтын | 0,01 | 0,07 |
| **Кассадагы, банктардагы жана башка финансылык мекемелердеги каражаттар** | | |
| "Ностро" түрүндөгү эсептер | | |
| - АКШ долларында | 1,44 | 2,45 |
| - евродо | (0,51) | (0,41) |
| - канада долларында | 0,45 | 1,47 |
| - англия фунт стерлингинде | 0,04 | 0,34 |
| - кытай юанында | 0,35 | 0,35 |
| - норвегия кронасында | 1,25 | 0,63 |
| - сингапур долларында | 0,05 | 0,2 |
| - корея вонасында | 0,10 | 0,07 |
| - швейцария франкында | (0,06) | (0,51) |
| - АКУда | 0,74 | 1,10 |
| - австралия долларында | - | 0,25 |
| Мөөнөттүү депозиттер | | |
| - АКШ долларында | 1,98 | 2,84 |
| - канада долларында | 1,65 | 1,91 |
| - англия фунт стерлингинде | 0,83 | 1,03 |
| - австралия долларында | 1,14 | 2,20 |
| - орус рублинде | 5,78 | 4,75 |
| - кытай юанында | 2,54 | 3,62 |
| - норвегия кронасында | 1,63 | 0,97 |
| - сингапур долларында | 1,44 | 1,44 |
| - корея вонасында | 1,46 | 1,82 |
| **Банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер** | | |
| - кыргыз сомунда | 4,57 | 4,83 |
| **Кардарларга берилген кредиттер** | | |
| - кыргыз сомунда | 10,69 | 13,94 |
| - АКШ долларында | 8,36 | 6,85 |
| - орус рублинде | - | 14,00 |
| - евродо | 14,50 | 14,50 |
| **Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган инвестициялар** | | |
| - АКШ долларында | 1,94 | 2,46 |
| - австралия долларында | 0,78 | 1,81 |
| - канада долларында | 1,72 | 1,91 |
| - англия фунт стерлингинде | 0,73 | 0,63 |
| - корея вонасында | 1,49 | 1,72 |
| - кыргыз сомунда | 10,84 | 16,66 |
| **Амортизацияланган наркы боюнча бааланган инвестициялар** | | |
| - кыргыз сомунда | 6,35 | 6,35 |
| - евродо | 14,50 | 14,50 |
| **Пайыздык милдеттенмелер** | | |
| **Банктардын жана башка финансылык мекемелердин каражаттары** | | |
| - кыргыз сомунда | 0,02 | - |
| - АКШ долларында | 0,01 | - |
| **Кардарлардын каражаттары** | | |
| - кыргыз сомунда | 11,08 | 12,97 |
| - АКШ долларында | 4,93 | 3,95 |
| - орус рублинде | 4,89 | 5,37 |
| - евродо | 5,32 | 0,79 |
| **Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар** | | |
| - кыргыз сомунда | 4,06 | 3,54 |
| **ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер** | 0,74 | 1,10 |

# 34 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨ (УЛАНДЫСЫ)

**Пайыздык чендердин өзгөрүүгө ийкемдүүлүгүн талдап-иликтөөлөр**

Пайданын же чыгымдын, ошондой эле өздүк капиталдын башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдердин адилет наркынын өзгөрүүсүнүн ийкемдүүлүгүнө талдап-иликтөөлөрдү, 2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча колдонулган позициялардын негизинде түзүлгөн, пайыздык чендердин өзгөрүүсүнөн жана кирешелүүлүк ийрегинин пайыздык чендердин көбөйүшү же азаюусу жагына 20 базистик пунктка катар жылышынын жөнөкөй сценарийинен улам, төмөнкүдөй чагылдырууга болот:

| | 2019-жылдын 31-декабры | | 2018-жылдын 31-декабры | |
|---|---|---|---|---|
| | **Пайда же чыгым** | **Жыйынды киреше жана капитал** | **Пайда же чыгым** | **Жыйынды киреше жана капитал** |
| Чендердин көбөйүүсү жагына 20 базисттик пунктка катар жылышуу | - | (30 046) | - | (8 444) |
| Чендердин азаюусу жагына 20 базисттик пунктка катар жылышуу | - | 34 364 | - | 19 166 |

Жогоруда келтирилген таблицаларда негизги жол берүүлөрдүн өзгөрүү таасири чагылдырылган, ошол эле учурда башка жол берүүлөр өзгөрүүсүз калган. Иш жүзүндө жол берилгендер менен башка факторлор ортосундагы корреляция орун алат. Бул жерде ошондой эле көрсөтүлгөн ийкемдүүлүк линиялык мүнөзгө ээ эмес экендигин белгилеп кетүү зарыл, ошондуктан көбүрөөк же азыраак таасир этүү ушул натыйжалардын негизинде интерполяциялануучу же экстраполяциялануучу тийиш эмес.

Ийкемдүүлүктү талдап-иликтөөлөрдө Топ активдерди жана милдеттенмелерди жигердүү тескөөгө ала тургандыгы эске алынбайт. Топтун финансылык абалы рыноктогу өзгөрүүлөргө жараша өзгөрүшү мүмкүндүгүн да кошумчалап кетүү зарыл. Мисалы, Топтун финансылык тобокелдиктерди тескөө жагындагы стратегиясы рыноктогу баанын өзгөрүүсүнө байланыштуу тобокелдиктерди тескөөгө багытталган. Баалуу кагаздар рыногунда баанын кескин алгылыксыз мүнөздө өзгөрүп кетиши шартында, Топтун аракеттеринде инвестициялык активдерди сатуу, инвестициялык портфелдин курамын өзгөртүү, ошондой эле коргонуунун башка ыкмалары да камтылышы мүмкүн. Демек, жол берүүдөгү өзгөрүүлөр милдеттенмелерге айкын таасир этпесе да, рынок баасы боюнча финансылык абал жөнүндө отчетто эсепке алынган активдерге олуттуу таасир этиши мүмкүн. Бул учурда, активдерге жана милдеттенмелерге баа берүүнүн ар кандай ыкмалары капитал өлчөмүнүн өзгөрүүсүнө алып келиши мүмкүн.

МАЗМУНУ

# 34 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨ (УЛАНДЫСЫ)

## (б) Рыноктук тобокелдик, уландысы

### *(ii) Валюта тобокелдиги*

Топ бир нече чет өлкө валютасында туюндурулган активдерге жана милдеттенмелерге ээ.

Валюта тобокелдиги – бул, адилет нарктын же валюталардын рыноктук алмашуу курстарынын өзгөрүүсүнөн улам, финансылык инструмент боюнча акча каражаттарынын келечектеги агымынын өзгөрүү тобокелдиги. Топ валюта тобокелдиктеринен коргонуу жагында чараларды көрүп жаткандыгына карабастан, мындай операциялар ФОЭСке ылайык хеджирлөөгө тиешелүү аныктамаларга төп келбейт.

Топтун 2019-жылдын 31-декабрына карата валюталар боюнча валюта тобокелдигине дуушарлануусу төмөнкү таблицада чагылдырылган:

| | Сом | Алтын | АКШ доллары | Евро | Канада доллары | Австралия доллары | АКУ | Норвегия кронасы | Англия фунт стерлинги | Кытай юаны | Башка валю-талар | Жыйынтыгында, 2019-ж. 31-декабры |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Туунду эмес финансылык активдер** | | | | | | | | | | | | |
| Депозит түрүндө алтын | - | 8 765 609 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 8 765 609 |
| Кассадагы, банктардагы жана башка финансылык мекемелердеги каражаттар | - | - | 52 469 600 | 1 797 764 | 3 358 558 | 1 541 032 | 10 261 521 | 2 099 052 | 994 596 | 9 355 966 | 5 397 155 | 87 275 244 |
| Банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер | 7 039 925 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 7 039 925 |
| Кардарларга берилген кредиттер | 3 603 332 | - | 1 058 687 | 695 | - | - | - | - | - | - | 29 900 | 4 691 714 |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган инвестициялар | 993 846 | - | 25 918 925 | - | 3 150 377 | 2 042 029 | - | - | 1 273 293 | - | 598 532 | 33 977 002 |
| Амортизацияланган наркы боюнча бааланган инвестициялар | 125 052 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 125 052 |
| Башка финансылык активдер | 337 247 | - | 2 196 | - | - | - | - | - | - | - | 1 008 | 340 451 |
| **Жыйынтыгында, туунду эмес финансылык активдер** | **12 099 402** | **8 765 609** | **79 449 408** | **1 798 459** | **6 508 935** | **3 583 061** | **10 261 521** | **2 099 052** | **2 267 889** | **9 355 966** | **6 025 695** | **142 214 997** |

# 34 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨ (УЛАНДЫСЫ)

## (б) Рыноктук тобокелдик, уландысы

### *(ii) Валюта тобокелдиги, уландысы*

| | Сом | Алтын | АКШ доллары | Евро | Канада доллары | Австралия доллары | АКУ | Норвегия кронасы | Англия фунт стерлинги | Кытай юаны | Башка валюталар | Жыйынтыгында 2019-ж. 31-декабры |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Туунду эмес финансылык милдеттенмелер** | | - | - | - | - | - | - | - | | - | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 106 058 051 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 106 058 051 |
| Банктардын жана башка финансылык мекемелердин каражаттары | 17 563 097 | - | 4 312 513 | 8 581 | - | - | - | - | - | - | 2 038 | 21 886 229 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 4 965 935 | - | 10 956 579 | 971 466 | - | - | - | - | - | - | 139 174 | 17 033 154 |
| Кардарлардын каражаттары | 2 631 705 | - | 906 193 | 37 994 | - | - | - | - | - | - | 45 152 | 3 621 044 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 8 048 501 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 8 048 501 |
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | - | - | - | - | - | - | 8 146 676 | - | - | - | - | 8 146 676 |
| Ижара боюнча милдеттенмелер | 9 561 | - | 289 774 | - | - | - | - | - | - | - | - | 299 335 |
## *2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө өзүнчө отчет*

*(миң сом)*

| | Уставдык капитал | Милдеттүү кам | Чет өлкө валютасын жана алтынды кайра баалоо боюнча кам | Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган инвестицияларды кайра баалоо боюнча кам | Бөлүштүрүлбөгөн пайда | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2018-жылдын 1-январына карата калдык | 2 000 000 | 7 036 083 | 14 284 368 | (6 425) | 2 300 849 | 25 614 875 |
| ФОЭС (IFRS) 9-стандартына өтүүдөн натыйжа | - | - | - | - | (31 854) | (31 854) |
| **Кайра эсептөөдөн кийин** | **2 000 000** | **7 036 083** | **14 284 368** | **(6 425)** | **2 268 995** | **25 583 021** |
| Жыл ичиндеги пайда | - | - | - | - | 2 135 790 | 2 135 790 |
| **Башка жыйынды финансылык натыйжа** | | | | | | |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган инвестициялардан таза пайда | - | - | - | 11 750 | - | 11 750 |
| Чет өлкө валютасындагы активдерди, милдеттенмелерди жана алтынды кайра баалоодон чыгым | - | - | (985 120) | - | - | (985 120) |
| Пайда же чыгымдын курамына которулган чет өлкө валютасында жана алтын менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча таза пайда | - | - | (1 461 161) | - | - | (1 461 161) |
| Жыйынтыгында, башка жыйынды финансылык натыйжа | - | - | (2 446 281) | 11 750 | - | (2 434 531) |
| **Жыйынтыгында, жыл ичиндеги жыйынды финансылык натыйжа** | **-** | **-** | **(2 446 281)** | **11 750** | **2 135 790** | **(298 741)** |
| **Түздөн-түз капитал курамында чагылдырылган операциялар** | | | | | | |
| Өткөн жылдын пайдасын мамлекеттик бюджетке бөлүштүрүү (21-эскертүү) | - | - | - | - | (2 070 764) | (2 070 764) |
| Милдеттүү камга которуу (21-эскертүү) | - | 230 085 | - | - | (230 085) | - |
| **Жыйынтыгында, түздөн-түз капитал курамында чагылдырылган операциялар боюнча** | **-** | **230 085** | **-** | **-** | **(2 300 849)** | **(2 070 764)** |
| **2018-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **2 000 000** | **7 266 168** | **11 838 087** | **5 325** | **2 103 936** | **23 213 516** |

***2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө өзүнчө отчет (уландысы)***

*(миң сом)*

| | Уставдык капитал | Милдеттүү кам | Чет өлкө валюта-сын жана алтынды кайра баалоо боюнча кам | Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган инвестициялар-ды кайра баалоо боюнча кам | Бөлүштү-рүлбөгөн пайда | Жыйын-тыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2019-жылдын 1-январына карата калдык | 2 000 000 | 7 266 168 | 11 838 087 | 5 325 | 2 103 936 | 23 213 516 |
| Жыл ичиндеги пайда | - | - | - | - | 2 565 273 | 2 565 273 |
| **Башка жыйынды финансылык натыйжа** | | | | | | |
| Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган инвестициялардан таза пайда | - | - | - | 7 699 | - | 7 699 |
| Чет өлкө валютасындагы активдерди, милдеттенмелерди жана алтынды кайра баалоодон пайда | - | - | 6 734 772 | - | - | 6 734 772 |
| Пайда же чыгымдын курамына которулган чет өлкө валютасында жана алтын менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча таза пайда | - | - | (1 420 954) | - | - | (1 420 954) |
| Жыйынтыгында, башка жыйынды финансылык натыйжа | - | - | 5 313 818 | 7 699 | - | 5 321 517 |
| **Жыйынтыгында, жыл ичиндеги жыйынды финансылык натыйжа** | **-** | **-** | **5 313 818** | **7 699** | **2 565 273** | **7 886 790** |
| **Түздөн-түз капитал курамында чагылдырылган операциялар** | | | | | | |
| Өткөн жылдын пайдасын мамлекеттик бюджетке бөлүштүрүү (21-эскертүү) | - | - | - | - | (1 893 543) | (1 893 543) |
| Милдеттүү камга которуу (21-эскертүү) | - | 210 393 | - | - | (210 393) | - |
| **Жыйынтыгында, түздөн-түз капитал курамында чагылдырылган операциялар боюнча** | **-** | **210 393** | **-** | **-** | **(2 103 936)** | **(1 893 543)** |
| **2019-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **2 000 000** | **7 476 561** | **17 151 905** | **13 024** | **2 565 273** | **29 206 763** |

**Абдыгулов Т. С.**
***Улуттук банктын төрагасы***

2020-жылдын 9-апрели

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

**Алыбаева С. К.**
***Башкы бухгалтер***

2020-жылдын 9-апрели

Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

# 2019-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ӨЗҮНЧӨ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТКО КАРАТА ЭСКЕРТҮҮЛӨР

## 1 НЕГИЗГИ ЖОБОЛОР

### (a) Уюм жана анын негизги иши

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары - Улуттук банк) Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик банкынын укугу өткөн мекеме болуп саналат. 1992-жылдын 12-декабрында "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамдын кабыл алынышына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аталышына ээ болгон. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши (парламент) 2016-жылдын 16-декабрында "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" мыйзамды кабыл алып, учурда Улуттук банктын иши аталган мыйзам менен жөнгө салынып келет.

Кыргыз Республикасында баа туруктуулугуна жетишүү жана аны колдоо Улуттук банктын негизги иш максаты болуп саналат. Ушул негизги максатты жүзөгө ашыруу үчүн Улуттук банкка мамлекеттин акча-кредит саясатын аныктоо жана жүргүзүү; төлөм системасын жана банктар аралык төлөмдөрдү натыйжалуу өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү; банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүгө чыгаруу; эл аралык валюта камдарын тескөөгө алуу; мыйзамдарга ылайык коммерциялык банктарды жана финансы-кредит уюмдарын лицензиялоо, алардын ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө милдеттери жүктөлгөн. Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн финансылык агенти катары иш алып барат.

Улуттук банктын юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Чүй пр. 168.

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча өлкө аймагында Улуттук банктын беш областтык башкармалыгы жана бир өкүлчүлүгү иштеп турган.

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банктын кызматкерлеринин жалпы саны, тиешелүүлүгүнө жараша 679 жана 657 адамды түзгөн.

Улуттук банк анын курамына төмөнкү уюмдар кирген топтун башкы компаниясы болуп саналат:

| Аталышы | Добуш берүүчү акциялар пайызы (%) 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры | Ишкердик түрү |
|---|---|---|---|
| "Керемет Банк" ачык акционердик коому (2018: "Россия Инвестициялык Банкы" ачык акционердик коому) | 95,07 | 71,66 | Банктык кызмат көрсөтүүлөр |
| "Кыргыз инкассациясы" жабык акционердик коому | 100 | 100 | Баалуулуктарды ташуу боюнча кызматтар |

Улуттук банк 2018-жылдын 2-октябрында анын акционерлери менен ыйгарып берүү жөнүндө макулдашуу түзүүнүн натыйжасында "Россия Инвестициялык Банкы" ААКтын акцияларын кабыл алып, аталган банктын акцияларынын 71,66 пайызына ээ болгон.

2019-жылдын 27-сентябрында "Россия Инвестициялык Банкы" ААК Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде кайра каттоодон өтүп, "Россия Инвестициялык Банкы" ААК аталышын "Керемет Банк" ААКка өзгөрткөн.

# 1 НЕГИЗГИ ЖОБОЛОР (УЛАНДЫСЫ)

## (а) Уюм жана анын негизги иши, уландысы

2019-жылдын 18-январында жана 2019-жылдын 24-майында Улуттук банк “Керемет Банк” ААКтын ишин чыңдоонун алкагында, “Керемет Банк” ААКтын уставдык капиталындагы өз үлүшүн жогорулаткан. Туунду банктын жөнөкөй жеке таандык акцияларынын 716 575 миң сом суммасында (2018-жылы 500 000 миң сом суммасында төлөнгөн акча каражаттарын эске алганда) бешинчи чыгарылышынын жана 3 000 000 миң сом суммасында алтынчы чыгарылышынын жыйынтыгы боюнча Улуттук банктын үлүшү тиешелүүлүгүнө жараша 85,21 жана 95,07 пайызды түзгөн.

2019-жылдын 17-июнунда 550 000 миң сом суммасына жөнөкөй акцияларды кошумча чыгаруу жолу менен “Кепилдик фонд” ачык акционердик коомунун уставдык капиталын анын андан ары натыйжалуу ишин камсыз кылуу максатында көбөйтүү жана Улуттук банкка акциялардын кошумча эмиссиясын сатып алууну сунуштоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №222-р буйругуна кол коюлган. 2019-жылдын 12-июлунда Улуттук банк “Кепилдик фонд” ААКтын капиталында катышуу жөнүндө чечим кабыл алган. Бул чечимге ылайык Улуттук банк “Кепилдик фонд” ААКтын 550 000 миң сом өлчөмүндө кошумча төртүнчү эмиссиясынын акцияларын сатып алган. Бул акцияларды сатып алуунун натыйжасында Улуттук банктын “Кепилдик фонд” ААКтын уставдык капиталындагы үлүшү 48,59 пайызды түзгөн.

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банк “Банктар аралык процессинг борбору” ЖАК ассоциацияланган уюмундагы инвестицияларга ээ (тиешелүүлүгүнө жараша 46, 71 жана 46,71 пайыз).

Бул өзүнчө финансылык отчет Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2020-жылдын 9-апрелинде бекитилген.

## (б) Операциялык чөйрө

Кыргыз Республикасында саясий, экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөр жүрүүдө. Рыногу калыптанып келе жаткан өлкөлөрдүн катарына кирген Кыргыз Республикасы азырынча экономикасы кыйла өнүккөн өлкөлөргө мүнөздүү болгон коммерциялык жана жөнгө салуучу өнүккөн инфраструктурага жетиштүү деңгээлде ээ боло албай келет. Ушундан улам, республикада ишке ашырылып жаткан финансылык-чарбалык иштер, рынок экономикасы шартында өнүгүп жаткан өлкөлөр үчүн мүнөздүү болгон тобокелдиктер менен коштолууда. Кыргызстандын региондогу өлкөлөрдүн экономикалары менен жогору деңгээлде интеграцияланышы Кыргыз Республикасынын экономикасына эл аралык капитал рынокторунда туруксуз жагдай, 2020-жылдын март айында энергия продукцияларына баалардын кескин төмөндөшү жана соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдүн экономикалык өсүшүнүн басаңдашы таасирин тийгизүү мүмкүндүгүн шарттайт.

Мындан тышкары, 2020-жылдын башталышында дүйнөдө жаңы коронавирус (COVID-19) тез тарай баштап, бул Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму 2020-жылдын март айында пандемия башталгандыгын жарыялаганга алып келген. Көптөгөн өлкөлөрдүн COVID-19 вирусунун жайылышын токтотуу үчүн көргөн чаралары көпчүлүк компаниялар үчүн олуттуу операциялык кыйынчылыктарды жаратууда, ошондой эле ал глобалдуу экономикага жана дүйнөлүк финансылык рынокторго кыйла терс таасирин тийгизип жатат. COVID-19 вирусунун Улуттук банктын операцияларына тийгизген таасиринин олуттуулугу көбүнчө пандемиянын созулушуна, ошондой эле дүйнөлүк экономикага жана Кыргыз Республикасынын экономикасына тийгизген таасиринин масштабына жараша болот.

Келечекте мына ушул белгисиз жагдайларды аныктоонун натыйжасында келип чыгышы мүмкүн болгон кандайдыр бир корректировкалоолор ушул өзүнчө финансылык отчетто камтылбайт. Мындай корректировкалоолор келип чыккан шартта, алар маалым болгон жана

аларга баа берүү мүмкүн болгон мезгилде Улуттук банктын өзүнчө финансылык отчетунда чагылдырылат.

## 2 ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУ ДАЯРДООНУН НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕРИ

### (a) Белгилүү бир өзгөчөлүктөрү менен ФОЭСке ылайык келүү жөнүндө билдирүү

“Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзам талабына ылайык Улуттук банк, төмөндө баяндалган, мыйзамдарда белгиленген модификацияларды эске албаганда, өзү үчүн Финансылык отчеттун эл аралык стандарттары боюнча кеңеш (ФОЭС боюнча Кеңеш) тарабынан чыгарылган Финансылык отчеттун эл аралык стандарттарына (ФОЭС) жана Эл аралык финансылык отчетту чечмелөө боюнча комитет (КРМФО) тарабынан чыгарылган чечмелөөлөргө негизделген эсепке алуу саясатын жана бухгалтердик эсепке алуу ыкмаларын белгилейт.

Алтын рыноктук наркта эсепке алынат, ал эми алтынды жана чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди кайра баалоодон жалпы таза реализацияланбаган пайда түздөн-түз өздүк капитал курамында таанылат. Алтынды жана чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди учурдагы рыноктук баада кайра баалоодон реализацияланбаган жалпы таза чыгым, пайда же чыгым жөнүндө өзүнчө отчетто, өткөн мезгилдердин таза реализацияланбаган пайдасынан ашкан бөлүгүндө таанылат. Мындай болбосо ал түздөн-түз капиталдагы башка жыйынды кирешени азайтат. Алтынды жана чет өлкө валютасындагы активдерди, милдеттенмелерди таанууну токтотуу учурунда мурда капиталдын курамында таанылган топтолгон пайда же чыгым, пайда же чыгым жөнүндө өзүнчө отчетто, аталган активдерди жана милдеттенмелерди колдонуудан калуусунун орточо алынган коэффициентин эске алуу менен таанылат.

Бул өзүнчө финансылык отчет – Улуттук банктын – Топтун башкы компаниясынын өзүнчө финансылык отчету.

Туунду уюмдар бул өзүнчө финансылык отчетто консолидацияланбайт. Туунду уюмдарга инвестициялар кандай болбосун баасы төмөндөөлөрдү алып салуу менен сатып алуу баасы боюнча эсепке алынат.

Улуттук банк, Улуттук банктын жана анын туунду компанияларынын консолидацияланган финансылык отчетун түзөт. Бул өзүнчө финансылык отчет, Улуттук банктын жетекчилиги тарабынан 2020-жылдын 9-апрелинде чыгарууга бекитилген консолидацияланган финансылык отчет менен бирге каралууга тийиш.

Бул өзүнчө финансылык отчет, Улуттук банк жакынкы келечекте өз ишин уланта тургандыгын болжолдоодон улам даярдалган.

МАЗМУНУ

## 2 ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУ ДАЯРДООНУН НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕРИ (УЛАНДЫСЫ)

**(б) Наркты аныктоо үчүн база**

Бул өзүнчө финансылык отчет адилет наркы боюнча бааланган алтынды жана айрым финансылык инструменттерди эске албаганда, айкын сарптоолор боюнча эсепке алуу принцибине ылайык даярдалган.

**(в) Функционалдык валюта жана өзүнчө финансылык отчеттун маалыматтарын чагылдырган валюта**

Өзүнчө финансылык отчетко камтылган статьялар Улуттук банк анда иш алып барган баштапкы экономикалык чөйрө валютасында өлчөнөт (функционалдык валюта). Улуттук банктын функционалдык валютасы болуп кыргыз сому саналат, ал Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы катары Улуттук банк жүргүзгөн көпчүлүк операциялардын жана алардын ишине таасирин тийгизген башка жагдайлардын экономикалык маңызын толук чагылдырат. Кыргыз сому ошондой эле, ушул финансылык отчеттун маалыматтарын чагылдырган валюта болуп эсептелет.

Финансылык маалыматтар сом түрүндө берилген жана миңге чейин тегеректелген.

## 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ

Бул 2019-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн өзүнчө финансылык отчетто эсепке алуу саясатынын принциптерин жана төмөндө келтирилген жаңы, кароого алынган стандарттарды жана чечмелөөлөрдү колдонуудан улам таасирлерди эске албаганда, Улуттук банктын 2018-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн өзүнчө финансылык отчетун даярдоодо пайдаланылган эсепке алуу саясатынын принциптери, ал боюнча сунушталган маалыматтар жана эсептөө методдору пайдаланылган:

| | |
|---|---|
| ФОЭС (IFRS) 16-стандарты | «Ижара» |
| ФОЭС (IFRS) 9-стандартына түзөтүүлөр | «Терс мааниде ордун жабуу менен алдын ала төлөө өзгөчөлүктөрү» |
| ФОЭС (IAS) 28-стандартына түзөтүүлөр | «Ассоциацияланган уюмдарга жана биргелешкен ишканаларга узак мөөнөттүү салымдар» |
| Башка ФОЭСке карата түзөтүүлөр | ФОЭСти ар жылы өркүндөтүү, 2015-2017-жылдар ичинде |
| КРМФО (IFRIC) 23 | «Пайда салыгын эсептөө эрежелерине карата белгисиздик» |

**Өтүп жаткан жыл ичинде күчүнө кирген жаңы жана кайра каралган ФОЭС**

**ФОЭСтин (IFRS) «Ижара» 16-стандарты.** ФОЭС (IFRS) 16-стандарты ижараны эске алууга тиешелүү жаңы же өзгөртүлгөн талаптарды киргизет. Стандартта, кыска мөөнөттүү ижара келишимдерин жана аларда базалык актив төмөн наркка ээ ижара келишимин эске албаганда, бардык ижара келишимдери үчүн таануу башталган күнү пайдалануу укугу формасындагы активди жана ижара боюнча милдеттенмени таанууну талап кылуу менен операциялык жана финансылык ижара ортосунда айырмачылыктарды четтетүү аркылуу ижараны эсепке алууга олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизүү каралган. Ижарачы тарабынан эсепке алууга караганда, ижарага берүүчү тарабынан эсепке алуу өзгөрүүсүз калган.

## 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

**Өтүп жаткан жыл ичинде күчүнө кирген жаңы жана кайра каралган ФОЭС, уландысы**

ФОЭС (IFRS) 16-стандарты Улуттук банкта алгач колдонулган күн катары 2019-жылдын 1-январы саналат. ФОЭС (IFRS) 16-стандартын колдонуу Улуттук банктын өзүнчө финансылык отчетуна олуттуу таасир тийгизген эмес.

**ФОЭС (IFRS) 9-стандартына түзөтүүлөр «Терс мааниде ордун жабуу менен алдын ала төлөө өзгөчөлүктөрү».** Улуттук банк ФОЭС (IFRS) 9-стандартына карата түзөтүүлөрдү алгач өтүп жаткан жылы колдонгон. ФОЭС (IFRS) 9-стандартына карата түзөтүүлөрдө, алдын ала төлөө өзгөчөлүктөрү карыздын негизги суммасынын жана пайыздардын эсебинен төлөө критерийлерин канааттандыра тургандыгын аныктоо үчүн келишим тарабы анын себебине карабастан төлөшү мүмкүн экендиги же алдын ала төлөө үчүн негиздүү ордун жабуу суммасын алышы мүмкүн экендиги чечмеленген. Башкача айтканда, терс ордун жабуу менен алдын ала төлөө өзгөчөлүгү автоматтык түрдө карыздын негизги суммасынын жана пайыздардын эсебинен төлөө критерийлерин бузуу болуп саналбайт.

ФОЭС (IFRS) 9-стандартына карата түзөтүүлөрдү колдонуу Улуттук банктын өзүнчө финансылык отчетуна олуттуу таасир тийгизген эмес.

**ФОЭС (IAS) 28-стандартына түзөтүүлөр «Ассоциацияланган уюмдарга жана биргелешкен ишканаларга узак мөөнөттүү салымдар».** Улуттук банк ФОЭС (IAS) 28-стандартына карата түзөтүүлөрдү эң алгач өтүп жаткан жылы колдонгон. Түзөтүүлөрдө ФОЭС (IFRS) 9-стандарты, анын ичинде нарксызданууга карата талаптар, узак мөөнөттүү салымдарга карата колдонула тургандыгы чечмеленген. Мындан тышкары, ФОЭС (IFRS) 9-стандартын узак мөөнөттүү салымдарга карата колдонууда ишкана ФОЭС (IAS) 28-стандартында талап кылынган узак мөөнөттүү салымдардын баланстык наркын корректировкалоолорду эске албайт (мисалы, ФОЭС (IAS) 28-стандартына ылайык инвестиция объектинин чыгымын бөлүштүрүүнүн же нарксызданышын баалоонун натыйжасында узак мөөнөттүү салымдардын баланстык наркын корректировкалоо).

ФОЭС (IAS) 28-стандартына карата түзөтүүлөрдү колдонуу Улуттук банктын өзүнчө финансылык отчетуна олуттуу таасир тийгизген эмес.

**ФОЭСти ар жылы өркүндөтүү, 2015-2017-жылдар. ФОЭС (IFRS) 3 “Бизнести бириктирүү”, ФОЭС (IFRS) 11 “Биргелешкен-ишкердик”, ФОЭС (IAS) 12 “Пайда салыгы” жана ФОЭС (IAS) 23 “Насыялар боюнча сарптоолор” стандарттарына түзөтүүлөр.** Улуттук банк “ФОЭСти ар жылы өркүндөтүү, 2015-2017-жылдар ичинде” каралган түзөтүүлөрдү эң алгач өтүп жаткан жылы колдонгон. Ар жылдык өркүндөтүүдө төмөнкү төрт стандартка карата оңдоолор камтылган:

*ФОЭС (IAS) 12-стандарты “Пайда салыгы”.* Түзөтүүлөрдө, уюм бөлүштүрүлүп жаткан пайда операция алгач кайда таанылгандыгына жараша пайда же чыгым, башка жыйынды киреше же капитал курамындагы дивиденддерге карата салыкка тиешелүүлөрдү таанууга тийиш экендиги чечмеленген. Түзөтүүлөр, бөлүштүрүлүүчү жана бөлүштүрүлбөөчү пайдага карата колдонулуучу пайда салыгы боюнча чендерге карабастан колдонулат.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

**Өтүп жаткан жыл ичинде күчүнө кирген жаңы жана кайра каралган ФОЭС, уландысы**

*ФОЭС (IFRS) 23-стандарты “Насыялар боюнча сарптоолор”.* ФОЭС (IFRS) 23-стандартына карата түзөтүүлөрдө, эгерде кайсы бир насыя тиешелүү актив болжолдонгон багытта пайдаланууга же сатууга даяр болгондон кийин орду жабылбаган катары калса, бул учурда жалпы багыттагы карыздык каражаттар боюнча капиталдаштыруу ченемин эсептөөдө мындай насыя жалпы багыттагы карыздык каражаттар курамына камтыла тургандыгы чечмеленген.

*ФОЭС (IFRS) 3-стандарты “Бизнести бириктирүү”.* ФОЭС (IFRS) 3-стандартына карата түзөтүүлөрдө, уюм биргелешип операцияларды жүргүзүүнү түшүндүргөн бизнести контролдоо ишин аткарууда уюм баскыч боюнча аткарылуучу бизнести бириктирүүгө карата талаптарды колдонот жана ошондой эле, биргелешип операцияларды жүргүзүүдөгү ага мурда таандык болгон катышуу үлүшүн адилет наркы боюнча кайра баалайт. Мурда таандык болгон катышуу үлүшүн кайра баалоого кайсы болбосун биргелешип жүргүзүлгөн операцияларга байланыштуу активдер, милдеттенмелер жана гудвилдер кирет.

*ФОЭС (IFRS) 11-стандарты “Биргелешкен ишкердик”.* ФОЭС (IFRS) 11-стандартына карата түзөтүүлөрдө, бизнести түшүндүргөн биргелешип жүргүзүлгөн операцияларды бирге контролдоону ишке ашырбаган, бирок анда катышкан тарап мындай биргелешип жүргүзүлгөн операцияларды бирге контролдоого катыша тургандыгы, биргелешип жүргүзүлгөн операциялардагы ага мурда таандык болгон катышуу үлүшүн баалоону жүргүзбөй тургандыгы чечмеленген.

ФОЭСти ар жылы 2015-2017-жылдар ичинде өркүндөтүү Улуттук банктын өзүнчө финансылык отчетуна олуттуу таасирин тийгизген эмес.

**КРМФО (IFRIC) 23-стандарты «Пайда салыгын эсептөө эрежелери боюнча белгисиздик».** КРМФО (IFRIC) 23-стандартында, пайда салыгын эсептөө эрежелери боюнча белгисиздик келип чыккан учурда эсепке алуу боюнча салык позициясын аныктоо жолу чечмеленет. КРМФО (IFRIC) 23-стандартына карата түзөтүүлөр Улуттук банктын өзүнчө финансылык отчетуна олуттуу таасирин тийгизген эмес.

## а) Алтынды эсепке алуу

### *(i) Алтын*

Бул жерде алтын чет өлкө банктарындагы эсептерде жайгашкан жана good delivery статусуна ээ алтын куймаларды түшүндүрөт. Алтын акча-кредит саясатын жүзөгө ашыруу жана инвестициялык пайда алуу максатында түзүлгөн инвестициялык актив болуп саналат.

Алтын өзүнчө финансылык отчетто рыноктук наркы боюнча эсепке алынат. Рыноктук нарк Лондон баалуу металлдар рыногунун ассоциациясы тарабынан отчеттук күнгө чейинки күнү белгиленген кечки фиксингдин негизинде аныкталат. Алтынды рыноктук наркы боюнча кайра баалоодон түшкөн пайда капиталдагы башка жыйынды кирешенин курамында түздөн-түз чагылдырылат. Кайра баалоодон чыгым, пайда же чыгым жөнүндө өзүнчө отчетто, капитал эсептериндеги башка жыйынды кирешелер курамында таанылган, кайра баалоодон мурдатан топтолуп келген кирешелерден ашкан сумма чегинде чагылдырылат. Алтынга тиешелүү реализацияланган пайда же чыгым, пайда же чыгым жөнүндө өзүнчө отчетто эске алынат.

## 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

***(ii) Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запас***

Монетардык эмес алтын катары Лондон баалуу металлдар рыногунун ассоциациясы тарабынан кабыл алынган стандарттарга ылайык келбеген куйма түрүндөгү алтын эсептелет.

Ал эми алтын түрүндө запас катары Лондон баалуу металлдар рыногунун ассоциациясы тарабынан кабыл алынган стандарттарга ылайык келген куйма түрүндөгү алтын саналат.

Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запастар баалуу металлдар ички рыногун өнүктүрүү келечегинин алкагында Улуттук банктын запастарын түзүү үчүн каралган. Алар Улуттук банктын активдүү инвестициялык операцияларында катышпайт жана Улуттук банктын алтын түрүндөгү инвестициялык активдерине кирбейт.

Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндө запастар запас болуп саналат жана алар сатып алуу наркынын жана мүмкүн болгон таза сатуу баасынын эң төмөнкүсү боюнча эсепке алынат.

**(б) Чет өлкө валютасындагы операциялар**

Чет өлкө валютасындагы операциялар Улуттук банктын тиешелүү функционалдык валютасына операциялар ишке ашырылган күнү колдонулган валюта курсу боюнча которулат. Отчеттук күнгө карата чет өлкө валютасында туюндурулган акчалай активдер жана милдеттенмелер, отчеттук күнү күчүндө болгон валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулат. Чет өлкө валютасында туюндурулган акчалай активдер жана милдеттенмелер менен операциялардан түшкөн пайда же чыгым, бир мезгилдин башталышына карата абал боюнча функционалдык валютадагы, натыйжалуу пайыздык чен боюнча чегерилген пайыздардын өлчөмүнө корректировкаланган амортизацияланган нарк менен бир мезгил ичиндеги төлөөлөрдүн жана отчеттук мезгилдин акырына карата валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулган, чет өлкө валютасындагы амортизацияланган нарк ортосундагы айырманы түшүндүрөт. Чет өлкө валютасында туюндурулган, адилет наркы боюнча бааланган акчалай эмес активдер жана милдеттенмелер, адилет наркты аныктоо күнүнө карата күчүндө болгон валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулат. Чет өлкө валютасына которуунун натыйжасында келип чыккан курстук айырма, капиталдын курамындагы башка жыйынды киреше катары чагылдырылат. Кайра баалоодон чыгымдар, пайда же чыгым отчетунда, башка жыйынды кирешелер курамында таанылган, кайра баалоодон мурдатан топтолуп келген кирешелерден ашкан сумма чегинде чагылдырылат. Чет өлкө валютасында туюндурулган жана айкын сарптоолор боюнча чагылдырылган акчалай эмес активдер жана милдеттенмелер, операция ишке ашырылган күнгө карата күчүндө болгон валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулат. Чет өлкө валютасындагы операциялардан улам реализацияланган пайда же чыгым, пайда же чыгым жөнүндө өзүнчө отчетто чагылдырылат.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

## (б) Чет өлкө валютасындагы операциялар, уландысы

*Алмашуу курстары*

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча өзүнчө финансылык отчетту даярдоодо Улуттук банк тарабынан колдонулган алмашуу курстары төмөндө келтирилген:

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| - Сом/АКШ доллары | 69,6439 | 69,8500 |
| - Сом/евро | 77,9803 | 80,0446 |
| - Сом/Атайын карыз алышуу укугу | 96,0159 | 96,8578 |
| - Сом/канада доллары | 53,1977 | 51,3226 |
| - Сом/австралия доллары | 48,4952 | 49,2512 |
| - Сом/англия фунт стерлинги | 91,0661 | 88,3742 |
| - Сом/кытай юаны | 9,9591 | 10,1489 |
| - Сом/норвегия кронасы | 7,8510 | 7,9915 |
| - Сом/алтындын трой унциясы | 105 493,0975 | 89 338,1500 |

## (в) Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери

Акча агымын аныктоо максатында, акча каражаттары жана алардын эквиваленттери кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттарын, банктардагы бош калдыктарды (“ностро” түрүндөгү эсептерди) камтыйт.

Кассада турган улуттук валютадагы акча каражаттары жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар суммасынан алынып салынат.

## (г) Финансылык активдер

Финансылык активдер Улуттук банк келишимге ылайык тиешелүү финансылык инструменттер боюнча тарап катары иш алып барган шартта Улуттук банктын финансылык абалы жөнүндө өзүнчө отчетунда чагылдырылат. Улуттук банк, финансылык активдерди сатып алуу жана сатуу утурумдук мүнөзгө ээ экендигинен улам, аларды бүтүмгө келишилген күн боюнча чагылдырат.

### *(i) Финансылык активдерди классификациялоо жана баа берүү*

ФОЭС (IFRS) 9-стандарты колдонулуучу чөйрөгө кирген, эсепте таанылган бардык финансылык активдер, баштапкы таануудан кийин финансылык активдерди тескөө үчүн Улуттук банктын бизнес-моделине жана акча агымдары боюнча келишимдерде каралган мүнөздөмөлөргө ылайык, амортизацияланган же адилет наркы боюнча баалануууга тийиш.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

## (г) Финансылык активдер, уландысы

### *(i) Финансылык активдерди классификациялоо жана баа берүү, уландысы*

Атап айтканда:

- Анын максатынан болуп карыздын негизги суммасын жана пайыздарды төлөө гана саналган, келишимдерде каралган акча агымдарын алуу максатын көздөгөн бизнес-моделдин алкагында кармалып туруучу карыздык инструменттер баштапкы таануудан кийин амортизацияланган наркы боюнча бааланат.
- Анын максатынан болуп карыздын негизги суммасын жана пайыздарды төлөө гана саналган, келишимдерде каралган акча агымдарын алуу сыяктуу эле, тиешелүү карыздык инструменттерди сатуу максатын да көздөгөн бизнес-моделдин алкагында кармалып туруучу карыздык инструменттер баштапкы таануудан кийин башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланат.
- Бардык башка карыздык инструменттер (мисалы, адилет наркы боюнча бааланган же сатууга каралган карыздык инструменттер) жана үлүштүк инструменттерге салынган инвестициялар баштапкы таануудан кийин, пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланат.

Мында финансылык активди баштапкы таануу учурунда Улуттук банк ар бир өзүнчө жагдайда жокко чыгарууга мүмкүн болбогон тандоону/классификациялоону жүзөгө ашырууга укуктуу. Атап айтканда:

- Эгерде, өздүк капиталга инвестициялар соода үчүн каралбаса жана бизнести бириктирүүдө сатып алуучу тарабынан таанылган жана ага карата ФОЭСтин (IFRS) 3-стандарты колдонулган шарттуу сый акы болуп саналбаса, анда Улуттук банк башка жыйынды кирешенин курамында өздүк капиталга инвестициялардын адилет наркынын кийинки өзгөрүүлөрүн берүү тууралуу акыркы чечим кабыл алууга укуктуу; ошондой эле
- Эгерде, мындай карыздык инструмент амортизацияланган же башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча таануу үчүн критерийлерге ылайык келсе жана бул эсепке алуу жагында дал келбөөчүлүктү четтетип же кыйла азайткан шартта (“адилет наркы боюнча эсепке алуу опциясы”), Улуттук банк мындай карыздык инструментти пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган категориясына киргизүү жөнүндө акыркы чечим кабыл алышы мүмкүн.

<u>Амортизацияланган наркы боюнча бааланган финансылык активдер.</u> Келишимде каралган акча каражаттары агымын алуу үчүн активди кармап туруу боюнча бизнес-моделде, финансылык активдерди тескөө финансылык инструменттин колдонуу мөөнөтү ичинде негизги сумманы жана пайыздарды төлөөлөрдү алуу аркылуу акча каражаттары агымын ишке ашыруу максатында жүргүзүлөт. Бул бизнес-моделдин алкагында финансылык активди ордун жабууга чейин кармап туруу артыкчылыктуу болуп саналат, бирок мөөнөтүнөн мурда ишке ашырууга тыюу салынган эмес.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

## (г) Финансылык активдер, уландысы

### *(i) Финансылык активдерди классификациялоо жана баа берүү, уландысы*

Амортизацияланган нарк боюнча бааланган финансылык активдерге төмөнкүдөй активдер кирет:

- чет өлкө банктарындагы депозиттердеги алтын (6-эскертүү);
- чет өлкө банктарындагы мөөнөттүү депозиттер, эл аралык финансылык мекемелердеги мөөнөттүү депозиттер жана кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттары (7-эскертүү);
- банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер (8-эскертүү);
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына облигацияларын кошо алганда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн баалуу кагаздары (10-эскертүү); жана
- дебитордук карыз (14-эскертүү).

Финансылык активдер баштапкы баа берүүдөн кийин амортизацияланган наркы боюнча нарксызданышынан кийинки чыгашаны алып салуу менен натыйжалуу пайыздык чен ыкмасын колдонуу аркылуу бааланат.

<u>Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер</u>. Келишимде каралган акча агымдарын алуу үчүн активдерди кармап туруу жана финансылык активдерди сатуу боюнча бизнес-моделинде финансылык активдерди тескөө келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алууну көздөгөндөй эле, финансылык активдерди сатууну да максат кыла тургандыгы каралган. Аталган бизнес-моделдин алкагында финансылык активди сатуудан акча каражаттарын алуу артыкчылыктуу болуп саналат, бул “Келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарын алуу үчүн активди кармап туруу” бизнес-моделине салыштырганда, активдердин бат-бат сатылышы жана көлөмүнүн көптүгү менен мүнөздөлөт.

Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдерге төмөнкү активдер кирет:

- чет өлкө банктарындагы жана эл аралык финансылык мекемелердеги “ностро” эсептери (7-эскертүү);
- мамлекеттик жана агенттик карыздык милдеттенмелерге салынган инвестициялар, ошондой эле эл аралык финансылык мекемелердин карыздык баалуу кагаздары (9-эскертүү).

Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдердин адилет наркы ФОЭСтин (IFRS) “Адилет наркын баалоо” деп аталган 13-стандартына ылайык (“ФОЭСтин (IFRS) 13-стандарты”) аныкталат.

Башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер үчүн адилет наркы боюнча пайда же чыгым активди таануу токтотулган учурга чейин башка жыйынды кирешенин курамында чагылдырылат, ал эми буга чейин капиталдын курамында чагылдырылган топтолгон пайда же чыгым, пайда же чыгымдын курамына которулат.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

## (г) Финансылык активдер, уландысы

### *(i) Финансылык активдерди классификациялоо жана баа берүү, уландысы*

Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер. Бардык башка карыздык инструменттер (мисалы, адилет наркы боюнча бааланган же сатууга каралган карыздык инструменттер) жана үлүштүк инструменттерге салынган инвестициялар баштапкы таануудан кийин, пайда же чыгым аркылуу адилет нарк боюнча бааланат.

Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдердин адилет наркы ФОЭСтин (IFRS) "Адилет наркын баалоо" деп аталган 13-стандартына ылайык ("ФОЭСтин (IFRS) 13-стандарты") аныкталат.

Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган финансылык активдер үчүн адилет наркы боюнча пайда же чыгым пайда же чыгым жөнүндө өзүнчө отчетто таанылат.

**Кайра классификациялоо**. Улуттук банк ага ылайык тигил же башка финансылык активди кармап турган бизнес-модель өзгөргөн шартта, мындай активдер кайра классификацияланат. Жаңы категорияга тиешелүү классификациялоого жана наркын баалоого карата талаптар бизнес-моделде өзгөрүүлөр пайда болгондон кийин биринчи отчеттук мезгилдин биринчи күнүнөн тартып колдонулат, алар Улуттук банктын финансылык активдеринин кайра классификацияланышына алып келген. Келишимде каралган акча агымдарынын өзгөрүшү төмөндө "Финансылык активдерди модификациялоо жана аларды таанууну токтотуу" бөлүгүндө келтирилген эсепке алуу саясатына ылайык талдап-иликтенет.

### *(ii) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү*

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды таанууга жалпы ыкма. Улуттук банк пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланбаган төмөнкү финансылык инструменттерге карата күтүлүүчү кредиттик чыгымдар боюнча баалануучу камдарды тааныйт:

- чет өлкө банктарындагы депозиттердеги алтын (6-эскертүү);
- банктардагы жана башка финансылык мекемелердеги каражаттар (7-эскертүү);
- банктарга жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттер (8-эскертүү);
- башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланган инвестициялар (9-эскертүү);
- амортизацияланган нарк боюнча бааланган инвестициялар (10-эскертүү);
- дебитордук карыз (14-эскертүү).

Нарксыздануудан келип чыккан чыгым үлүштүк инструменттерге инвестициялар боюнча таанылбайт.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

## (г) Финансылык активдер, уландысы

### *(ii) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, уландысы*

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды (түзүлгөн же сатылып алынган кредиттик нарксызданган финансылык активдер боюнча чыгымдарды кошпогондо, алар төмөндө өзүнчө каралат) бааланууучу кам аркылуу баалоо зарыл, анын өлчөмү төмөнкүлөргө барабар:

- кийинки 12 ай ичинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын өлчөмүнө, б.а. финансылык инструменттин бүтүндөй иштөө мөөнөтү ичиндеги кредиттик чыгымдардын бөлүгүнө барабар, ал отчеттук күндөн кийин (“биринчи стадия”) 12 ай ичинде келип чыгышы мүмкүн болгон инструмент боюнча милдеттенмелердин аткарылбай калышынан улам келип чыгуучу кредиттик чыгымдарды билдирет;
- финансылык инструменттин бүтүндөй иштөө мөөнөтү ичинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын өлчөмүнө барабар, алар бүтүндөй иштөө мөөнөтү ичинде инструмент боюнча милдеттенмелер аткарылбай калган бардык учурлардын натыйжасында келип чыгат (“экинчи стадия” жана “үчүнчү стадия”).

Инструмент боюнча кредиттик тобокелдик деңгээли кыйла жогорулаган шартта, аны баштапкы таанудан тартып финансылык инструменттин бүтүндөй иштөө мөөнөтү ичинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын толук өлчөмүндө бааланууучу камды түзүү талап кылынат. Калган бардык учурларда күтүлүүчү кредиттик чыгымдар боюнча камдар 12 ай чегинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга барабар өлчөмдө түзүлөт.

Сатылып алынган же түзүлгөн кредиттик наркызданган финансылык активдер боюнча Улуттук банк, баштапкы таануу учурунан тартып активдин бардык колдонуу мөөнөтү ичинде, күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын бардык өзгөрүлгөн өлчөмдөрүн баалоо камы катары тааныйт; мында бардык өзгөрүүлөр пайда же чыгым курамында таанылат. Күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын өлчөмдөрү алгылыктуу динамикага ээ болгон учурда мындай активдер үчүн нарксыздануудан пайда таанылат.

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды эсептөө үчүн төмөнкү формула колдонулат:

ECL = EAD * LGD * PD, мында

ECL – күтүлүүчү кредиттик чыгымдар;

EAD – тобокелдик алдындагы сумма;

LGD – дефолт учурундагы жоготуулар;

PD – дефолтко учуроо ыктымалдуулугу.

<u>Кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулоосун аныктоо ыкмасы</u>**.** Баштапкы таануу учурунан тартып кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулоосу аныкталган шартта, Улуттук банк нарксыздануу боюнча талаптарга туура келген финансылык гарантия боюнча насыяларды жана келишимдерди сунуштоо боюнча бардык финансылык активдерге, милдеттенмелерге мониторинг жүргүзөт. Улуттук банк кредиттик тобокелдик олуттуу жогорулаган учурда, кийинки 12 ай ичиндеги гана эмес, кредит берүүнүн бүтүндөй мөөнөтүндө күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын өлчөмүнүн негизинде, бааланууучу камдын өлчөмүнө баа берет. Кредиттик тобокелдик деңгээли кыйла жогорулаган финансылык активдерге карата “экинчи стадиядагы активдер” деген термин колдонулат.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

## (г) Финансылык активдер, уландысы

### *(ii) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, уландысы*

Баштапкы таануу учурунан тартып финансылык инструмент боюнча кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулоосуна баа берүүдө, Улуттук банк отчеттук күнгө карата абал боюнча калган төлөө мөөнөтүнө жараша инструмент боюнча дефолтко учуроо тобокелдигин финансылык инструментти баштапкы таануу учурунда калган төлөө мөөнөтү үчүн белгиленген отчеттук күнгө карата болжолдонгон дефолтко учуроо тобокелдигине салыштырат. Мындай баа берүүдө Улуттук банк өткөн жылдар үчүн жана болжолдонгон маалыматтарды кошо алганда, негизделген жана тастыкталган сандык жана сапаттык маалыматты эске алат, ал Улуттук банктын болжолдонгон маалыматтарын кошо алганда, тажрыйбасынын жана эксперттик баа берүүлөрүнүн негизинде өзүн актабаган сарптоолорсуз же аракеттерсиз алынышы мүмкүн.

<u>Кредиттик нарксызданган финансылык активдер</u>. Финансылык актив ал боюнча келечектеги акча агымдарынын эсептелишине терс таасирин тийгизүүчү бир же бир нече жагдайлар келип чыккан шартта, кредиттик нарксызданган финансылык актив болуп саналат. Кредиттик нарксызданган финансылык активдерге карата “үчүнчү стадиядагы активдер” деген термин колдонулат.

Күтүлүүчү чыгымдарга баа берүү, кредиттик тобокелдиктин кыйла жогорулоо критерийлери жана финансылык активдердин ар бир тобу боюнча кредиттин баасынын түшүүсү боюнча кыйла толук маалымат төмөндө келтирилген.

**Чет өлкө банктарындагы депозиттердеги алтын, кассалардагы, банктардагы жана башка финансылык мекемелердеги каражаттар жана башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган инвестициялар боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү**

Активдердин стадиялары эл аралык рейтингдик агенттиктердин (Moody’s Investors Service, Fitch Ratings, Standard & Poors, мындан ары – тиешелүүлүгүнө жараша, Moody’s, Fitch, S&P) рейтингдеринин, Улуттук банктын контрагенттеринин финансылык отчетун жана алардын кредиттик тобокелдик деңгээлинин өзгөрүүсүн аныктоого мүмкүндүк берүүчү башка маалыматты изилдөөнүн негизинде аныкталат.

<u>Кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулоосун аныктоо ыкмасы</u>. Бул активдердин кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулашынын белгилери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- жогоруда көрсөтүлгөн бир же андан ашык рейтингдик агенттиктердин классификациясы боюнча контрагенттин узак мөөнөттүү рейтингинин Baa2 (BBB) рейтингинен төмөн деңгээлге начарлашы;
- Улуттук банктын контрагенттери боюнча лимиттерди аныктоо саясатына ылайык алар боюнча лимиттерди эсептөө учурунда контрагент-коммерциялык банкка белгиленген деңгээлден төмөн балл берилиши;
- контрагенттин катары менен 2 (эки) жыл же андан ашык мөөнөт ичинде жылдык таза чыгымдарды алуусу;
- Улуттук банктын төлөм тапшырмаларына ылайык валюталык каражаттарды чегерүү боюнча милдеттенмелердин аткаруу мөөнөтүнүн өтүп кетиши же негизги сумманын жана/же пайыздардын 3 (үч) күндөн ашык мөөнөткө кечиктирилип төлөнүшү;
- ири айыптык төлөмдөр, соттук териштирүүлөр жөнүндө маалыматтар жана ишенимдүү булактардан алынган келечектеги отчеттук мезгил ичинде контрагенттин кредиттик тобокелдигининин деңгээлине таасирин тийгизүүчү башка терс маалыматтар.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

## (г) Финансылык активдер, уландысы

### *(ii) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, уландысы*

Чет өлкө банктарындагы депозиттердеги алтындын, кассалардагы, банктардагы жана финансылык мекемелердеги каражаттардын кредиттик нарксызданышынын белгилери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- дефолт, б.а. контрагенттин өз милдеттенмелерин аткаруу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу же андан баш тартуусу;
- милдеттерин аткаруу мөөнөтүнүн 30 күндөн ашык мөөнөткө өтүп кетиши;
- контрагенттин карызды реструктуризациялоо тууралуу талабы;
- контрагентке бир же бир нече агенттиктер тарабынан D/Default, бир бөлүгүнүн/айрымдарынын дефолтко учуроосу (RD/SD) рейтингинин берилиши;
- ишенимдүү булактардан алынган алгылыксыз, башка маалымат, ал контрагенттин Улуттук банк менен түзүлгөн келишими боюнча милдеттенмелерин аткарууга мүмкүндүк бербеген олуттуу финансылык кыйынчылыктарынын индикатору болуп саналат.

Чет өлкө банктарындагы депозиттердеги алтын, кассалардагы, банктардагы жана башка финансылык мекемелердеги каражаттар жана башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган инвестициялар боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды эсептөө

Ностро-эсептер үчүн тобокелдик алдындагы сумма күндөлүк эсеп боюнча (акыркы 12 ай ичиндеги ар бир айдын акырына карата эсептеги калдыктардын орточо мааниси катары эсептелген) орточо жылдык калдыкка барабар, ал Улуттук банктын отчеттук күнгө карата расмий курсу боюнча сомго кайра эсептелген.

Чет өлкө банктарындагы мөөнөттүү депозиттер, эл аралык финансылык мекемелердеги мөөнөттүү депозиттер жана башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган инвестициялар үчүн тобокелдик алдындагы сумма Улуттук банктын отчеттук күнгө карата расмий курсу боюнча сомго кайра эсептелген активдер (негизги сумма жана пайыздар) боюнча келечекте келтирилүүчү келишимдик акча агымдарына барабар. Банктык жайгаштыруулар боюнча келишимдик акча агымдарын дисконттоого келтирүү коэффициенти болуп, финансылык актив боюнча натыйжалуу пайыздык чен саналат.

Дефолт учурундагы жоготуулар болуп, Улуттук банкка келишимге ылайык таандык боло турган акча агымдары менен Улуттук банк контрагенттин дефолтко учурашында алууну болжолдогон акча агымдарынын ортосундагы айырманын үлүшү саналат. Дефолт учурундагы жоготуулар нөлдөн 100 пайызга чейин өзгөрүп турат жана төмөнкү формула боюнча эсептелет:

LGD =100% - RR, мында

RR (калыбына келтирүү чени) – рейтингдик агенттиктердин маалыматына ылайык контрагент же инструмент дефолтко учураган шартта, акча каражаттарын кайтарып берүү үлүшүнүн көрсөткүчү.

Дефолтко (PD) учуроо ыктымалдуулугу катары дефолттун орточо кумулятивдик чендери пайдаланылат, алар Moody’s эл аралык рейтингдик агенттиги тарабынан жарыяланат жана жаңыланат. Ал эми альтернатива катары S&P рейтингдик агенттиги берген ушул сыяктуу чендер пайдаланылат. Эгерде, контрагентке Moody’s жана S&P агенттиктеринин рейтинги берилбеген болсо, анда Fitch агенттигинин ушул сыяктуу рейтинги колдонулат.



МАЗМУНУ

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

## (г) Финансылык активдер, уландысы

### *(ii) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, уландысы*

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн баалуу кагаздары боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү**

Кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулоосун аныктоо ыкмасы. Кыргыз Республикасынын суверендүү рейтингинин бир жыл ичинде (акыркы 12 ай ичинде) эл аралык рейтингдик агенттигинин шкаласы боюнча 2 (эки) жана андан ашык деңгээлге төмөндөшү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн баалуу кагаздары үчүн кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулашынын белгиси болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн баалуу кагаздарынын кредиттик нарксызданышынын белгиси болуп, төлөмдөрдү мөөнөтүнөн кечиктирүүгө расмий түрдө берилген мезгилди эске албаганда, келишимдик милдеттенмелердин 30 күндөн ашык мөөнөткө аткарылбай калышы эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн баалуу кагаздары боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымды эсептөө.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн баалуу кагаздары үчүн тобокелдик алдындагы сумма баалуу кагаздардын негизги суммасынын жана алар боюнча келечекте алынуучу пайыздардын калдыгынын келтирилген наркына барабар.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн баалуу кагаздары үчүн дефолт учурундагы жоготуулар Кыргыз Республикасынын суверендүү рейтингинин негизинде эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн баалуу кагаздары боюнча дефолтко учуроо ыктымалдуулугу катары Кыргыз Республикасынын суверендүү рейтингине, аталган баалуу кагаздардын түрүнө жана анын колдонуудагы мөөнөтү бүткөнгө чейинки мөөнөтүнө дал келүүчү дефолттун орточо алынган кумулятивдик чендери пайдаланылат.

**Банктарга жана башка финансылык мекемелерге берилген кредиттер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү**

Кредитти баштапкы таануу учурунда ага дефолттун башталуу ыктымалдуулугунун төмөн деңгээли ыйгарылат, б.а. акыркы инстанциянын кредитин жана банкка берилген, Улуттук банктын тобокелдикти аныктоого багытталган системасына ылайык ишенимсиз катары аныкталган, ал боюнча дефолтко учуроо ыктымалдуулугу 100 пайызга барабар катары белгиленген ликвиддүүлүктү колдоо үчүн кредитти кошпогондо, берилген кредит баанын түшүүсүнүн биринчи стадиясына кирет.

Кредиттик тобокелдик деңгээлинин кыйла жогорулоосун аныктоо ыкмасы. Эгерде, банктын же финансылык мекеменин отчеттук мезгил ичинде дефолтко учуроо ыктымалдуулугунун көрсөткүчү акыркы 60 ай ичинде Кыргыз Республикасынын бүтүндөй банк тутумунда дефолтко учуроо ыктымалдуулугу жогору болгон банктардын катарына кирсе, анда бул факты карыз алуучу банктын кредиттик тобокелдиги кыйла жогору катары бааланат.

Берилген кредиттин кредиттик наркызданышынын белгиси болуп, келишим милдеттенмелерин төмөнкү мөөнөттөрдө аткарбагандык болуп саналат:

- “овернайт” кредити жана 7 күндүк кредит боюнча – төлөмдөрдү мөөнөтүнөн кечиктирүүгө расмий түрдө берилген мезгилди эске албаганда, 1 (бир) күндөн ашык мөөнөткө;
- ишенимсиз банкка ликвиддүүлүгүн колдоого берилген кредитти эске албаганда, башка кредиттер боюнча - төлөмдөрдү мөөнөтүнөн кечиктирүүгө расмий түрдө берилген мезгилди эске албаганда, 30 (отуз) күндөн ашык мөөнөткө.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

## (г) Финансылык активдер, уландысы

### *(ii) Активдер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүү, уландысы*

<u>Банктарга жана башка финансылык мекемелерге берилген кредиттер боюнча күтүлүүчү кредиттик чыгымдарды эсептөө</u>

Берилген кредиттер үчүн тобокелдик алдындагы сумма берилген кредиттин негизги суммасынын жана алар боюнча келечекте алынуучу пайыздардын калдыгынын келтирилген наркына барабар.

Берилген кредиттер үчүн дефолт учурундагы жоготуулар күрөөлүк камсыздоонун түзүмүнө жараша болот жана аларды эсептөө үчүн төмөнкү формула колдонулат:

$$LGD = \frac{EAD-[\sum_{i=1}^{n} Collateral_i * (1-Disc_factor_i)]}{EAD}$$, мында

EAD – тобокелдик алдындагы сумма;

$Collateral_i$ – күрөөлүк камсыздоонун белгилүү бир түрүнүн наркы;

$Disc_factor_i$ – күрөөлүк камсыздоонун белгилүү бир түрүнө ылайык келүүчү дисконт.

Берилген кредиттер үчүн дефолтко учуроо ыктымалдуулугу (PD) карыз алуучулардын финансылык көрсөткүчтөрүнүн динамикасына жана кредит алган банктардын жана финансылык мекемелердин негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрүнүн динамикасына негизделген, адистештирилген моделдин негизинде эсептелет.

### *(iii) Финансылык абал жөнүндө отчетто күтүлүүчү кредиттик чыгымдар боюнча бааланууучу камды көрсөтүү*

Күтүлүүчү кредиттик чыгымдар боюнча бааланууучу кам финансылык абал жөнүндө отчетто төмөнкүдөй берилет:

- амортизацияланган наркы боюнча бааланган финансылык активдер үчүн: активдердин дүң баланстык наркынан алып салуу катары;
- башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган активдер категориясына кирген карыздык инструменттер үчүн: бааланууучу кам финансылык абал жөнүндө отчетто таанылбайт, анткени баланстык нарк адилет наркы боюнча бааланат. Мында күтүлүүчү кредиттик чыгымдар боюнча бааланууучу кам инвестицияларды кайра баалоо боюнча камдын курамындагы кайра баалоо суммасына киргизилет.

### *(iv) Финансылык активдерди модификациялоо жана аларды таанууну токтотуу*

Финансылык активди баштапкы таануу күнү менен төлөө күнүнүн ортосунда актив боюнча акча агымдарын жөнгө салуучу келишимдик шарттар кайра каралып чыкса же башка модификация жүрсө, финансылык актив модификацияланат. Модификация келишимде каралган акча агымдарынын суммасына жана/же мөөнөтүнө ошол эле учурда, же болбосо келечекте таасирин тийгизет.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

## (г) Финансылык активдер, уландысы

### *(iv) Финансылык активдерди модификациялоо жана аларды таанууну токтотуу, уландысы*

Финансылык активдерди модификациялоодо Улуттук банк бул модификация активди таанууну токтотууга алып келерине баа берет. Модификация келишим шарттарында олуттуу айырмачылыктарды шарттаган учурда таанууну токтотууга алып келет. Өзгөртүлгөн шарттар баштапкы келишим шарттарынан олуттуу айырмалана тургандыгын аныктоо үчүн Улуттук банк сапаттуу жана сандык факторлорду иликтеп чыгат. Эгерде келтирилген нарктын маанилеринин ортосундагы айырма 10 пайыз жогору болсо, анда Улуттук банк каралган шарттар баштапкыдан олуттуу айырмаланып турат жана таануунун токтотулушуна алып келет деп эсептейт.

Улуттук банк модификацияланган активдер боюнча кредиттик тобокелдикти сапаттуу жана сандык маалыматтарга баа берүү аркылуу контролдоп турат. Активди таанууну токтотууга алып келбеген, финансылык активдин келишимдик шарттарынын өзгөрүүсүндө Улуттук банк баштапкы таануу учурунан тартып мындай актив боюнча кредиттик тобокелдик деңгээли кыйла жогорулагандыгын төмөнкүлөрдү салыштыруу менен аныктайт:

- баштапкы таанууда колдо болгон маалыматтардын жана баштапкы келишим шарттарынын негизинде бааланган, активдин калган колдонуудагы мөөнөтү ичинде дефолтко учуроо ыктымалдуулугун; жана
- кайра каралган шарттарга жараша отчеттук күнгө карата абал боюнча активдин калган колдонуудагы мөөнөтү ичинде дефолтко учуроо ыктымалдуулугун.

Улуттук банк тиешелүү келишим боюнча акча агымдарына укук токтотулган шартта (анын ичинде келишим шарттарынын олуттуу өзгөрүүсүнө алып келе турган, модификациялоонун натыйжасында укуктун бүтүшү) же финансылык активди жана активге ээлик кылууга байланыштуу бардык негизги тобокелдиктер жана пайдалар башка тарапка өткөрүлүп берилген учурда финансылык активди таанууну токтотот. Эгерде Улуттук банк активге ээлик кылууга байланыштуу бардык негизги тобокелдиктерди өткөрүп бербесе жана өзүндө сактабаса жана өткөрүп берилген активди контролдоону улантып жатса, анда ал бул активдеги жана ага байланыштуу милдеттенмедеги өз үлүшүн тиешелүү суммаларды төлөө мүмкүн болгон өлчөмдө чагылдырат. Эгерде Улуттук банк өткөрүп берилген финансылык активдерге ээлик кылууга байланыштуу бардык негизги тобокелдиктерди жана пайдаларды өзүндө калтырса, анда ал бул активди эсепке алуусун улантат, ал эми акча каражаттарын берүүдө алынгандарды камсыздалган насыя түрүндө чагылдырат.

Эгерде Улуттук банк өздүк карыздык милдеттенмелерин сатып алса, анда ал финансылык абал жөнүндө өзүнчө отчеттон алынып салынат жана милдеттенменин баланстык наркы менен төлөнгөн ордун толтуруунун ортосундагы айырма, милдеттенмени мөөнөтүнөн мурда төлөөдөн келип чыккан пайданын же чыгымдын курамына кошулат.

Улуттук банк карызды өндүрүү боюнча бардык чаралар кабыл алынгандан кийин ишенимсиз катары бааланган активдерди эсептен алып салат.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

**(д) Финансылык эмес активдердин нарксызданышы**

Калтырылган салыктардан айырмаланган финансылык эмес активдер, баанын түшүүсү белгилерин аныктоо көз карашынан, ар бир отчеттук күнгө карата абал боюнча бааланат. Финансылык эмес активдердин орду жабылган наркынан болуп, сатуу боюнча чыгашаларды жана пайдалануудан алынган баалуулуктарды эсептен алып салгандан кийинки адилет нарктын эң чоң өлчөмү саналат. Акча каражаттарынын келечекте болжолдонгон агымын пайдалануудан баалуулукту аныктоо учурунда, салык салууга чейинки дисконттоо чендерин пайдалануу менен ошол учурга ылайык калыптанган алардын наркына карата дисконттолуп, алар акчанын убактылуу наркына жана ошол активге мүнөздүү болгон тобокелдиктерге учурдагы рыноктук баа берүүнү чагылдырат. Башка активдер менен шартталган акча каражаттарынын агымынан олуттуу деңгээлде көз каранды болбогон акча каражаттарынын агымын шарттабаган активдер үчүн орду толтурулуп берилүүчү нарк, актив тиешелүү болгон акча каражаттарын шарттаган активдер тобу боюнча аныкталат. Активдин же акча каражаттарын шарттаган активдер тобунун балансытык наркы анын орду толтурулуп берилүүчү наркынан ашкан болсо, нарксыздануудан чыгым таанылат.

Финансылык эмес активдердин нарксыздануусунан келип чыккан бардык чыгымдар пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылып, эгерде орду жабылуучу нарктын аныктоодо колдонулган баа берүүлөрдө өзгөрүүлөр жүргөн болсо гана калыбына келтирилиши мүмкүн. Активдин нарксыздануусунан кандай болбосун чыгым калыбына келтирилүүгө тийиш, бирок анын шартында активдин балансытык наркы нарксыздануда чыгым өзүнчө финансылык отчетто чагылдырылбай калышынан улам келип чыккан мына ошондой эле балансытык нарктан ашпаган көлөмдө калыбына келтирилет (амортизацияны жана эскилиги жеткендерди эсептен алып салуу менен).

**(е) Туунду жана ассоциацияланган уюмдарга инвестициялар**

Туунду уюмдарга инвестициялар баасы түшүүдөн чыгымды алып салуу менен баштапкы наркы боюнча эсепке алынат.

Улуттук банк ар бир отчеттук күнгө карата инвестициялардын балансытык наркын нарксызданышы боюнча тесттен өткөрөт жана мындай чыгашалар пайда же чыгым тууралуу отчетто башка чыгашалар курамында чагылдырылат.

Улуттук банктын ассоциацияланган уюмдарына инвестициялар үлүштүк катышуу ыкмасы боюнча эсепке алынат, ага ылайык инвестициялар баштапкы таануу учурунда өздүк наркы боюнча бааланат, андан соң алардын наркы инвестордун инвестициялоо объектилеринин таза активдериндеги үлүшүнүн сатып алуудан кийинки өзгөрүүсүн эске алуу менен корректировкаланат. Инвестордун пайдасына же чыгымына анын инвестиция объектисинин пайдасындагы же чыгымындагы үлүшү камтылат, ал эми инвестордун башка жыйынды кирешеси анын инвестициялоо объектисинин башка жыйынды кирешесиндеги үлүшүн камтыйт.

Пайданы бөлүштүрүүнүн натыйжасында инвестициялоо объектисинен алынган дивиденддер инвестициялардын балансытык наркын азайтат.

Улуттук банк инвестиция объектилеринин чыгымындагы жыйынды үлүшү анын инвестиция объектисинин чыгымындагы үлүшүнө барабар же арткан учурда, кошумча чыгашалардагы өз үлүшүн таанууну токтотот.

## 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

### (ж) Негизги каражаттар

### *(i) Өздүк активдер*

Негизги каражаттардын объектилери нарксыздануудан келип чыккан чыгымдарды жана топтолгон амортизацияны алып салуу менен баштапкы наркы боюнча өзүнчө финансылык отчетто чагылдырылат. Эгерде, негизги каражаттардын объектилери ар башка пайдалуу колдонуу мөөнөтүнө ээ болгон бир нече компоненттерден турса, мындай компоненттер негизги каражаттардын өзүнчө объектиси катары чагылдырылат.

### *(ii) Амортизация*

Негизги каражаттар боюнча амортизация аларды пайдалуу колдонуунун болжолдонгон мөөнөтү ичинде эскилиги жеткендерди бирдей ченемде чегерүү ыкмасы боюнча чегерилип, пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылат. Амортизация объектини сатып алган күндөн тартып чегерилет, ал эми чарбалык ыкмада курулган негизги каражаттардын объектилери үчүн анын курулушу аяктап, пайдаланууга даяр болгон учурда чегерилет. Жер тилкелери боюнча амортизация чегерилбейт. Негизги каражаттардын ар кандай объектилеринин пайдалуу колдонуу мөөнөтүн төмөнкүдөй чагылдырууга болот:

| | |
|---|---|
| - Имараттар | 75 жыл |
| - Курулмалар | 20 жыл |
| - Эмерек жана жабдуулар | 5-7 жыл |
| - Компьютердик жабдуулар | 5-7 жыл |
| - Транспорт каражаттары | 5-7 жыл |

### (з) Материалдык эмес активдер

Сатып алынган материалдык эмес активдер өзүнчө финансылык отчетто, топтолгон амортизациянын жана нарксыздануудан келип чыккан чыгымдын суммаларын эсептен алып салгандан кийин айкын наркы боюнча чагылдырылат.

Атайын программалык камсыздоолорго лицензияларды сатып алууга жана аны колдонууга киргизүүгө кеткен сарптоолор тиешелүү материалдык эмес активдин наркында эске алынат.

Материалдык эмес активдер боюнча амортизация аларды пайдалуу колдонуунун болжолдонгон мөөнөтү ичинде, эскилиги жеткендерди бирдей ченемде чегерүү ыкмасы боюнча чегерилип, пайда же чыгымдын курамында чагылдырылат. Материалдык эмес активдердин пайдалуу колдонуу мөөнөтү 5-7 жылды түзөт.

### (и) Финансылык милдеттенмелер

Финансылык милдеттенмелер Улуттук банк келишим боюнча тиешелүү финансылык инструментке карата тарап болуп саналган учурда Улуттук банктын финансылык абалы жөнүндө өзүнчө отчетто чагылдырылат. Улуттук банк бүтүм келишилген күнгө карата финансылык милдеттенмелерди сатып алуу жана сатуунун утурумдук мүнөзүн чагылдырат.

Улуттук банктын бардык финансылык милдеттенмелери амортизацияланган наркы боюнча эсепке алынат.

Улуттук банк финансылык милдеттенмелердин орду жабылган, жокко чыгарылган же алар боюнча талап кылуу мөөнөтү бүткөн учурда гана аларды таанууну токтотот. Таануу токтотулган финансылык милдеттенмелердин баланстык наркы менен төлөнгөн же төлөнүүгө тийиш болгон ордун толтуруунун ортосундагы айырма пайданын же чыгымдын курамында таанылат.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

## (и) Финансылык милдеттенмелер, уландысы

Улуттук банк менен кредитор ортосунда олуттуу айырмачылыктар менен карыздык инструменттерди кыйла айырмаланган шарттар менен алмашуу баштапкы финансылык милдеттенмени төлөө жана жаңы финансылык милдеттенмени таануу катары эсепке алынат. Улуттук банк учурдагы финансылык милдеттенменин же анын бөлүгүнүн шарттарынын олуттуу өзгөрүүсүн баштапкы финансылык милдеттенмени төлөө жана жаңы финансылык милдеттенмени таануу катары эсепке алат. Улуттук банк эгерде баштапкы натыйжалуу пайыздык чен боюнча дисконттолуп алынган комиссиялык сый акыны эсептен алып салуу менен комиссиялык сый акыны төлөөнү кошо алганда, жаңы шарттарга ылайык акча агымдарынын дисконттолуп келтирилген наркы, баштапкы финансылык милдеттенме боюнча калган акча агымдарынын дисконттолуп келтирилген наркынан кеминде 10 пайызга айырмаланса, шарттар олуттуу айырмаланат деген жол берүүлөргө таянат. Эгерде модификация олуттуу болбосо, анда алардын: (1) милдеттенменин модификациялоого чейинки баланстык наркы; жана (2) модификациялоодон кийин акча агымдарынын келтирилген наркынын ортосундагы айырма башка кирешелер жана чыгашалар курамында модификациялоодон кийинки киреше же чыгым катары пайда же чыгымда таанылууга тийиш.

## (к) Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар

Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар финансылык абал жөнүндө өзүнчө отчетто номиналдык наркы боюнча эсепке алынат. Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар милдеттенмелер катары чагылдырылат. Сактоо жайларында жана касса жайларында жайгашкан улуттук валютадагы банкноттор жана монеталар жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын курамына кирбейт.

Банкнотторду жана монеталарды чыгарууга кеткен чыгашаларда алардын коргоого алынышына, ташып жеткирилишине, камсыздандырылышына кеткен чыгашалар, ошондой эле башка чыгашалар камтылат. Банкнотторду жана монеталарды чыгарууга кеткен чыгашалар, алар жүгүртүүгө чыгарылгандан кийин таанылып, пайда же чыгым жөнүндө өзүнчө отчетто өз алдынча статья катары чагылдырылат.

## (л) Уставдык капитал жана кам

Улуттук банк уставдык капиталдын белгиленген суммасына ээ. Уставдык капиталдын суммасын көбөйтүү жана азайтуу "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" мыйзамына түзөтүүлөрдү киргизүү аркылуу жүзөгө ашырылат. Улуттук банктын уставдык капиталы баштапкы наркында таанылат.

Милдеттүү кам пайданын Мыйзамда белгиленген бөлүгүн мамлекеттик бюджетке чегергенден кийин таза пайданы капиталдаштыруу аркылуу түзүлөт. Милдеттүү кам баштапкы наркы боюнча чагылдырылат.

## (м) Салык салуу

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Улуттук банк пайда салыгын төлөөдөн бошотулган. Бюджетке Улуттук банк жүзөгө ашырган ишине чегерилген бардык башка милдеттүү төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык ишке ашырылат. Салык агенти катары Улуттук банк төлөгөн салыктар, пайда же чыгым жөнүндө өзүнчө отчетто административдик чыгашалардын компоненти катары кошулат.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

## (м) Салык салуу, уландысы

Улуттук банктын туунду жана ассоциацияланган уюмдары салыктын бардык түрү боюнча төлөөчүлөр болуп саналат.

Пайда салыгынын суммасы күндөлүк салыктын суммасын жана калтырылган салыктын суммасын камтыйт. Пайда салыгы башка жыйынды кирешенин курамында чагылдырылган операциялар же түздөн-түз капитал эсебинде чагылдырылган, менчик ээлери менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча, тиешелүүлүгүнө жараша башка жыйынды кирешенин курамында же түздөн-түз капиталдын курамында чагылдырылган суммаларды кошпогондо, пайда же чыгым курамында толук көлөмдө чагылдырылат. Күндөлүк пайда салыгы жыл ичиндеги салык салынуучу пайданын болжолдуу өлчөмүнө жараша отчеттук күнгө карата колдонууда болгон пайда салыгы боюнча эсептик ченди, ошондой эле мурдагы отчеттук жыл ичиндеги пайда салыгынын суммасын тактоонун натыйжасында келип чыккан милдеттенмелердин суммаларын эске алуу менен эсептелет.

## (н) Кирешелердин жана чыгашалардын финансылык отчетто таанылышы

Башка комиссиялар, ошондой эле башка кирешелер жана чыгашалар тиешелүү кызмат сунушталган күнгө карата пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылат.

Бардык финансылык инструменттер боюнча пайыздык кирешелер жана чыгашалар соода үчүн каралган катары классификациялангандарды жана пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча баалангандарды же классификациялангандарды эске албаганда, натыйжалуу пайыздык чен методун колдонуу менен “Пайыздык киреше” жана “Пайыздык чыгаша” катары “Таза пайыздык кирешенин” курамында пайданын же чыгымдын эсептеринде чагылдырылат. Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча баалангандар категориясындагы финансылык инструменттер боюнча пайыздар отчеттук мезгил ичиндеги адилет наркы боюнча өзгөрүүлөрдүн курамына камтылат.

Натыйжалуу пайыздык чен – бул, финансылык инструмент боюнча келечекте эсептелүүчү акча агымдарын финансылык активдин же милдеттенменин күтүлүп жаткан колдонуудагы мөөнөтү ичинде же кыйла кыска мөөнөт ичинде (эгер колдонулса) таза баланстык наркынын өлчөмүнө чейин дисконттоо чени. Келечектеги акча агымдары инструменттин бардык келишим шарттарын эске алуу менен бааланат.

Натыйжалуу пайыздык чендин ажырагыс бөлүгү болуп саналган жана насыя жөнүндө тиги же бул келишүүлөргө түздөн-түз тиешеси бар бардык сый акылар, тараптардын төлөгөн жана алган суммалары, ошондой эле бүтүм боюнча сарптоолор жана бардык башка сый акылар же жеңилдетиктер эсепке алынат. Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча баалангандар категориясындагы финансылык активдер үчүн бүтүм боюнча сарптоолор биринчи таанылышында пайданын же чыгымдын курамында чагылдырат.

Пайыздык кирешелер/пайыздык чыгашалар кредиттик нарксыздалбаган (башкача айтканда, финансылык активдин амортизацияланган наркын күтүлүүчү кредиттик чыгымдар боюнча баалануучу камдын өлчөмүнө корректировкалаганга чейин) финансылык активдердин дүң баланстык наркына же финансылык милдеттенмелердин амортизацияланган наркына карата натыйжалуу пайыздык ченди пайдалануу аркылуу эсептелет.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ (УЛАНДЫСЫ)

**(н) Кирешелердин жана чыгашалардын финансылык отчетто таанылышы, уландысы**

Кредиттик нарксызданган финансылык активдер боюнча пайыздык кирешелер мындай активдердин (б.а. күтүлүүчү кредиттик чыгымдар боюнча бааланууучу камды эсептен алып салуу менен алардын дүң баланстык наркын) амортизацияланган наркына карата натыйжалуу пайыздык ченди колдонуу аркылуу эсептелет. Түзүлгөн же сатылып алынган кредиттик нарксызданган финансылык активдер үчүн (POCI) натыйжалуу пайыздык чен финансылык активден келечекте күтүлүүчү акча агымдарын аныктоо учурунда күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын өлчөмүн чагылдырат.

**о) Фидуциардык активдер**

Улуттук банк үчүнчү жактардын атынан активдерге ээлик кылуудан агенттик кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоодо бул активдерди жана аларга байланыштуу кирешелерди Улуттук банктын өзүнчө финансылык отчетунан алып салат, себеби бул активдер Улуттук банктын активдери болуп саналбайт.

**(п) Өз ара чегеришүү**

Финансылык активдер жана милдеттенмелер өз ара чегерилет, финансылык абал жөнүндө өзүнчө отчетто чагылдырылган суммаларды өз ара чегеришүү боюнча юридикалык жактан бекитилген укугу, ошондой эле өз ара чегеришүү же болбосо бир учурда активди сатуу жана милдеттенмени аткаруу ниети болгон учурларда гана таза өлчөм чагылдырылат.

Бул ФОЭСке ылайык уруксат берилген учурлардан тышкары, кирешелер жана чыгашалар пайда же чыгым жөнүндө өзүнчө отчетто өз ара чегерилбейт.

# 4 ЖАҢЫ ЖАНА КАЙРА КАРАЛГАН СТАНДАРТТАРДЫ КОЛДОНУУ

Улуттук банк өзүнчө финансылык отчетту даярдоодо өз ишинде колдонгон жана 2019-жылдын 1-январынан башталган жылдык отчеттук мезгилдер үчүн күчүнө кирген бардык жаңы жана кайра каралган стандарттарды кабыл алган.

Ушул өзүнчө финансылык отчет бекитилген учурда Улуттук банк чыгарылган, бирок күчүнө кире элек төмөнкү жаңы жана кайра каралган ФОЭСти колдонгон эмес.

| | |
|---|---|
| ФОЭС (IFRS) 17-стандарты | *«Камсыздандыруу келишимдери»* |
| ФОЭС (IFRS) 10-стандарты «Консолидацияланган финансылык отчет» жана (IAS) 28-стандарты (түзөтүүлөр) | *«Инвестор менен анын ассоциацияланган уюму же биргелешкен ишкана ортосунда келишилген бүтүмдөрдө активдерди сатуу же салуу»* |
| ФОЭС (IFRS) 3-стандартына түзөтүүлөр | *«Бизнести аныктоо»* |
| ФОЭС (IAS) 1-стандартына жана (IAS) 8-стандартына түзөтүүлөр | *«Олуттуулугун аныктоо»* |
| Концептуалдык негизи | *ФОЭС стандарттарынын Концептуалдык негизине шилтемелерге түзөтүүлөр* |

Жетекчиликтин пикири боюнча жогоруда көрсөтүлгөн стандарттардын колдонулушу кийинки мезгилдерде Улуттук банктын өзүнчө финансылык отчетуна олуттуу таасирин тийгизбейт.

## 5 БАА БЕРҮҮДӨГҮ ОЛУТТУУ ЖОЛ БЕРҮҮЛӨР ЖАНА БЕЛГИСИЗДИКТИ ШАРТТАГАН БУЛАКТАР

Улуттук банктын эсепке алуу саясатын колдонуу процессинде жетекчилик активдердин жана милдеттенмелердин баланстык наркы боюнча божомолдоолорду, баа берүүлөрдү жана жол берүүлөрдү сунуштоого тийиш, аларды башка булактардан алуу мүмкүн эмес. Баа берилген маани жана анын негизин түзгөн жол берүүлөр мурдагы тажрыйбадан жана башка факторлордон улам түптөлөт, алар белгилүү бир учурларда орундуу болуп саналат. Айкын натыйжалар баа берүүнүн маалыматтарынан айырмаланышы мүмкүн.

Баа берүүлөр жана ага байланыштуу жол берүүлөр дайыма кароого алынып турат. Баа берүүлөрдөгү өзгөрүүлөр, эгер алар ушул мезгил ичинде эле таасирин тийгизсе, баа берүү кайра каралган мезгилде, же өзгөрүүлөр учурдагы сыяктуу эле, келечектеги мезгилге да таасирин тийгизе турган болсо, баа берүү кайра каралган мезгилде жана келечектеги мезгилдерде да чагылдырылат.

### Олуттуу жол берүүлөр

***Бизнес-моделге баа берүү***. Финансылык активдер карыздын негизги суммасынын жана пайыздарынын эсебине төлөөлөрдүн жана бизнес-моделди тесттен өткөрүүнүн натыйжасына жараша классификацияланат жана баа берилет. Улуттук банк тарабынан колдонулган бизнес-модель тигил же бул бизнес-максаттарга жетүү үчүн финансылык активдер менен топко бириктирилген башкаруу механизминде чагылдырылган деңгээлде аныкталат. Бул баа берүү бардык жөндүү далилдерди чагылдырган, анын ичинде активдердин натыйжалуулугуна баа берүү жана өлчөө процесси боюнча ой жүгүртүүлөрдү; активдердин натыйжалуулугуна таасирин тийгизген тобокелдиктерди жана аларды тескөө процессин, ошондой эле активдерди тескеген адамдарга сый акы төлөө механизмин өзүнө камтыйт. Улуттук банк амортизацияланган наркы же адилет наркы боюнча башка жыйынды киреше аркылуу чагылдырылган финансылык активдерге мониторинг жүргүзөт, колдонуудан калуу себептерин жана бул актив алардын негизинде кармалып турган бизнес-максаттарга ылайык келерин түшүнүү үчүн буларды таануу төлөө мөөнөтү келип жеткенге чейин токтотулат. Мониторинг, анын алкагында калган финансылык активдер кармалып турган бизнес-моделдин шайкештигине Улуттук банктын туруктуу баа берүүсүнүн бөлүгү болуп саналат. Модель шайкеш келбеген учурда ага өзгөртүүлөрдү киргизүү жана тиешелүү активдердин классификациясын өзгөртүү жагында талдап-иликтөөлөр жүргүзүлөт.

***Кредиттик тобокелдиктин кыйла жогорулоосу***. 3-эскертүүдө берилгендей, күтүлгөн кредиттик чыгымдын өлчөмү бааланган камдын 12 ай чегинде (биринчи стадиядагы активдер үчүн) же финансылык инструменттин бүтүндөй колдонуудагы мөөнөтү ичинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга барабар суммада белгиленет (экинчи жана үчүнчү стадиядагы активдер үчүн). Актив алгач таанылган учурдан тартып ал боюнча кредиттик тобокелдик кыйла жогорулаган шартта экинчи стадияга өтөт.

ФОЭС (IFRS) 9-стандартында кредиттик тобокелдик деңгээлинин олуттуу жогорулашы боюнча аныктама камтылбайт. Өзүнчө актив боюнча кредиттик тобокелдик деңгээлинин олуттуу жогорулашына баа берүүдө Улуттук банк негиздүү болуп саналган жана тастыкталган, сапаттык сыяктуу эле, сандык болжолдуу маалыматты эске алат.

# 5 БАА БЕРҮҮДӨГҮ ОЛУТТУУ ЖОЛ БЕРҮҮЛӨР ЖАНА БЕЛГИСИЗДИКТИ ШАРТТАГАН БУЛАКТАР, УЛАНДЫСЫ

***Кредиттик тобокелдик мүнөздөмөлөрүнө окшош активдер тобун түзүү***. Күтүлүүчү кредиттик чыгымдар активдер тобу үчүн өлчөнгөн учурда финансылык инструменттер тобокелдиктин жалпы мүнөздөмөлөрүнүн негизинде топтолот. Кредиттик тобокелдиктин мүнөздөмөлөрү алардын окшоштугун тастыктоо үчүн туруктуу негизде көзөмөлдөнүп турат. Бул кредиттик тобокелдиктин мүнөздөмөсү өзгөргөн учурда активдердин топторго туура бөлүнүшүн камсыз кылуу үчүн зарыл. Натыйжада жаңы портфелдер түзүлүшү мүмкүн же активдер тиешелүү активдер тобу үчүн кредиттик тобокелдиктин окшош мүнөздөмөлөрүн таасирдүү чагылдырган колдонуудагы портфелге которулушу ыктымал.

Кредиттик тобокелдик деңгээлинин олуттуу жогорулашы байкалган (же мындай олуттуу жогорулоо жокко чыгарылган) учурда, портфелдерди кайрадан бөлүштүрүү жана активдерди портфелдер ортосунда жайгаштыруу бат-бат жүзөгө ашырылып турат. Натыйжада активдер 12 ай чегинде күтүлгөн кредиттик чыгымдардын негизинде бааланган портфелден бүтүндөй колдонуу мөөнөтү ичинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын негизинде бааланган портфелге которулат жана тескерисинче. Портфелдер ичинде да которууга болот, бул учурда алар ошол эле негизде (12 ай чегинде же бүтүндөй кредиттөө мөөнөтү ичинде күтүлүүчү кредиттик чыгымдар) өлчөнөт, бирок портфелдин кредиттик тобокелдиги өзгөргөндүктөн, күтүлүүчү кредиттик чыгымдын суммасы өзгөрөт.

***Колдонулган моделдер жана жол берүүлөр***. Финансылык активдердин адилет наркына баа берүүдө, ошондой эле күтүлүүчү кредиттик чыгымдарга баа берүүдө Улуттук банк ар кандай моделдерди жана жол берүүлөрдү колдонот. Активдердин ар бир түрүнө ылайык келген моделди аныктоо, ошондой эле бул моделдерде колдонулган жол берүүлөрдү, анын ичинде кредиттик тобокелдиктин негизги факторлоруна тиешелүү жол берүүлөрдү аныктоо үчүн ой-жүгүртүүлөр колдонулат.

**Баа берүүдөгү белгисиздикти шарттаган булактар**

***Продукттун/рыноктун ар бир тиби үчүн болжолдуу сценарийлердин санын жана салыштырма салмагын аныктоо жана ар бир сценарийге тиешелүү болжолдуу маалыматты аныктоо.*** Кредиттик жоготуулар деңгээлин өлчөөдө Улуттук банк негиздүү болжолдуу маалыматтарды колдонот, ал ар кандай экономикалык факторлордун келечекте орун алышы боюнча божомолдорго жана бул факторлордун бири-бирине тийгизген таасирине негизделген.

***Дефолттун келип чыгуу ыктымалдуулугу.*** Дефолтко учуроо ыктымалдуулугу кредиттик жоготуулардын деңгээлин өлчөөдө негизги белги болуп саналат. Дефолттун келип чыгышы ыктымалдуулугу – берилген убакыт мейкининде баа берүү, эсептерде тарыхый маалыматтар, келечектеги шарттар боюнча божомолдор жана күтүүлөр камтылат.

***Дефолт келип чыккан учурдагы жоготуулар.*** Дефолт учурундагы жоготуулар дефолт учурунда келип чыккан чыгымдарды баалоону түшүндүрөт. Ал, камсыздоодон акча агымдарын эске алуу менен келишимде каралган акча агымдары менен кредитор алууга ниеттенген акча агымдарынын ортосундагы айырмага негизделген.

***Адилет наркына баа берүү.*** Финансылык активдин же милдеттенменин адилет наркына баа берүүдө Улуттук банк рынокто байкоого алынган маалыматтарды алардын жеткиликтүүлүгүнө жараша колдонот. Эгерде адилет наркына баа берүү баскычы боюнча 1-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар (30-эскертүү) жок болсо, Улуттук банк өз финансылык инструменттеринин адилет наркын аныктоо үчүн баа берүүнүн моделин колдонот.

# 6 АЛТЫН

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| **Алтын** | | |
| Чет өлкө банктарындагы депозиттердеги жана куйма түрүндөгү алтын | 48 833 361 | 32 151 881 |
| | **48 833 361** | **32 151 881** |

Алтын чет өлкө банктарында депозит түрүндө жана Лондон баалуу металлдар рыногунун ассоциациясы тарабынан кабыл алынган стандарттарга ылайык келген алтын куймалар түрүндө жайгаштырылат.

**Алтындын чет өлкө банктарындагы эсептерде концентрацияланышы**

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банк алтынды АА- жана А+ деңгээлиндеги кредиттик рейтингге ээ чет өлкө банктарындагы депозиттерде жайгаштырган.

# 7 КАССАДАГЫ, БАНКТАРДАГЫ ЖАНА БАШКА ФИНАНСЫЛЫК МЕКЕМЕЛЕРДЕГИ КАРАЖАТТАР

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| **Чет өлкө банктарындагы жана башка финансылык мекемелердеги эсептер жана депозиттер** | | |
| **Чет өлкө банктарындагы “ностро” эсептери** | | |
| - ААА кредиттик рейтинги менен | 28 395 023 | 28 790 991 |
| - А- дан АА+ чейинки кредиттик рейтинги менен | 7 188 325 | 6 597 621 |
| - В дан ВВВ чейинки кредиттик рейтинги менен | 950 758 | 793 277 |
| **Жыйынтыгында, чет өлкө банктарындагы “ностро” эсептери** | **36 534 106** | **31 181 889** |
| Нарксызданууга кам | (5 656) | (5 510) |
| | **36 528 450** | **31 176 359** |
| **Чет өлкө банктарындагы мөөнөттүү депозиттер** | | |
| - АА- дан АА+ чейинки кредиттик рейтинги менен | 16 739 443 | 21 583 658 |
| - А- дан А+ чейинки кредиттик рейтинги менен | 15 066 039 | 15 537 795 |
| - кредиттик рейтинг ыйгарылбаган | 255 424 | 269 932 |
| **Жыйынтыгында, чет өлкө банктарындагы мөөнөттүү депозиттер** | **32 060 906** | **37 391 385** |
| Нарксызданууга кам | (257 336) | (272 624) |
| | **31 803 570** | **37 118 761** |
| Эл аралык валюта фондусундагы (ЭВФ) эсеп | 10 261 522 | 9 551 340 |
| Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы эсептер | | |
| - Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы “ностро” эсептери | 3 442 789 | 2 765 800 |
| - Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы мөөнөттүү депозит | 3 395 668 | 2 526 706 |
| **Жыйынтыгында, эл аралык финансылык мекемелердеги эсептер** | **17 099 979** | **14 843 846** |
| Нарксызданууга кам | (2) | (3) |
| | **17 099 977** | **14 843 843** |
| Кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттары | 1 458 958 | 1 464 192 |
| **Жыйынтыгында, кассадагы, банктардагы жана башка финансылык мекемелердеги каражаттар** | **86 890 955** | **84 603 175** |

# 7 КАССАДАГЫ, БАНКТАРДАГЫ ЖАНА БАШКА ФИНАНСЫЛЫК МЕКЕМЕЛЕРДЕГИ КАРАЖАТТАР (УЛАНДЫСЫ)

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банк кредиттик рейтинг ыйгарылбаган чет өлкө банкында тиешелүүлүгүнө жараша, 255 424 миң сом жана 269 932 миң сом өлчөмүндөгү нарксызданган мөөнөттүү депозитке кам түзгөн.

**Каражаттардын банктарда жана башка финансылык мекемелерде концентрацияланышы**

2019-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банк, ААAдан А- чейинки кредиттик рейтингге ээ сегиз банкта жана башка финансылык мекемелерде (2018-жылы: ААAдан А- чейинки кредиттик рейтинги менен он банкта жана башка финансылык мекемелерде) эсептер боюнча калдыктарга ээ, алардын суммасы өз-өзүнчө өздүк капиталдын 10 пайызынан ашат. Ушул калдыктардын чогуу алгандагы көлөмү 2019-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча 72 277 926 миң сомду (2018-жылы: 74 674 626 миң сом) түзгөн.

Нарксыздануудан түзүлгөн камдын жылышы 23-эскертүүдө чечмеленген.

**Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери**

Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери, акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчеттун максаттарында төмөнкүлөрдү камтыйт:

| | **2019-жылдын 31-декабры** | **2018-жылдын 31-декабры** |
|---|---|---|
| Чет өлкө банктарындагы “ностро” эсептери | 36 534 106 | 31 181 889 |
| Эл аралык валюта фондусундагы эсептер | 10 261 522 | 9 551 340 |
| Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы “ностро” эсеби | 3 442 789 | 2 765 800 |
| Кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттары | 1 458 958 | 1 464 192 |
| **Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчеттогу акча каражаттары жана алардын эквиваленттери** | **51 697 375** | **44 963 221** |

Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери мөөнөтү өткөрүлгөн болуп саналбайт.

# 8 БАНКТАРГА ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК УЮМДАРГА БЕРИЛГЕН КРЕДИТТЕР

| | **2019-жылдын 31-декабры** | **2018-жылдын 31-декабры** |
|---|---|---|
| Коммерциялык банктарга-резиденттерге берилген кредиттер | 5 158 374 | 7 921 549 |
| Эл аралык уюмдарга берилген кредиттер | 2 550 682 | 2 250 704 |
| | **7 709 056** | **10 172 253** |
| Нарксыздануга кам | (176 363) | (292 819) |
| **Нарксыздануга камды эсептен алып салгандан кийинки кредиттин суммасы** | **7 532 693** | **9 879 434** |

Нарксыздануудан түзүлгөн камдын жылышы 23-эскертүүдө чечмеленген.

# 8 БАНКТАРГА ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК УЮМДАРГА БЕРИЛГЕН КРЕДИТТЕР (УЛАНДЫСЫ)

**Камсыздоолорго жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөр**

Кийинки таблицада коммерциялык банктарга-резиденттерге жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттердин камсыздоосу катары колдонулган күрөөлөр жөнүндө маалыматтар, үстөк камсыздоонун таасирин алып салуу менен, 2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча камсыздоо түрүнө жараша чагылдырылган.

| | 2019-жылдын 31-декабры | Кредит портфелинен үлүш, % | 2018-жылдын 31-декабры | Кредит портфелинен үлүш, % |
|---|---|---|---|---|
| Чет өлкө валютасындагы депозиттер | 2 740 578 | 36 | 3 116 180 | 32 |
| Кардарларга берилген кредиттер | 2 584 305 | 34 | 4 369 958 | 44 |
| Мамлекеттик баалуу кагаздар | 2 097 016 | 28 | 1 901 102 | 19 |
| Кыймылсыз мүлк | 110 794 | 2 | 492 194 | 5 |
| | **7 532 693** | **100** | **9 879 434** | **100** |

Жогорку таблицада чагылдырылган суммалар, кредиттердин баланстык наркын түшүндүрөт жана милдеттүү түрдө камсыздоолордун адилет наркын чагылдырбайт. Камсыздоолордун адилет наркы кредит берилген күнгө карата бааланган жана отчеттук күнгө чейинки андан аркы өзгөрүүлөр боюнча корректировкаланган эмес. Мындай кредиттердин ордун жабуу мүмкүнчүлүгү камсыздоо наркынан эмес, негизинен карыз алуучулардын кредитти төлөө жөндөмдүүлүгүнө жараша болот.

**Берилген кредиттердин концентрацияланышы**

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банк калдыгы өздүк капиталдын 10 пайызынан ашкан коммерциялык банктарга берилген кредиттерге ээ эмес.

# 9 БАШКА ЖЫЙЫНДЫ КИРЕШЕ АРКЫЛУУ АДИЛЕТ НАРКЫ БОЮНЧА БААЛАНГАН ИНВЕСТИЦИЯЛАР

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| **Карыздык инструменттер** | | |
| **Мамлекеттик баалуу кагаздар** | | |
| Канада Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 3 150 377 | 3 031 230 |
| Улуу Британия Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 1 273 293 | 2 115 554 |
| Корея Республикасынын казына милдеттенмелери | 598 533 | 1 069 157 |
| АКШнын казына милеттенмелери | 351 226 | 348 651 |
| Австралия Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | - | 2 705 769 |
| Россия Федерациясынын казына милдеттенмелери | - | 70 877 |
| **Жыйынтыгында, мамлекеттик баалуу кагаздар** | **5 373 429** | **9 341 238** |
| Эл аралык финансылык мекемелердин карыздык баалуу кагаздары | 21 366 444 | 22 546 486 |
| ААдан АААга чейинки кредиттик рейтингге ээ агенттик баалуу кагаздар | 6 243 283 | 1 744 520 |
| **Жыйынтыгында, карыздык инструменттер** | **32 983 156** | **33 632 244** |

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча башка жыйынды киреше аркылуу адилет наркы боюнча бааланган инвестициялар мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген болуп саналбайт.



# 10 АМОРТИЗАЦИЯЛАНГАН НАРКЫ БОЮНЧА БААЛАНГАН ИНВЕСТИЦИЯЛАР

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына милдеттенмелери | 127 014 | 189 485 |
| Нарксызданууга кам | (1 962) | (3 061) |
| | **125 052** | **186 424** |

Нарксыздануудан түзүлгөн камдын жылышы 23-эскертүүдө чечмеленген.

# 11 ТУУНДУ ЖАНА АССОЦИАЦИЯЛАНГАН УЮМДАРГА ИНВЕСТИЦИЯЛАР

Туунду жана ассоциацияланган уюмдарга инвестициялардын жылышын төмөнкүдөй чагылдырууга болот:

| | Баланстык наркы |
|---|---|
| **2017-жылдын 31-декабры** | **185 079** |
| Сатып алуулар | 578 000 |
| **2018-жылдын 31-декабры** | **763 079** |
| Туунду уюмдун акцияларын сатып алуу | 3 216 575 |
| Ассоциацияланган уюмдун акцияларын сатып алуу | 550 000 |
| Ассоциацияланган уюмдардын пайдасындагы үлүш | 140 100 |
| **2019-жылдын 31-декабры** | **4 669 754** |

| Туунду жана ассоциацияланган уюмдарга инвестициялар | Иштин түрү | Ээлик кылуу үлүшү, % | 2019-жылдын 31-декабры | Ээлик кылуу үлүшү, % | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|---|---|---|
| "Керемет Банк" ААК (2018:"Россия Инвестициялык банкы" ААК | Банктык кызмат көрсөтүүлөр | 95,07 | 3 794 575 | 71,66 | 578 000 |
| "Кыргыз инкассациясы" ЖАК | Баалуулуктарды ташуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр | 100,00 | 62 000 | 100,00 | 62 000 |
| "Кепилдик фонд" ААК | Гарантияларды берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр | 48,59 | 564 999 | - | - |
| "Банктар аралык процессинг борбору" ЖАК | Процессинг кызмат көрсөтүүлөрү | 46,71 | 248 180 | 46,71 | 123 079 |
| | | | **4 669 754** | | **763 079** |

Улуттук банктын бардык туунду жана ассоциацияланган уюмдары катталган жана алар өз ишин Кыргыз Республикасында жүргүзөт.

2019-жылдын 18-январында Улуттук банк 216 575 миң суммасында 2 165 745 даана көлөмүндө "Керемет Банк" ААКтын ("Россия Инвестициялык банкы" ААК) кошумча жайгаштырылган акцияларын төлөгөн, бул 2018-жылы 500 000 миң сом суммасында төлөнгөн акча каражаттарын эске алып, кошумча эмиссияда катышуу 716 575 миң сомду түзүү менен Улуттук банктын ээлик кылуу үлүшүн 85,21 пайызга чейин көбөйткөн.

2019-жылдын 24-майында Улуттук банк туунду банктын ишин чыңдоонун алкагында, анын уставдык капиталында өз үлүшүн көбөйткөн. "Керемет Банк" ААКтын ("Россия Инвестициялык банкы" ААК) 3 000 000 миң сом суммасында жөнөкөй жеке таандык акцияларынын алтынчы чыгарылышынын жыйынтыгында Улуттук банктын үлүшү 95,07 пайызды түзгөн.

Улуттук банк 2019-жылдын 12-июлунда "Кепилдик фонд" ААКтын капиталында катышуу тууралуу чечим кабыл алган. Бул чечимге ылайык Улуттук банк тарабынан 550 000 миң сом өлчөмүндө аталган фонддун кошумча 4-эмиссиясынын акциялары сатылып алынган. Акцияларды сатып алуунун жыйынтыгында Улуттук банктын "Кепилдик фонд" ААКтын уставдык капиталындагы үлүшү 48,59 пайызды түзгөн.

## 12 НЕГИЗГИ КАРАЖАТТАР

| | Жер, имарат жана курулмалар | Эмерек жана жабдуулар | Компьютердик жабдуулар | Транспорт каражаттары | Бүтө элек курулуш/ орнотуу үчүн каралган жабдуулар | Жыйынты-гында |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Баштапкы нарк*** | | | | | | |
| 2019-жылдын 1-январына карата калдык | **713 987** | **335 180** | **899 628** | **75 045** | **356 090** | **2 379 930** |
| Сатып алуулар | 10 389 | 22 705 | 6 538 | 8 638 | 310 026 | 358 296 |
| Колдонуудан калгандар | (5 353) | (28 783) | (19 620) | (13 773) | - | (67 529) |
| Ордунан которулгандар | 12 121 | 284 010 | 3 797 | - | (299 928) | - |
| Жылдыруу | - | - | (124 313) | - | (3 615) | (127 928) |
| **2019-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **731 144** | **613 112** | **766 030** | **69 910** | **362 573** | **2 542 769** |
| ***Амортизация*** | | | | | | |
| 2019-жылдын 1-январына карата калдык | **(122 258)** | **(163 906)** | **(348 502)** | **(37 940)** | **-** | **(672 606)** |
| Жыл ичинде чегерилгендер | (11 385) | (44 775) | (115 652) | (9 569) | - | (181 381) |
| Колдонуудан калгандар | 800 | 28 298 | 19 620 | 13 773 | - | 62 491 |
| Жылдыруу | - | - | 46 035 | - | - | 46 035 |
| **2019-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **(132 843)** | **(180 383)** | **(398 499)** | **(33 736)** | **-** | **(745 461)** |
| ***Балanстык наркы*** | | | | | | |
| **2019-жылдын 31-декабрына карата** | **598 301** | **432 729** | **367 531** | **36 174** | **362 573** | **1 797 308** |

2019-жыл ичинде 127 928 миң сом суммасындагы баштапкы наркы менен жана 46 035 миң сом суммасындагы топтолгон амортизация менен негизги каражаттар материалдык эмес активдерге которулган.

Негизги каражаттар объектилерин сатып алууга же курууга байланыштуу насыялар (займ) боюнча капиталдаштырылган сарптоолор 2019 жана 2018-жылдар ичинде болгон эмес.

## 12 НЕГИЗГИ КАРАЖАТТАР (УЛАНДЫСЫ)

| | Жер, имарат жана курулмалар | Эмерек жана жабдуулар | Компьютердик жабдуулар | Транспорт каражаттары | Бүтө элек курулуш/ орнотуу үчүн каралган жабдуулар | Жыйынты-гында |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Баштапкы нарк*** | | | | | | |
| 2018-жылдын 1-январына карата калдык | **632 585** | **312 215** | **868 576** | **75 045** | **349 398** | **2 237 819** |
| Сатып алуулар | 69 653 | 16 783 | 32 385 | - | 30 152 | 148 973 |
| Колдонуудан калгандар | (487) | (4 677) | (1 333) | - | (9) | (6 506) |
| Ордунан которулгандар | 12 236 | 10 859 | - | - | (23 095) | - |
| Жылдыруу | - | - | - | - | (356) | (356) |
| **2018-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **713 987** | **335 180** | **899 628** | **75 045** | **356 090** | **2 379 930** |
| | | | | | | |
| ***Амортизация*** | | | | | | |
| 2018-жылдын 1-январына карата калдык | **(110 768)** | **(126 896)** | **(231 171)** | **(27 625)** | **-** | **(496 460)** |
| Жыл ичинде чегерилгендер | (11 691) | (41 564) | (118 661) | (10 315) | - | (182 231) |
| Колдонуудан калгандар | 201 | 4 554 | 1 330 | - | - | 6 085 |
| **2018-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **(122 258)** | **(163 906)** | **(348 502)** | **(37 940)** | **-** | **(672 606)** |
| | | | | | | |
| ***Балanстык наркы*** | | | | | | |
| **2018-жылдын 31-декабрына карата** | **591 729** | **171 274** | **551 126** | **37 105** | **356 090** | **1 707 324** |

2018-жыл ичинде 356 миң сом суммасындагы негизги каражаттар материалдык эмес активдерге которулган.

МАЗМУНУ

## 13 МОНЕТАРДЫК ЭМЕС АЛТЫН ЖАНА АЛТЫН ТҮРҮНДӨГҮ ЗАПАСТАР

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Монетардык эмес алтын | 3 554 792 | 320 943 |
| Алтын түрүндөгү запастар | 3 172 449 | - |
| | **6 727 241** | **320 943** |

Улуттук банк тарабынан 2019-жыл ичинде баалуу металлдар ички рыногун өнүктүрүү келечегинин алкагында банктын запастарын түптөө максатында эл аралык камдын курамына кирбеген алтынды сатып алуу боюнча операциялар ишке ашырылган. Монетардык эмес алтын жана алтын түрүндөгү запастар Улуттук банктын активдүү инвестициялык операцияларына катышпайт жана Улуттук банктын алтын түрүндөгү инвестициялык активдерине кирбейт.

## 14 БАШКА АКТИВДЕР

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Дебитордук карыз | 368 429 | 318 600 |
| Нарксызданууга кам | (41 277) | (19 161) |
| **Жыйынтыгында, башка финансылык активдер** | **327 152** | **299 439** |
| | | |
| Запастар | 480 986 | 613 446 |
| Берилген авансттар | 97 998 | 20 131 |
| Нумизматикалык баалуулуктар | 97 296 | 100 605 |
| Башкалар | 7 435 | 7 053 |
| **Жыйынтыгында, финансылык эмес башка активдер** | **683 715** | **741 235** |
| | **1 010 867** | **1040 674** |

Нарксыздануудан түзүлгөн камдын жылышы 23-эскертүүдө чечмеленген.

## 15 ЖҮГҮРТҮҮДӨГҮ БАНКНОТТОР ЖАНА МОНЕТАЛАР

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча жүгүртүүдөгү банкнотторго жана моненталарга төмөнкүлөр камтылган:

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 108 174 429 | 95 499 154 |
| Жүгүртүү кассасындагы банкнотторду жана монеталарды алып салуу менен | (1 929 675) | (1 933 020) |
| | **106 244 754** | **93 566 134** |

Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар дегенден улам, калктын колундагы жана уюмдардагы жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын номиналдык наркын түшүнүү зарыл.

## 16 БАНКТАРДЫН ЖАНА БАШКА ФИНАНСЫЛЫК МЕКЕМЕЛЕРДИН КАРАЖАТТАРЫ

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Коммерциялык банктардын эсептери | 18 823 540 | 15 860 434 |
| Башка финансылык мекемелердин эсептери | 3 056 457 | 2 841 343 |
| | **21 879 997** | **18 701 777** |

2019-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банкта эки коммерциялык банктын эсептери боюнча калдыгы бар, ал өздүк капиталдын 10 пайызынан ашат (2018-жылы: үч коммерциялык банк жана бир финансылык мекеме). Бул калдыктардын чогуу алгандагы көлөмү 2019-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча 6 391 035 миң сомду (2018-жылдын 31-декабрына карата: 10 561 757 миң сом) түзөт.

## 17 КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН КАРАЖАТТАРЫ

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттарына Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин эсептери кирет.

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2020-жылдын 31-декабры1 |
|---|---|---|
| Чет өлкө валютасында | 12 067 219 | 1 172 333 |
| Улуттук валютада | 4 965 935 | 11 296 232 |
| | **17 033 154** | **12 468 565** |

## 18 ЧЫГАРЫЛГАН КАРЫЗДЫК БААЛУУ КАГАЗДАР

2019 жана 2018-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча чыгарылган карыздык баалуу кагаздарга төмөнкүдөй төлөө мөөнөтүнө жана баланстык наркына ээ баалуу кагаздар кирет:

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 14 күн болгон ноталары | 3 896 726 | 311 738 |
| Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 28 күн болгон ноталары | 3 599 202 | 765 098 |
| Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 91 күн болгон ноталары | 552 573 | 5 359 690 |
| Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 182 күн болгон ноталары | - | 1 555 746 |
| | **8 048 501** | **7 992 272** |

Улуттук банктын ноталары Улуттук банктын Автоматташтырылган тоорук системасы аркылуу жайгаштырылат, анын катышуучуларынан болуп Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары саналат.

# 19 АЛЫНГАН КРЕДИТТЕР

Улуттук банк 2019-жыл ичинде жаңы кредиттерди тарткан эмес. 2018-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча алынган кредиттердин мөөнөттөрү жана шарттары төмөндө чагылдырылган:

| Эмитент | Валютасы | Пайыздык чен | Берилген күнү | Төлөө күнү | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ЭВФ, ESF (Тышкы таасирлерге каршы чара көрүү механизми) | АКУ | 0% | 2008-жылдын 24-декабры | 2019-жылдын 7-июну | - | 161 268 |
| Чегерилген пайыздар | АКШ доллары | | | | - | 10 654 |
| | | | | | | **171 922** |

Тышкы таасирлерге каршы чара көрүү механизминин (ESF) алкагында карыз алуулар АКУ (СПЗ) түрүндө туюндурулуп, Кыргыз Республикасынын бийлигинин белгилүү бир тышкы таасирлерди четтетүүгө багытталган аракеттерин колдоо үчүн берилет. Кредит нөлдүк пайыздык ченге ээ жана 2016-жылдын 3-октябрында ЭВФтин Аткаруучу кеңеши пайыздарды төлөөдөн бошотууну 2018-жылдын акырына чейин узарткан. Бул шарт дүйнө жүзү боюнча ESF алкагында кредит алуучулар үчүн жарыяланган. 2019-жылдын 7-июнунда кредиттин орду толугу менен жабылган.

Кийинки таблицада Улуттук банктын финансылык ишинин натыйжасында келип чыккан милдеттенмелериндеги өзгөрүүлөр, анын ичинде акча агымдары менен шартталган өзгөрүүлөр сыяктуу эле, акчага байланышпаган өзгөрүүлөр жөнүндө маалыматтар сунушталган. Финансылык иштин натыйжасында келип чыккан милдеттенмелер дегенден улам, Улуттук банктын акча каражаттарынын жылышы жөнүндө өзүнчө отчетто чагылдырылган же чагылдырыла турган, финансылык иштен түшкөн акча каражаттары агымынын курамындагы милдеттенмелерди, акча агымдарын түшүнүүгө болот.

| | | | Акчага байланышпаган өзгөрүүлөр | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 2019-жылдын 1-январы | Финансылык иштен түшкөн акча каражаттарынын жылышы (i) | Чет өлкө валютасынын курсун корректировкалоо | Башка өзгөрүүлөр(ii) | 2019-жылдын 31-декабры |
| Алынган кредиттер | 171 922 | (160 155) | (1113) | (10 654) | - |
| | **171 922** | **(160 155)** | **(1113)** | **(10 654)** | **-** |

## 19 АЛЫНГАН КРЕДИТТЕР (УЛАНДЫСЫ)

| | 2018-жылдын 1-январы | Финансылык иштен түшкөн акча каражаттарынын жылышы (i) | Акчага байланышпаган өзгөрүүлөр: Чет өлкө валютасынын курсун коррек-тировкалоо | Акчага байланышпаган өзгөрүүлөр: Башка өзгөрүүлөр (ii) | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|---|---|---|
| Алынган кредиттер | 925 499 | (742 956) | (10 775) | 154 | 171 922 |
| | **925 499** | **(742 956)** | **(10 775)** | **154** | **171 922** |

(i) Алынган кредиттерден акча агымдары акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчетто карыз алуулардан жана карыз алуулардын ордун жабуудан түшүүлөрдүн таза суммасын түзөт.

(ii) Башка өзгөрүүлөр өзүндө пайыздар боюнча чегерүүлөрдү жана төлөөлөрдү камтыйт.

## 20 ЭВФТЕН БӨЛҮШТҮРҮҮ ТАРТИБИНДЕ АЛЫНГАН АКУ БОЮНЧА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР

| | 2019-жылдын 31-декабры | 2018-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | 8 146 676 | 8 222 162 |

АКУну (СПЗ) бөлүштүрүү, алардын суммасын ЭВФ мүчөлөрүнүн ортосунда анын чечими боюнча шартсыз бөлүштүрүү саналат. АКУну жалпы бөлүштүрүү 2009-жылдын 28-августунда күчүнө кирген. Мындай бөлүштүрүү глобалдуу финансылык каатчылыкка каршы жамааттык монетардык жооп болуп саналат, ал ликвиддүүлүк проблемасын башынан кечирип жаткан өлкөлөргө шарттар менен чектелбеген олуттуу финансылык ресурстарды берүү аркылуу ишке ашырылат. Бул ресурстар жөнгө салууга муктаждыкты азайтууга жана экономикалык өнүгүү саясатынын мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө, ошондой эле ЭВФке мүчө өлкөлөрдүн валюталык запасын толуктоо аркылуу глобалдуу экономикалык системанын ликвиддүүлүгүн камсыз кылууга каралган. ЭВФке мүчө өлкөлөрдүн арасында АКУну жалпы бөлүштүрүү алардын ЭВФтеги квотасына пропорционалдуу негизде жүзөгө ашырылган (28-эскертүү). Мындан тышкары, 2009-жылдын 10-августунда глобалдуу ликвиддүүлүктү жогорулатуу максатында, АКУну бир жолу атайын бөлүштүрүүнү караган, ЭВФтин Келишимдер статьясына төртүнчү түзөтүү күчүнө кирген. Ушул түзөтүүгө ылайык, Кыргыз Республикасын кошо алганда, ЭВФке мүчө өлкөлөргө атайын бөлүштүрүү 2009-жылдын 9-сентябрында ишке ашырылган. Мүчө өлкөлөр жана АКУга ээлик кылуучулар аларды ЭВФ менен операцияларды жүргүзүү үчүн колдонушу мүмкүн. Кыргыз Республикасы 84 737 миң АКУ өлчөмүндө бөлүштүрүлгөн каражатты пайдалануу укугуна ээ болгон. 2019 жана 2018-жылдары бул механизм колдонулган эмес. Анын пайыздык чени жума сайын ЭВФ тарабынан аныкталат жана ал бүткүл дүйнө боюнча бөлүштүрүлгөн АКУну алуучулар үчүн бирдей болуп саналат.

# 20 ЭВФТЕН БӨЛҮШТҮРҮҮ ТАРТИБИНДЕ АЛЫНГАН АКУ (СПЗ) БОЮНЧА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР (УЛАНДЫСЫ)

Кийинки таблицада Улуттук банктын финансылык иштин натыйжасында келип чыккан милдеттенмелериндеги өзгөрүүлөр, анын ичинде акча агымдары менен шартталган өзгөрүүлөр сыяктуу эле, акчага байланышпаган өзгөрүүлөр да сунушталган. Финансылык иштин натыйжасында келип чыккан милдеттенмелер дегенден улам, Улуттук банктын акча каражаттарынын жылышы жөнүндө өзүнчө отчетто чагылдырылган же чагылдырыла турган, финансылык иштен түшкөн акча каражаттарынын агымынын курамындагы милдеттенмелерди, акча агымдарын түшүнүүгө болот.

| | | | Акчага байланышпаган өзгөрүүлөр | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 2019-жылдын 1-январы | Финансылык иштен түшкөн акча каражаттарынын жылышы (i) | Чет өлкө валютасынын курсун корректировкалоо | Башка өзгөрүүлөр (ii) | 2019-жылдын 31-декабры |
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | 8 222 162 | - | (71 340) | (4 146) | 8 146 676 |
| | **8 222 162** | **-** | **(71 340)** | **(4 146)** | **8 146 676** |

| | | | Акчага байланышпаган өзгөрүүлөр | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 2018-жылдын 1-январы | Финансылык иштен түшкөн акча каражаттарынын жылышы (i) | Чет өлкө валютасынын курсун корректировкалоо | Башка өзгөрүүлөр (ii) | 2018-жылдын 31-декабры |
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер | 8 311 236 | - | (93 872) | 4 798 | 8 222 162 |
| | **8 311 236** | **-** | **(93 872)** | **4 798** | **8 222 162** |

(i) Насыяларды ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелерден акча агымдары акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчетто карыз алуулардан жана карыз алуулардын ордун жабуудан түшүүлөрдүн таза суммасын түзөт.

(ii) Башка өзгөрүүлөр пайыздар боюнча чегерүүлөрдү жана төлөөлөрдү өзүнө камтыйт.

# 21 УСТАВДЫК КАПИТАЛ

**Төлөнгөн капитал**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" мыйзамына ылайык, Улуттук банктын уставдык капиталы 2 000 000 миң сомду түзөт.

**Мамлекеттик бюджетке чегерүүлөр жана милдеттүү кам**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" мыйзамына ылайык Улуттук банктын пайдасы төмөнкүдөй бөлүштүрүлөт:

